www.bizdin.kg электрондук китепканасы

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясы

# Мундук, Зарлык
# Кыз Дарыйка
# Нарикбай

11

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES OF KYRGHYZ REPUBLIK

NATIONAL CENTRE OF MANAS STUDIES AND ARTISTIC CULTURE

THE «MEERIM» INTERNATIONAL CHARITABLE FOUNDATION
FOR SUPPORT OF CHILHOOD AND MATERNITY

# MUNDUK, ZARLYK
# KYZ DARIKA
# NARIKBAY

THE 11-TH VOLUME
OF «EL ADABIATY» (PEOPLES'S LITERATURE) SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:
АЙТМАТОВ Ч. Т. — башкы редактор
АКАЕВА М. Д.
АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактордун орун басары.
ЖАЙНАКОВА А.
ИШИМКАНОВ К. К.
КАКЕЕВ А. Ч.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К. К.
МУСАЕВ С. М.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө .

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК
ФОНДУСУ

# МУҢДУК, ЗАРЛЫК
# КЫЗ ДАРЫЙКА
# НАРИКБАЙ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫНЫН
11-ТОМУ

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакдиясы астында

Түзгөн жана баш сөздөрүн жазган — филология
илимдеринин кандидаты ГҮЛБАРА ОРОЗОВА

Бишкек
«Шам» басмасы, 2002

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

ББК 82.3 (2 Ки)
М—95

М—95 **Муңдук, Зарлык. Кыз Дарыйка. Нарикбай:**
поэмалар; /А. Акматалиевдин ред. астында. Түз.
ж-а баш сөздөрүн жазган Г. Орозова; Кырг.
Улут. И. А. ж. б. —Б.: Шам, 2002—448 б. —
(«Эл адабияты»).

ISBN 5-7499-0124-6

Түрк элдери фольклордук чыгармаларга өтө бай. Алардын түпкү башаты бир болуп, өз ара карым-катышынын натыйжасында көркөм мурасы да бири-бирине жуурулушуп, үндөшүп, орток чыгармаларга айлангандыгы маалым. Мында жарыяланып жаткан «Муңдук, Зарлык», «Кыз Дарыйка», «Нарикбай» поэмалары түрк элдерине орток чыгарма болуп, кыргыз арасына кеңири жайылып, элдик дастандардын катарын байытып, жалпы элдик идеалды даңазалаган поэтикалык чыгармалар катары таанылат.

М $\frac{4702300500}{М\ 455(11)-2002}$ 126 – 2002 ББК 82.3 (2 Ки)

Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Рецензенттер: — филология илимдеринин кандидаттары —
Батма КЕБЕКОВА, Абдыкерим АБДЫРАЗАКОВ

© Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
© Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусу.
ISBN 5-7499-0124-6
© «Шам» басмасы 2002.

# «КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНЫН АЙТЫЛЫШ, ТАРАЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Орто Азия элдерине чыгыш адабиятынан келген ашыктык, эпикалык, баатырдык сыпаттагы поэма, дастандар кисса деген ат менен тараган. Булар негизинен XIX кылымдын акыры XX кылымдын башында Казан, Уфа шаарларында татар, каракалпак, ногой, казак тилдеринде басылып чыккан. Китептин саны аз болгондуктан, алгач кат тааныган сабаттуу адамдар окуп, андан ооздон-оозго тарап, акындар бул сюжеттерди өздөрүнүн алымча кошумчалары менен ырдап эл арасына жайылткан.

«Эл адабияты» сериясына жарыяланып жаткан «Кыз Дарыйка» поэмасы ушундай жол менен таралган элдик көркөм чыгарма. Сюжет Дарыйка аттуу балбан кыздын айланасындагы окуялардан курулган. Баатыр кыздар жөнүндөгү традициялуу сюжеттер, легендалар дүйнө элдеринин фольклорунда көп кездешет. Ал сюжеттер ар бир элдин өзүнүн тарыхын, элдик идеясын чагылдырып, ошол окуя жаралган доор чындыгынын учкундарын сактап келет.

Француздардын дүйнөгө аты тараган Жанна д'Арк, финдердин «Калеваласында» Похьела, чехтердин эпосундагы мифтик каарман Кроктун кызы Любаша[1], каракалпак эпосу «Кырк кызда» Гүлайым, кыргыз фольклорунда Жаңыл Мырза, Кыз Сайкал, Каныкей, Кыз Дарыйка, Гүлгаакы сыяктуу баатыр, балбан кыздардын көркөм образдарын мисалга алсак болот.

«Эпическая поэзия, всегда верная действительности, не оставляет этих сверхъестественных героинь в туманном ореоле их божественного величия, но придает им краски народного быта, изображая в них то суровые нравы эпохи, то нежные качества женственной натуры. Поэтому эти героини, вознесенные над обыкновенными смертными, со страшною физическою силою и с вещею мудростыо, возбуждающею благоговение, сердца, преданность супружеской привязанности»[2].

Албетте, бардык элдердин фольклорундагы аялдардын образын бир кылкада карап, окшош деп айтууга кыйын. Ар бир элдин өзүнүн тарыхына, жашоо шартына, улуттук көз карашына дүйнө таануусуна, салтына, ал эмес диний ишенимине жараша фольклордук көркөм образдар жаралып, алардын формасы да мазмуну да ар түрдүү болушу закондуу көрүнүш.

«...Образы таких женщин-воительниц, участниц героической обороны, генетически восходят к тем амазонкам, которые в древности реально существовали у народов Средней Азии».

Демек, күч кубаты, акыл эси өзгөчө жаралып, элдин сынынан өтүп, ишенимине ээ болуп, журт ээси даражасына жеткен кыздар тарыхта болгон. Ал эми алар жөнүндөгү көркөм образдарды түзүүдө ар бир айтуучу өзүнүн вариантын түзүп бири-биринен кандайдыр бир деңгээлде өзгөчөлөнүп, өзүнүн көз карашын, мезгилдин духун берүүгө аракет кылат.

Кыргыз Илимдер Улуттук Академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун кол жазмалар фондусунда «Кыз Дарыйка» поэмасынын сегиз кол жазмасы бар.

1. Залкар комузчу Карамолдо Орозовдун айтуусунда Кыдык Сулайманов 1941-жылы жазып өткөргөн вариант. Латын арибинде. Көлөмү 1,5 басма табак. Инв. 33.
2. Канкелдиев Маамыттан (Ысык-Көл району, КараОй айылы) 1964-жылы 22-июлда жазылып алынган. М. Канкелдиев «Кыз Дарыйка» поэмасын К. Орозов менен Чалагыз Иманкуловдон үйрөнгөнүн эскерет. Көлөмү кол жазмада 12 бет. Инв. 534. № 1 дептер.
3. Жантаев Кадыракундан (Ысык-Көл району, Маман айылы) институттун кызматкерлери жазып алган. Окуянын башы жок. Ыр менен кара сөз

[1] Буслаев Ф. Русский богатырский эпос. 1974 с. 21.
[2] Геродот. История в девяти книгах. С. 216.

аралаш. Поэманын казакча китеп болуп чыккан алгачкы вариантына жакын. Көлөмү 9 бет машинкада басылган. Инв. 526.

4. Жамаш Сокубашевден (Чүй району) 1969-жылы жазылып алынган. Мында жомоктук формада кара сөз менен айтылган. Кыска, 10 бет кол жазма. Инв. 555.
5. Кадыркул Алиманов (Талас өрөөнү) 1974-жылы жазып тапшырган. 12 басма табак көлөмүндө машинкада басылган. Инв. 639.
6. Мамажан Зулпуевден (Ош областы, Ленин району) 1982-жылы жазылып алынган. 652 сап ыр. Инв. 601.
7. Кайыр Мукашеванын (Талас, Ленинполь району, Миң-Булак айылы) 1990-жылы фондуга тапшырган кол жазмаларынын ичинде. Автор поэманы «Белек» деп атаган. Каармандардын да аттары өзгөртүлгөн. Себебин «динге болгон мамилеге жараша» деп түшүндүрөт. Поэма башка кол жазмалардан айырмаланбайт. Кара сөз менен ыр аралаш жазылган. Окуя өтө кыска баяндалган. Кол жазма 10 бет көлөмүндө. Инв. 837.
8. Качканак Салибаевдин (Жалал-Абад областы, Чаткал району, Айгыр-Жол айылы) жазып берген варианты. 2 басма табак көлөмүндө. Машинкада басылган. Инв. 865.

Булардан сырткары Карамолдо Орозовдун «Кыз Дарыйка» поэмасынын экинчи нускасын журналист, акын Кемел Белеков «Кыргыз маданияты» газетине 1990-жылы (март, № 8, № 15) жарыялаган. Бардыгы 942 сап ыр.

1996-жылы Нургазиев Осмонбеттин (Нарын областы, Ак-Талаа району) айтуусундагы «Азреталы менен кыз Дарыйканын күрөшү» деген нуска Бишкек шаарынан (бир басма табак көлөмүндө) өзүнчө китеп болуп жарык көргөн.

Поэманын кээ бир нускалары (М. Кангелдиев, К. Жантаев, Ж. Сокубашев, К. Мукашевадан жазылып алынган) варианттык деңгээлге жетпей, поэманын сюжети туурасында кыскача маалымат бойдон калган.

К. Орозов, К. Салибаев, О. Нургазиев, М. Зулпуевден жазылып алынган нускаларда сюжет кеңейтилип, айрым бир толуктоочу эпизоддор киргизилип, образдар системасы кеңири сүрөттөөгө алынып, окуя ырааттуу баяндалып, көркөм иштелип, варианттык деңгээлге көтөрүлгөнү байкалат. Аталган нускалардын бардыгын салыштырып, текстологиялык анализ жүргүзүп көргөндө поэма оозеки жана китеп аркылуу таралганына күбө болдук. Анткенн К. Орозовдун, К. Салибаевдин, М. Зулпуевдин, О. Нургазиевдин варианттарында чыгарма «бул өзү өлөң болгон китеп сөзү», «тарыхта калып калган китеп сөзү» деген саптар менен башталат да, алгачкы башаты бир болгондуктан бири-биринен өтө өзгөчөлөнүп, мазмундук өзөк кеңири тармак жайбагандыгы көрүнүп турат. Ал эми К. Алиманов болсо поэманы Суусамыр жайлоосунда Чаки деген аксакалдан укканын баяндайт. Адатта, эл арасында айта турган поэтикалык чыгарманы баштардын алдында качан, кайдан укканын, кимден үйрөнгөнүн түшүндүрүп, кириш сөз менен баштоо айтуучунун, акындардын салты.

Сюжет, образдар системасы бирдей болгонуна карабастан К. Салибаевдин жекече чыгармачылык өзгөчөлүгү байкалат. Дарыйканын образы бардыгын өзү чечкен каардуу баатыр эмес, сулуу назик, атанын, аксакалдын, элдин сөзүн уккан, кеңешип иш кылган, ыймандуу, нарктуу, ошол эле мезгилде өз намысын, эл намысын коргогон баатыр катары берилет. Аалы экөөнүн күрөш майданындагы беттешүүсү жеңүүчү жана жеңилүүчү болгон, каршылашкан эки адамдын беттешүүсү эмес, тескерисинче, бири-бирине жылуу мамиле жасап, достор арасындагы, жакын адамдар арасындагы мелдеш, күч сыноо оюну катары сүрөттөлөт. Сүйүү, бири-биринин эрдигине суктануу, жылуу мамиле негизги деталдардын бири катары берилген. Айтуучунун мындай чыгармачылык изденүүсү поэмага кошумча түс берип, аз да болсо жаңылык киргизип турат. К. Салибаевдин тили так, көркөм, баяндоо ыкмасы ырааттуу.

Жыйнакка К. Орозовдун жана К. Алимановдун айтуусундагы варианттарды киргизүүнү туура таптык. Анткени, К. Орозовдун вариантында[3] поэманын алгачкы башаты сакталып, көркөмдүгү жогору, фольклордук жанрга таандык стиль менен берилген.

К. Алимановдун варианты[4] башка нускалардан кескин айырмаланып, чыгарманын өзөгүнө жаңы окуялар, кошумча эпизоддор киргизилип, түрк элдеринин баатыр кыздар туурасындагы эпикалык чыгармаларынын деңгээлине көтөрүлгөн көлөмдүү чыгарма. Жогоркудай маалыматтардан улам «Кыз Дарыйка» поэмасы кыргыз арасына кеңири таралып алгачкы сюжетти[5] сактоо менен кыргыз фольклоруна жуурулушуп, түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында кездешүүчү бардык мотив, салттык көрүнүштөрдү өз боюна сиңирип, кыргыздын төл чыгармасына айланган десек болот. Чыгыш поэтикалык булактарынын түрк элдеринин поэтикалык традициясы менен жуурулушуп кетиши бул элдердин адабий мурасын байытып, жаңылык киргизип турат. Ошондой эле дастандын сюжеттик циклин түзүүчү мотивдер башка элдердин эпосунда да кезигүүчү типологиялык принциптерден экенин далилдейт.

К. Орозовдун айтуусунда эки нуска (Инв. 33 жана КМ 1990-ж. март, № 8, 15.) бар деп жогоруда айтылган. Бул эки нусканын мазмуну негизинен окшош. Көлөмдөрүнөн гана айырмачылык бар. Фондудагы материал 754 саптан турат. Ал эми гезитке жарыяланган нуска 942 саптан туруп, жазма адабияттын нугунда иштелип чыккандыгы байкалат. Мындан ары сөз жыйнакка жарыяланып жаткан вариант жөнүндө болот.

К. Орозов «Кыз Дарыйка» поэмасында
Колума калем алып жаздым нуска,
Жайылар жарыя сөз бөтөн тушка»

деп баштап, Самаркандда Катыраң деген падыша болуп, анын Дарыйка деген кызынын баатырлыгы жөнүндө кысса айтарын маалымдайт. Катыраңдын кызы сулуу, акыл-эстүү анан ашкан балбан болот. Кыз бойго жеткенде атасы ортого киши салып, кызынын күйөөгө тиер ою барбы же жокбу деп суратат. Кызы «мени менен күрөшүп, жыккан адамга күйөөгө чыгам. Жыгылгандын башын алам» деп жооп берет. Көп өтпөй атасы каза болот. Дарыйка атасынын ордуна падыша болуп такка отурат. Кыз менен күрөшөм деп туш-тараптан келген баатырлардып бардыгы жеңилип, баштары алыпып, «армандары ичинде кетет».

Дарыйка ак сарайынын алдына күрөшүүчү майдан жасатып анын ортосуна алтын мамы орнотот. Ким күрөшө турган болсо, ошол мамынын түбүнө келет. Эч кимдин күчү жетпеген, пилге минсе буту жерге тийгеп заңги (дөө) келет, аны да өлтүрөт. Акыры курөшүүгө киши чыкпай калат. Кыздын кабары төгөрөктүн төртбурчуна угулат. Медина менен Мекени жердеген азирети Аалы кыз менен күрөшүүгө куштар болуп, кайнатасы Мухамед пайгамбардан уруксат суранат. Ал кыйылып отуруп акыры макул болот. Канчалаган күрөштөрдө Аалыга эч ким тең келген эмес. Ошондой болсо да Аалы кызды жеңерине ичинен күмөнсүрөйт. Бирок, алла таала, жараткандын үмөтү Мухамед пайгамбар жар болсун деп жөнөп чыгат. Алты айлык жолду Дулдул менен алты күндө басып Самарканга жетет. Шаардан үй сааган кемпирге кез келип, кыздын жайын сурайт. Ажалың жете электе артына кайт, кызды али эч ким жеңе элек дейт кемпир. Аалы менин ким экенимди билбей туруп сүйлөйсүн, Дарыйканын жайын тез ант деп каарданат. Кемпирден Дарыйканын жайын сурап алып, алтын мамынын жанына келип

[3] Инв. № зз.

[4] Инв. № 639.

[5] 1914-жылы Казандан казакча өлөң түрүндө (Маулекей Юмачиковдун айтуусунда) китеп болуп чыккан. Көлөмү 25 бет. Негизинен ушул китеп аркылуу таралган болуу керек. Кыргыз Улуттук китепканасынын «сейрек кездешүүчү китептердин фондусунда» (редкий фонд) сакталып турган араб арибиндеги кол жазманы да негиз кылсак болот.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

турат.

Дарыйка да Аалы балбандын жайын угуп жүргөн. Аны менен күрөшүп, «шаарын ойрон кылсам менде арман жок» дейт оюнда. Дарыйка майданда Аалынын турганын көрүп, аны менен көрүшүп, күрөшүүнүн шартын, жол жобосун айтат.

Экөө 15 күн, 15 түн кармашат. Ат үстүнөн эңишип, найза сайышып, аттар тизеден жерге кирип, салмагынан жер титиреп, эч жеңе албай, аттан түшүп, «коюнколтук алышып» турган жердин «топурагы асманга чачылып», «бутунун изинен аң казылып», экөөнүн балбандыгы бирдей болуп, бирин-бири жеңе албай суй жыгылат. Акыры Аалы Дарыйкадан «15 күндүк намазым каза болду, уруксат болсо намазымды окуп алайын» — дейт. Кыз «сени жыгууга кумар элем, мейли арманда калба, намазыңды окуп кел» деп макул болот. Аалы бийик тоого чыгып намазын окуп, жаратканга жалынып, Мухамед пайгамбарга сыйынып, кызга алы жетпей жатканына ичинен нараазы болот.

Акыры майданга кайра келишет. Экөө белдеринен «мыктап» кармашып алыша баштайт. Аалынын «айкырыгынан жер титиреп, аалам жаңырып», Дарыйканы жерден жулкуп ыргытканда асманга көтөрүлөт, аны кайра тосуп алат. Болбосо «сөөгү чачылып кетмек».

Дарыйка шондо айтат жаа арыстан
Түшүмдө сени мага кудай кошкон.
Мен болдум энди сиздик жыга бербе,
Айтпасын жыгылды деп турган душман.
Келме саадат эр Аалы жарлык кылды,
Исламдын чын актыгын эми билди.
Кудай бир, куран чын, пайгамбар ак,
Деди да Дарыйка кыз динге кирди.

Самаркандын эли ислам динин кабыл алат. Аалы менен Дарыйка үйлөнөт. Алты ай өткөндөн кийин Аалынын түшүнө Мухамед пайгамбар кирип: сен Меке, Мединаны, бала-бакыраңды, жарың Фатиманы унутунбу? Дарыйканын курсагында алты айлык уул бар. Атын Шайызында койсун. Сен тез кайтып кел дейт.

Аалы түшүн айтып, кыз менен кош айтышып, Мединага кетет. Дарыйка кайгысын ичине катып кала берет. Уул төрөйт. Атын Шайызында коёт. Баласы жети жашта, он беш жаштагыдай ашкан баатыр болуп чоңоёт. Теңтуштары менен ойноп, чертип койсо өлүп калат. Эч ким баласын көчөгө чыгара албай калат. Бир күнү көчөдөн келе жатса өрмөк токуп отурган кемпирдин жанындагы баласы Шайызынданы көрүп коркуп ыйлай баштайт. Шайызында жини келип бир муштайт. Бала өлүп калат. Ошондо кемпир:

Жаш балдарды шаардан түк койбодуң,
Тапсаңчы атаңды издеп тири жетим,— деп, боздоп,

ыйлайт. Бала бул кепти угуп үйүнө чуркайт. Атасынын жайын сурайт. Дарыйканын көзүнүн жашы көл болуп, көкүрөгү кайгыга толуп, эмне кылар айласын таппай, акыры миң толгонуп отуруп, баласына Аалынын жайын айтат.

Баласы атасын издеп жөнөмөкчү болот. Дарынка баласынын токтобосун түшүнүп, тагдырга наалат айтып, кулуну менен коштошуп отуруп калат. Бала эчен ашуу ашып, жол басып жолдо кыдыр колдоп, «жер танабын тартып» Мединага жетет. Шаар аралап жүрүп, бир жерде балдарды күрөштүрүп, оюн куруп жаткан жайга туш болот. Өзүнүн бир тууган агалары Асан, Үсөн, Анапия менен күрөшүп, баарын жыгат. Акырында Аалы ыза болуп бала менен өзү күрөшөт. Бала күрөшүп жатып «Атам азирети Аалы, агаларым Асан, Үсөн, Анапия, апаларым Батыйма, Дарыйка, пайгамбарым Мухамед колдой көр» — деп жиберет. Ошондо

Аалы баласын таанып, «Мен сенин атаңмын» деп сүйүнүп, баласын кучактап, апасынын жайын сурайт. Шайызында өзүнүн жасаган ишине уялып, «агаларыма, атама колум тийди» деп качып жөнөйт. Тоонун түбүндөгү жаракага кирип көздөн кайым болот. Атасы бир көрүп кайра айрылып зар какшап огуруп калат.

Мына ушул сюжеттин алгачкы түзүлүш башатында генетикалык жалпылык болсо да бара-бара ар түрдүү алымча кошумчалары менен эл арасына тарап, калк сүнүп уккан дастанга айланган. К. Орозовдун айтуусундагы бул вариант түрк-монгол жана чыгыш элдеринин архаикалык формасын көбүрөөк сактаганын чыгарманын (түш көрүү, Аалынын касиеттүү таягы, Шайызында атасын издеп баратканда кыдыр атанын жардамы, тоонун жаракасына кирип канып болуп кетиши) сюжетинен байкоого болот. Поэма Дарыйканын жеке өзүнүн айланасында: анын баатырдык, аялдык, энелик тагдырына байланышта эпизоддор менен түзүлөт. Аалы менен Дарыйканын ортосундагы сүйүү темасы терең ачылган эмес.

К. Алимановдо Дарыйканып образы эр жүрөк, көзүнөн жаасы чыккан сүрдүү, курал-жарак асынган, жоо кийимин үстүнөн түшүрбөгөн жоокер асылзат сулуу катары сүрөттөлөт.

Качырып душман элдин туусун көздөй,
Кыз арыстан тартынбастап кетти кирип.

Катыраң көңүлү тынып баласынан,
Дарыйка дүнүйөлүк шер атанган.

Айтылуу атагы бар ал Кыз балбан,
Сезгентет кимди болсо сүрү жаман

Дарыйка шердин-шери, кара кулак,
Дүнүйөдө күйүп турган бир шам чырак.
Айбаты арыстандай ал балбан кыз,
Жолборстой жоону көргөн чапчып турат.

Дарыйка кара калтар, карга ойногон,
Кабылан шер, качырганын соо койбогон.
Азыркы адамзаттын арыстаны экен,
Ойлоном мындай баатыр эч болбогон.

Өзу да бойго жетип толгон жашы,
Кымча бел, кыз бүткөндөн кыйгачкашы.
Чолпондой жоодураган кара чачы.
Калтардай карга оонаган колоң чачы.

Дарыйканын образы — аялдардын чечкиндүүлүгүн, баатырлыгын, акылын, сулуулугун даңазалаган, элдин оюнан жаралган, жалпыланган образ. Ар бир айтуучу адабияттагы традициялуу көркөм каражаттарды (туруктуу сөз айкаштары, эпитет, гипербола ж. б.) колдонуп каармандын портретин түзөт. Маселен, «Жайыл Мырза» эпосунда да «Баатыр Жаңыл», «Эр Жаңыл», «Аялдан чыккан арыстан», «Кыраан чыккан кыргыздан», «Эл бийлеген кыраанын»[6] деген эпитеттер менен Жаңылдын образын берген. Бул жерде элин, жерин тышкы душмандардан коргоп, элинин биримдигин, көз карандысыздыгын камсыз кылган баатыр кыздардын образынын типологиясын көрөбүз. К. Алимановдун вариантында Дарыйка кара күчтүн балбаны гана эмес, ал өз уруусунун баатыры. «Кыпчак,

[6] Тоголок Молдонун, А. Чоробаевдин, Ы. Абдрахмановдун, М, Мусулманкуловдун вариантарында кездешкен эпитеттер.

кыргыз» элине башкача айтканда Дарыйканын элине кол салып, сырттан келген баскынчы душманга бетме бет чыгып, согушта баарын жеңет. Элин кулдуктан сактайт. Эл ишенимине ээ болуп, хандык даражага жетет. Мындай эпизод чыгарманын башатында да, башка варианттарда да жок. Чыгарманын алгачкы багыты өзгөрүп, айтуучулук өз алдынчалык басымдуулук кылган. Бул Алимановдун жетишкендиги десек болот.

Дарыйканын образын ачуучу дагы бир деталь — анын ички монологу. Монолог аркылуу кыз өзүнө тең жар издегендиги, Аалы өз жерине кеткендиги окуяларда кыздын жан дүйнөсүнөн кабар берет. Каармандын мүнөзүн ачуучу, бейнесин тартуучу мындай ыкма Аалынын, Шайысынданын айланасындагы окуяларда да бар. Чыгыш поэзиясында байма-бай колдонулуучу кейипкердин өзү менен өзү сырдашуусу, монологу же кудуреттүү күчкө сыйынып, жалбаруусу, б. а. мунажат формасын К. Алиманов чеберчилик менен берген. Демек, муну монолог формасынын кыргыз фольклорунан орун алышы, жаңылык катарында карасак болот. Бул чыгарманын деңгээлин көтөрүп турат. Мындай форма башка варианттарда кезикпейт.

Түрк-монгол элдеринин фольклорунда жолугуучу баатыр кыздар өздөрүнө келечекте жар болчу баатыр жигит менен коюлган шарт боюнча катуу беттешишет. Мындай күч, акыл, жөндөмдүүлүк сынашуунун жыйынтыгы өлүм менен өмүрдүн чегинде турган. Бул жерде баатыр кыздын образы — көз карандысыздыктын үлгүсү. Эгер кыз жеңилсе, жигитке баш ийип, күйөөгө чыгат. Көбүнчө мурдагы баатырдык, жоокерчилик иш аракетинен баш тартып, аял затына тиешелүү милдетин аткарып, баатырдын акылчы жары, үйдүн куту болуп калат. Эгер жигит жеңилсе же башы алынат, же эл алдында уят болуп калат. Мындай баатырдык күч сынашуу, акыл сынашуу мотиви эпостордо, дастандарда, жомоктордо («Манас», «Эр Төштүк», «Алпамыш», «Кыз Нюргун», «Кыз Дарыйка», «Кунтүгмыш» «Кобланды баатыр», «Сүйлөбөс кыз», «Күлбөс хан» ж. б.) кезигет.

Баатыр кыздар өзүнө тең эмес баатырлар менен жекеме-жеке беттешкенде кандай болсо да жеңүүгө аракеттенип, андан кутулуунун жолун тапкан. Ал эми өзүнүн көңүлүнө жаккан, ага тең же жогору турган жигитке кармашканда жеңишке жетүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Бир катар сюжеттерде баатыр кыз баатыр жигитке кокусунан жолугат, кээде өзүн жеңүүчү, жар болуучу жападан жалгыз адам катары күтүп, жолугушат. Маселен, «Алпамыштагы» Барчын, «Кыз Дарыйкадагы» Дарыйка, «Манастагы» Каныкей, Сайкал баатырга ылайык, «тагдырга жазылган» жарлар катары берилген Кыз Дарыйканын баатырлыгы, балбандыгы туурасындагы аңыз узун элдин учуна жетип, туш тараптан балбандар, ханзаадалар күч сынашууга келишет. Баардыгы жеңилет. Өзүнө тең келген киши табылбайт. Дарыйканын койгон шарты, кабары араб жерине тарап, Аалы баатыр кызды көрүүгө кумар болот. Анын негизги максаты — Дарыйка менен күч сынашып, ага үйлөнүү. Аалы пайгамбар биринчиден, «теңдешсиз» баатырлыгына таянып, экинчиден, «алла тааладан» боло турган ыйык күчкө, жардамга ишенет.

Аалы менен Дарыйканын ортосундагы сүйүү, жылуу мамиле К. Алимановдо ачык берилген. Алар бири-бири менен күрөш майдайында кара күч сынашуу үчүн гана эмес, бетме-бет жолугуп, кыз-жигит катары сырдашып, сезимдерин билдирүү үчүн жолугушат.

**Аалы:**

Барайын батаңды бер тууган элим,
Кыз кабылан мен көрөйүн кыпчак шерин.
Көрүүгө кумар болуп ошол кызды,
Жүрөгүм согуп турат туйлап менин.

**Дарыйка:**

Бактыма өзүң издеп келдиң мени,
Көрсөм деп жүргөн кезде баатыр сени.
Күчү бар кармашканда кумар канар,
Ар кимдин ылайыктуу болот теңи.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

же

Алардын максаттары бирин-бири,
Экөөнүн күчтүүрөк билмек кими.
Акыры байкашканда күч сынашып,
Бирине бири ылайык болду түрү.
Ошондо Дарыйка айтат Аалы деди,
Ар кимдин ылайыктуу болот теңи.
Көргөндө көзүм тоюп караанынды,
Жактыргам ошол күнү баатыр сени.
Укканда кабарыңды сенин балбан,
Тынчытпай күлүк кыял ээлеп алган.
Жүрөктүн толкунуна туткун болуп,
Жүргөндө өзүң келдиң, кылдың жардам.
Алыстан атагыңа кумарланып,
Токтобой жүрөк согуп тынчымды алып,
Жүрчү элем Аалы сага жолуксам деп,
Ичимде сүйүү оту күйүп-жанып.

Азирети Аалы менен Дарыйка 15 күн күрөшүп акыры кызды жеңет. Аалы «Максатым келгендеги ушул эле, Сиз сүйүп баш кошолу макул десең» деп кыздын колун сурайт.

Поэмада мусулман олуялары Сулайман, Мухамед пайгамбарлар, сахаба, пирлер, олуялар, баш каармандардын бири Аалы пайгамбарды колдон, кыйын кезеңдерде жардам беришет. Ал эмес Кыдыр алейхи салам адамдар менен кадимкидей сүйлөшүп, кудай менен каармандын ортосунда байланышчы болот. Мындай ыйык колдоочулардын образдарынын трактовкаланышын көптөгөн чыгыш легендаларынан, жомок, дастандарынан жолуктурабыз. Маселен Азирети Аалы пайгамбар Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш элдеринин мифологиясында алсыздардын жардамчысы, чындыктын, жакшылыктын жактоочусу[7] катары сүрөттөлөт. Ал эми ыйык күчтөрдүн каармандардын тагдырына кийлигишүүсү ислам дининин өкүм сүрүшүнүн таасири. Бирок ал чыгарманын мазмунуна салмактуу таасир эте албайт[8].

«Кыз Дарыйкада» Азирети Аалы өзү башкы каарман, Мухамед пайгамбар баш болгон ыйыктар, олуялар сюжетке түздөн-түз катышат. Окуя ушулардын өмүр жолуна байланыштуу. Пайгамбарлар жөнүндө Табаршин «Тефсир аль-кабир» (IX кылым), Абдаллах Ансаринин (1006—1088) «Анис ал-мюридин ва шамс ал-маджалис» (Друг послушников и солнце бесед), Рабгузииин «Кыссас аланбия» (Сказания о пророках) сыяктуу орто кылымда жаралган прозалык жыйнактар бар. Пайгамбарлар жөнүндөгү «Жусуп менен Зулайка» поэмасынын негизи Табарипин «Тефсир ал-кабарисинен»[9] алынган. Низами, Хесров Дехлеви, А. Фирдоусн, Кул’ Али, А. Жами сыяктуу көркөм сөз чеберлери «Жусуп менен Зулайка» баянына кайрылып, өздөрүнүн классикалык поэмаларын жараткан.

Мындай сюжеттер түрк элдерине исламдын таралышы аркылуу келген. Авторлордун негизги милдети — элге түшүнүксүз болгон курандын түп нускасын жеткирүү, таратуу. Ал үчүн ошол куранда жазылган түрдүү поэтикалык трактаттарды, пайгамбарлардын турмушун чагылдырган эпизоддорду негиз кылып, көркөм чыгармаларды, поэмаларды жазып[10] ошол аркылуу ислам динин элге жеткирген.

Бирок бардык доордо акындар түгөлү менен ислам динин туу туткан деп айтуу туура эмес. Ислам дининин саясаты абдан күчөп турган ошол орто кылымда деле дин

[7] «Хурлукка и Хемра», «Саят и Хемра» Туркменский романический эпос. (А. С. Мирбадалева). М. 1971. 31-6."
[8] В. М. Жирмунский, Х. Т. Зарифов. Узбекский героический эпос. 1964. стр. 333.
[9] Н. Ш. Хисамов Поэма «Кысса-и Иусуф» Кул» Алн. М. Наука. 1979. Стр. 30.
[10] Е. Э. Бертельс. Узбекский поэт Дурбек и его поэма о Иосифе Прекрасном. Альманах Дарр. Ташкент. 1944, стр. 172.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

боюнча эркин көз караштагы Аль-Фараби, Ибн Сино, Насир Хисров, Омар Хайям сыяктуу акын, философ, эстетик, медиктер өздөрүнүн философиялык поэзиялары, прозалары, медициналык илимдери менен элге оптимистик дух тартуулап турушкан.

Мисалы, Низаминин, Х. Дехлевинин традицияларын улантып, А. Жами сүйүү темасын биринчи планга коёт. Ал «Жусуп менен Зулайка» поэмасын жаратканда экөөнүн махабаты жөнүндө гана жазган. Анын сюжеттик канвасындагы ыйык курандын трактаттарын, ж. б. эпизоддорду алып салган. Бул анын ошол мезгилдин шартына карабай жасаган чоң чечкиндүүлүгү болгон.

Ал эми «Кыз Дарыйка» поэмасынын башка варианттарынан айырмалантып К. Алиманов ислам дини, андагы ыйык күчтөр жөнүндө сөз кылган эмес. Аалынын кадимки катардагы жөнөкөй, сыйкырдуу күчү жок эле адам катары берет. Бирок ашкан баатыр, акылдуу, кайраттуу жоокердин эпикалык образын көз алдыңа тартат. Түрк элдеринин фольклорунда кездешчү мотивдерди поэманын өзөгүнө чеберчилик менен сиңирип жиберген. Башка нускаларда Дарыйканын уулу Шайызында (Шахизинда, Имамади, казак вариантында Мади) атасы Аалыга жолугуп, атасын тааныбай күч сынашып, таанышкандан кийин өзүнүн жоругунан уялып качып барып тоонун жаракасына кирип кетет. Окуя ушуну менен аяктайт. Ал эми К. Алимановдо Дарыйка уулун күтүп, сабыркап жүрө берет. Уулунун өлгөнүн угузууга эч ким даабайт. Акыры анын абалын көрүп, атасы атанган акылман карыя аксакалдар менен келип, баласын угузат. Дарыйка кайгыдан өйдө боло албай, «чөккөн арыстандай күңгүрөнүп», дүйнөдөн түңүлүп, жашоосун караңгы түн каптайт. Баласына Самаркандга эстелик —мүрзө куруп, күн сайын барып баласын эскерип, «башын коюп», «пилдей чөгүп», жарык дүйнөдөн көңүлү калып, кайгыдан жедеп бүтөт. Акыры «а десе жел ордуна жалын чыгып, Дарыйка бу дүйнөдөн өтүптүр муңга батып».

Мына ушундай чыгыштын сюжетинде айтылып, жазылып, кыргыздын төл чыгармасына айланып кеткен «Кыз Дарыйка» поэмасы кыргыз жергесинин бардык региондорунан жазылып алынып, түпкү башаты бир болгондугуна карабай ар бир вариант (К. Орозов, К. Алиманов, К, Салибаев, М. Зулпуев, О. Нургазиев) өз алдынча чыгарма катары жашай бермекчи.

Ошондой эле поэманын баш каарманы бирде «кыргыз кызы Дарыйка», бирде «кыпчак кызы Дарыйка» деп аталышы Дарыйканын түрк уруусунан экени, бардык варианттарда жашаган жери Самарканд шаары болгону чыгарманы түрк элдеринин тарыхына жакындатат. Поэманын каракалпак, казак, кыргыз ж. б. түрк элдеринин фольклорунан орун алып, алардын оозеки адабияты менен жуурулушуп, үндөшүп турушу анын бул элдердин орток чыгармасына айланганын далилдейт.

Жыйнакка кирген эки кол жазма тең биринчи жолу жарык көрмөкчү.

# КЫЗ ДАРЫЙКА (К. ОРОЗОВДУН АЙТУУСУНДА)

Биздин доордон бир канча кылым мурун Катыраң деген падыша болуп, өзүнө тийиштүү элдерди бийлеп турганда бир кыз балалуу болот. Ал кыздын аты Дарыйка. Дарыйкадан бөлөк баласы жок болгондуктан Дарыйка Катыран падышанын ашкан эрке кызы болуп эсептелет. Күндөрдүн биринде Дарыйка бойго жетип, чоңойгондо атасы Катыраң падыша кызына күйөөгө тийүүгө көңүлү бар бекен деп арага киши салат.

Анда Дарыйка «мени жыккан кишиге тиемин» — деп арага келген адамдан атасына сөз айттырат. Андан көп убакыт өтпөй, Дарыйканын атасы Катыраң падыша өлүп калат. Атасынын. ордуна Дарыйка падыша болуп калат. Дарыйка бойго жетип, бүткөн бою чыңалып турганда, чар тараптан балбандар келип, Дарыйка менен күрөшө берет. Бирок, Дарыйканы эч кандай балбан жыгалбады. Ал балбандар үйлөрүнө соо кайтпай бардыгы өлүп жатты. Күндөр өтө берди. Дарыйка деген балбан кыз чыкты деп Меке менен Мединага угулат. Андагы Аалы деген азиретаалы балбан кызды угуп калып, мен ошол Дарыйка менен күрөшүүгө уруксат кылыңыз деп Байгамбарга барды. Байгамбар барба десе Аалы болболу. Кажатсыздап* Байгамбар Аалыга акырында улуксат берди Дарыйка менен күрөшүүгө.

Аалы бир канча күндөр жол жүрүп, акырында Самаркандагы Дарыйкага келип, он беш күн бою күрөшүн, он алтынчы күнү Дарыйканы Аалы жыгат. Аалы Дарыйканы аялдыкка алып, алты айча турганда, Дарыйканын боюна болот. Баланы Дарыйка туүй электе Аалы эли-жерине кетет. Андан бир канча айлар өткөндөн кийин Дарыйм эркек бала төрөйт. Атын Шайызында коёт. Шайызындага эс кирип, бой тартып чоңоё баштагандан кийин анын денеси алп түрүндөй болуп өсөт. Ойногон балдарды муштаса эле өлөт.

Бир күнү Шайызында жол менен кетип баратса, өрмөк токуган бир кемпирдин баласы «Шайызында келе жатат» — деп ыйлап жиберди. «Мен эмне жаланкыч бекемин» — деп ачуусу келип кемпирдин баласын бир муштаса ал муштум тийген бала тырп этпестен өлүп калат. Ошондо өлгөн баланын энеси Шайызындага ачуусу келип «атаңды таппай жүрөсүң, тирүү жетим» — деп кемпир каргады. Шайызында үйүнө жүгүргөн бойдон келип энесинен «менин атам кайда деп Дарыйканын тынчын алды. Айтпаса энесинин жанын койбоду Шайызында. Акырында айласыздан сенин атаң Мединада деп Шайызындага атасынын дайнын айткандан кийин жөө Медина тарапка Шайызында жөнөйт. Күндөр, түндөр жүрүп отуруп атасы турган шаарга келсе, бир адам балдарын күрөштүрүп жаткан учурга кез болот. Токтоно албай Шайызында балдарыңызды мени менен күрөштүрүңүз» — дейт. Балдардын атасы макул көрүп, Шайызында менен балдарынын баарын күрөштүрсө, баштан аяк балдарынын баарын жыгат. Акырында Шайызында балдардын атасы менен күрөшөт, бирок ал күрөшүп жаткан адам Шайызынданын атасы Аалы эле, бирин бири билбестен күрөшөт. Акыры Аалыны Шайызында жыга турган болгондо Шайызында ата энесинин атын чакырып сыйынганда, Аалы билип калып менин балам экенсиң — дегенде бала качып берет, уялып абийир күтүп. Артынан атасы тулпар менен кууп жете турган болгондо, Шайызында кара жер жарыл десе жер жарылып калат. Жердип жарыгына түшүп Шайызында жок болот. Бир аздан кийин жер бүтөлүп калат.
Ошентип Аалы баласынан айрылган имиш. Кыскача Кыз Дарыйканын мазмуну ушундай.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# КЫЗ ДАРЫЙКА

Колума калем алдым акыл ойлоп,
Опасыз дүнүйөнү жакын ойлоп.
Мурунку акимдерден өтүп кеткен,
Калк үчүн нечен түрлүү акыл ойлоп.
Колума калем алдым эриккенде,
Ачылар ар сөз айтсам зериккенде.
Колуна кокус эрик тийе калса
Кылады текеберди кээ бир пенде.
Колума калем алып жаздым нуска
Жайылар жарыйа сөз бөтөн тушка.
Тирүү жанды кур койбойм деген өзү
Насип берет абадан учкан кушка
Башында өтүп кеткен бир икая
Уккан жан ашык болор балбан кызга.
Колума калем алын башташында,
Жаман сөз ката болор кошпоюнда.
Абалы өтүп кеткен Дарыйкадан
Ал эми мен бир кыса* баштайында.
Өтүптүр Катыраң деген бир падыша
Сүйлөйүн бул кысаны журт тыңдаса.
Бул сөздө кулагыңдын курчу канар,
Уккандар азык болор даамын татса.
Тарыхта калып калган китеп сөзү
Шаарын Самаркандын билген өзү.__
Бек балбан сулуулугу тууган айдай,
Бар экен Дарыйка аттуу жалгыз кызы.
Каратты балбандыктан тирүү жанды,
Шол кыздын кайратына журт таң калды
Бар бекен эрге тиер көңүлү деп,
Кызына Катыраң падыша киши салды.
Бир сөзгө жазган чыгар эгем деди,
Уялып Дарыйка кыз иймeнбеди.
Теңин тапкан киши азбас деген сөз бар,
Өзүмдөй балбан болсо тием деди.
Ошондой жооп берди шол адамга,
Бул кабар угулган соң Катыраңга,
Дарыйка жар чакыртып чар тарапка,
Өзүм да тием деди жыккан жанга.
Бир күнү каза жетип атасы өлдү,
Дарыйка такка туруп падыша болду.
Күрөшүп дөө, перинин алы жетпей,
Бийледи кайрат менен оңду солду.
Дарыйка чар тарапка кабар берди,
Ар жерден муну угуп балбан келди.
Күрөшүп Дарыйкага алы келбей
Балбандын менменсиген баарыда өлдү.
Тоодой болуп заңги* келди билге* минип

Айагы* бил үстүнөн жерге тийип,
Дарыйка каарланып ыргытканда,
Сөөктөрү болгону жерге тийип.
Андан соң күрөшүүгө жан келбеди.
Күрөшөм деп келгендин баарыда өлдү.
Издеп келген балбандын оруну деп,
Дарыйка түзөттүрдү майдан жерди.
Күрөшүп ким пар* келер мындай эрге,
Айбатын журт бийлеген кеменгерге.
Издеп келген балбандын оруну деп,
Алтын дингек* орнотту майдан жерге.
Жол белги балбандарга болсун деди,
Көргөн адам тамаша кылсын деди.
Кимде ким күрөшөм деп келген болсо,
Түбүнө алтын дингек турсун деди.
Сейил кылып мен ар жерде жүрөм деди,
Көз салып мунарадан көрөм деди.
Түбүнө алтын дингек балбан келсе,
Күрөшкөнү келгенин билем деди.
Дарыйка жар чакыртты чартарапка,
Падыша болуп олтурду алтын такта.
Дарыйканын ошондо кабараты*
Угулду Медина менен Меке жакка.
Дарыйка балаа болду балбандарга,
Күрөшөм деп кумар болуп баргандарга.
Угуптур бул кабарды Азирет Аалы
Улуксат сурап барды Байгамбарга*.
Ассалоому алеким байгамбарым,
Самарканда бир кыз жыкты жандын баарын.
Мен барып шол кыз менен күрөшөйүн,
Жаабаба* мага бергин дубаларын.
Мен угуп Дарыйканы билдим деди,
Улуксат сизден тилеп келдим деди.
Мен барып шол кыз менен күрөшөйүн,
Жаабаба мага бата бергин деди.
Байгамбар айтты барба тилимди алсаң,
Кор болорсуң өзү келбей издеп барсаң,
Ойлогон текеберлик жарабады,
Ар жерден менменсинген болор сарсаң*.
Барба деп жооп берди ак байгамбар,
Арслан* барайын деп кылганы зар.
Жаа таксыр көңүлүм кетти, бата бер деп,
Сурады ынтызарлуу Аалы айдар.
Жаа таксыр жүрчү элем артыңызда,
Душманды койдой кырдым аркаңызда.
Күрөшүп барып көрбөй кыздын күчүн,
Угулган куру даңкынан коркобузбу.
Күрөшүп мен көрөйүн кыздын күчүн,
Өрттөндү угулган соң ичи-тышым.

Жаабаба сабыр таат* кыла албадым,
Барайын бата бергин кудай үчүн.
Эр Аалы бата бергин деп сурады,
Барба деп балалары көп ыйлады.
Аалынын токтобосун билгенден соң,
Байгамбар мойнун салып кайгы ойлоду.
Олтурду ак пайгамбар мойнун салып,
Аалынын бул сапарын көңүлгө алып.
Кыз жыкса балаларым не болот деп,
Турганы шол себептүү кайгыланып.
Силкинди уккан адам жалгыз кыздан,
Не иш болсо маухпузда* кудай жазган.
Аалынын токтобосун билгенден соң,
Байгамбар бата берди амалсыздан.
Мойнуна бото* салды ак байгамбар,
Кол жайып койдой чуулдап саапалар*.
Асан менен Үсейин омийин деп
Батыма бир кудайга ыйлады зар.
Кол жайды отуз үч миң саабасы,
Абабакир Умар менен Осмон баасы.
Аалынын алы эмне болот деп,
Муварек* көздөрүнөн акты жашы.
Байгамбар колун жайып кылды дуба,
Тапшырдым бир өзүңө кадыр куда.
Рахман, Рахман аттуу бар кудайым
Үстүм кыл эр Аалыны Дарыйкага.
Дулдулга Аалы шонда минип алды,
Эл журту амандашып баары калды.
Көргөнгө Дарыйканы кумар болуп,
Эр Аалы Самарканга жөнөп калды.
Эр Аалы Самарканга кетип калды,
Жат айтып сыйынганы байгамбарды.
Алты айчылык жол экен эки ортосу,
Дулдул менен алты күндө жетип барды.
Эр Аалы Самарканга изденеди,
Дүнүйөдө уккан ишти көз көрөдү.
Самаркан шаарына барып турса
Уйун сааган бир кемпир кез келеди.
Кемпирге сүйлөшкөнү Аалы барды,
Барды да ушундайча жооп салды.
Атагы жерди жарган Дарыйка кыз
Билдиңби ушул күндө кемпир деди.
Тийдиби Дарыйка кыз байга деди,
Көрдүбү балбандыктан пайда деди.
Атайы күрөшкөнү издеп келдим,
Билдиңби, Дарыйка кыз кайда деди.
Сен сурап Дарыйканы не кыласың,
Жүзүн көрсөң эсиңден жаңыласың.
Күрөшүп жыгамын деп келген жандар,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Артына таштап кетти малдуу башын.
Сөзүңө таң каламын кемпир сенин,
Кучумду көрүп белең мурун менин.
Күрөшпөстөн мактайсың Дарыйканы,
Кудай билет ким артык кимдин кимден.
Сен түгүл тоодой болуп заңги келди,
Күрөшөм деп келгендин баары да өлгөн.
Күрөшүп адам заттын алы жетпей,
Кайратын Дарыйканын өзүм көргөм.
Адамга бермек алмак бир кудайдан,
Эринбес бир айткан соң сөздөн тайган.
Өлгөнчө Дарыйканы сен мактайсың,
Менин кандай экеними билдиң кайдан.
Ой балам кечикпей кайт тилимди алсаң,
Көп адам күрөшөм деп болгон сарсаң.
Сен да ушундай болосуң жарыктыгым,
Кантеди деги үйүңө кайтып барсаң.
Эми келер ачуум кемпир саган,
Ачуулансам болорсуң иттей жаман.
Оруну Дарыйканын жайы кайсы?
Эртерээк өлбөй туруп айтчы маган.
Эмесе бери карап мойнуңду бур,
Айтайын өз убалың өзүңө сыр.
Шаардын ортосунда курган майдан,
Баргында алтын дингек түбүнө отур.
Дарыйка тамашага күндө келер,
Башына мунаранын ойноп жүрөр.
Түбүнө алтын дингек барып турсаң,
Күрөшкөнү келгениң өзү билер.
Кемпирден Аалы сурап билди сырды,
Дүнүйөдө көрүп белең мындай эрди.
Дулдулун бир жыгачка байлай салып,
Түбүнө алтын дингек барып турду.
Дарыйка мунарага чыгып барды,
Түбүнө алтын дингек көзүн салды.
Жан келбей күрөшүүгө калды эле,
Деп айтып эр Аалыга айран калды.
Дарыйка айтып турду кары жашка,
Өзү менен бирге өскөн акылдашка.
Мени менен күрөшпөгөн Аалы калган,
Балбандын баарын жыктым шондон башка.
Бар деди Мединада Аалы балбан,
Мени менен күрөшпөгөн ошол калган.
Күрөшүп шол Аалыны жыгып өзүн,
Шаарын ойрон кылсам жок менде арман.
Шондой деп отурганда Аалы келди,
Түбүндө диндегинин көзү көрдү.
Анда отурган ким экенин билип кел деп,
Дарыйка жарлык кылды бир вазирге.

Аалыга сүйлөшкөнү бирөө келди,
Падышанын буйругу менен дароо келди.
Аалынын айбаттуусун көргөндөн соң,
Калтырап түлөө* бою дирилдеди.
Жөнөлдү сүйлөшпөстөн кайта качып,
Билбеди не айтарын катуу шашып.
Үстүнө Дарыйканын кирип барып,
Кете жазды падышанын өзүн басын.
Сен коркуп минтип келдиң кимден качып,
Көзүңө не көрүндү мынча шашып.
Калтырап түлөө боюң жин тийгендей,
Олтурду бул чиркинди кара басып.
Түбүндө бир киши тур диндегиңдин
Болгондо алы жетпес кимда кимдин.
Түрү суук жан экен бек айбаттуу
Шуганда алы жетпес кимда кимдин
Эркек деп сени тууду энең деди.
Уялбай недеп айтың маган деди
Ал өзү пери бекен, дөө бекен
Көрүнгөн алда кандай саган деди.
Эмесе, ал адамга мен барайын,
Балбандын жоголгонун бир далайын.
Бери* болсо, дөө болсо сөзүн угуп,
Табармын адам болсоң сенин жайың.
Дарыйка ачууланып өзү келди,
Аалынын айбаттуусун өзү көрдү.
Айтканынча жан экен бек айбаттуу,
Деп айтып эр Аалыга кимсиң деди.
Ким элең кайдан жүрсүң айтчы маган,
Атың ким, кайнасылын*, ата бабан.
Бул элден түрү бөлөк Аалысыңбы?
Көрбөдүм түрү суук сендей адам.
Бабам менин Мухамед ак байгамбар,
Жолдошум дуба көйүм чарыярлар.
Турган жерим Медина мунавара*
Сурасаң менин атым Аалы айдар.
Сен ырас Аалысынбы эми деди,
Аалы болсо тилегимди берди деди.
Өзүм издеп барганы жатат элем,
Кудай айдап өзүңдү берди деди.
Кудай айдап өзүңдү маган берди,
Кырыпсың багындырып тамам элди.
Не кылып жүрсүң, жайыңды айтчы маган,
Өз кылганың өзүнө келер деди.
Мен издеп күрөшкөнү келдим саган.
Сен мени аябагын келсе чамаң.
Жыкпай туруп куру бекер мактанасың,
Кайдан билдиң жетерин күчүң маган.
Алдадан дулдул деген ат алгамын,

Бабамдан алты жашта бата алгамын.
Айтасың аялдык менен ай Дарыйка
Алланын арстаны деп ат алгамын.
Жайымды менин сурап билесиңби?
Эрк өспөй сен жайыңа жүрөвүсүң.
Мени жыксаң тийейин эми саган
Мен жыксам сен диниме киресиңби?
Жараткан кудай артык Аалы шерди,
Бул сөзүн Дарыйканын макул көрдү.
Аалыда кача турган мүнөз барбы,
Куп болот деди дагы жооп берди.
Анда кыз тамам журтун жыйып алды,
Зоот, шайман, керигин* минип алды.
Бул сапар Дарыйкага кор кылба деп,
Эр Аалы бир аллага сыйынганы.
Келеди жабдыктанып Дарыйка кыз,
Эр Аалы тобокел деп олтур жалгыз.
Булардын тамашасын көрөбүз деп,
Жыйылган шаар калкы нечен миң жүз.
Аалы айтканы боло көр теңирим паана,
Жараткан кудуретиң менен арзу* сама.
Качыр деп Дарыйканын ал кубатын,
Кыйкырды кайраттанып үч мертебе.
Кыйкырды кайраттанып Аалы баатыр,
Булкунду жер козголуп заман акыр.
Зилзаала* жердин жүзү калт-култ этип,
Жарылып жүрөктөрү өлүп жатыр.
Бир түгү Дарыйканын кыймылдабай,
Капарсыз эч нерседен келе жатыр.
Жөөттүн* тамы кулап кырылды эли,
Шондода бошонбоду кыздын бели.
Аалы минди дулдулга, кыз керикке,
Тартышты ат үстүнөн эки шери.
Тартышып бирин бири алалбады,
Ал жүрүп адам жерге болалбады.
Кубаты экөөнүн тең бирдей болуп,
Эр Аалы жат айтканы бир алланы.
Кетпеди мурунку айткан сөз эсинен,
Жеңилип кысылбады кыз эсинен.
Эки шер чиренишип тартышканда,
Аттары жерге кирди тизесинен.
Тартышып бирин-бири алалбады,
Ал жүрүп адам жерге болалбады
Кубаты экөөнүн бирдей болуп,
Арслан жатканы бир алланы.
Кыйкырып бирин-бири тарта берди,
Күчтөрү бой денинен кайта берди.
Ал күрөш аттан түшүп салалы деп,
Экөө бири бирине айта берди.

Экөө бир бирине акыл салды,
Бул сөздү экөө тең макул алды.
Ал күрөш аттан түшүп салалы деп,
Шол жерде эки балбан түшө калды.
Болгон жок бир биринен бирөө артык,
Турган жок бир биринен бирөө коркуп,
Дулдул менен кериктен түштү дагы,
Кармашты коён колтук эки балбан.
Тартышты бирин-бири кезек менен,
Турган жок аянышып боюн теңеп.
Күрөшкөн экөөнүн зардабынан*,
Кара жер кыр болуптур терең өзөк.
Алышып тыным албай күнү-түнү,
Тилектеш Дарыйкага ага-ини.
Сыйынып бир кудайга азирет Аалы,
Алышты бир тынымсыз он беш күнү.
Көрбөгөн Аалы мурун мындай ишти.
Ким чыгат адам зааттан кыздан күчтү.
Намазы он беш күнү каза болгон,
Оюна эр Аалынын шондо түштү.
Намазы каза болгон Аалы билди,
Намазын каза болгон он беш күнкү.
Окуп өтүп келейин руксат бер деп,
Эр Аалы Дарыйкага сунуш кылды.
Күрөшкөн Дарыйка кыз колунду жаз,
Окуйун кайта барып каза намаз.
Намазым каза болгон себептүүдөн,
Жыгууга эми сени болбой мужас*.
Кыз айтты Аалы сага кумар элем,
Аш ичпей дагы бир күн чыдар элем.
Арманда каларсың деп жиберейин,
Болбосо койбой жүрүп жыгар элем.
Келейин мен да барып тамактанып,
Он беш күн уктабадым мейрим канып.
Оку да намазыңды ылдам келгин,
Коркуп качып кетпе сөзүң танып.
Шондой деп эр Аалыны коё берди,
Аалы жалгыз бир бийик тоого келди.
Намазын ада* кылып бүткөндөн соң,
Алладан медет тилеп ыйлай берди.
Кудай ай намды сана Керим эдин,
Бакырды* өзүң сүйүп шерим дедиң.
Үстүн кыл Дарыйкага мурадымды*
Ар жерде тилегимди берип эдиң.
Медет бер мен кадыткер*, зул жалалым*.
Кылыпсың менден артык кыздын алын,
Алланын арстаны деп атап эдиң,
Бир кызга ие себептен келбеди алым.
Асан менен Усейин бала бердиң.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Батыйма чын сүйгүлүктү алал жарым.
Эми маган жардамчы кылбасаңар,
Келбеди балбан кызга чамалурум*.
Жардам бер бар чамбиям мурсабнабий*
Бу сапар ыраспа* кылба биз пендеңди.
Тилеймин азиретиңди муктажланып,
Медет бер Нурмухамбет аксарбары*.
Сарбар эки дүнүйөсүн бабам эдиң,
Жар болгун кызыганда паанам эдиң.
Жаа таксыр Абубакир Умар Осмон,
Жардам бер жандан ысык агам эдиң.
Сааба отуз үч миң жолдошторум,
Бирөөң миң кишилик жолдошторум.
Бир кабар не себептен болбоду гой,
Бирөөң ушундайда жолдошподуң.
Тилектеш болдуң ыйлар көк менен жер,
Кол жайып омийин деп периштелер.
Айтканы мунажат* кылып парчалары*,
Кудай ай эр Аалынын тилегин бер.
Аалынын кысылганын Расул билди,
Кол жайып таксыр шондо дуба кылды.
Дубасын кабыл кылдым досума айт деп,
Жиберди пайгамбарга Жебирейилди.
Абилим кысылганга жарсың деди.
Аалыга айт, кайтып майдаңга барсын деди.
Эми барса жыгады Дарыйканы,
Өлтүрбөй нике кыйып алсын деди.
Жебирейил пайгамбарга кабар берди,
Кубанып Расул анда тура келди.
Жарлыгын Жебирейилдин уккандан соң,
Шаттанып байгамбарым кубанды эми.
Эр Аалы жатты эле зарлык кылып,
Аз гана намсин* алды көзүн жуумп.
Жарлыгын бир алланын баштан аяк,
Байгамбар маалим кылды түшүндө угуп.
Аалы уктап ойгонуп тура келди.
Кубанып майдан жерге жүрө берди.
Ичип жеп кубаттанып күлүп ойноп,
Майданга кыз да келип турду эми.
Мен келдим тамак ичип бек тойгузуп,
Сен ичтиң, кайдан ичтиң чай койгузуп.
Сенда арманда каласың сырыңды айт,
Берейин кардың ачса мал сойгузуп.
Айтасың муну недеп акылы кем,
Диниңди кубаттаган акмак сенсиң.
Динимдин чын актыгын мындан билгин,
Тамакты жебегеним жеген менен тең.
Дарыйка сен акмаксың дегенде ачыланды,
Кыпкызыл эки көзү оттой жанды.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Капыл болбо жаа Аалы бекем бол деп,
Дарыйка эр Аалыга жетип барды.
Дарыйка каарланып жетип барды,
Мыкташып белбоосуна колун салды.
Эки балбан дем алып жулкушкан соң,
Жер козголуп, калайык айран калды.
Эки эр бир бирине каарланды,
Эр Аалы жаанам деп айкай салды.
Кубанып бериштелер текбир айтып,
Тоодай кылып кара жерден жулуп алды.
Көтөрүп айландырды үч мертебе,
Көзүнөн калайыктын болду жуда*,
Сөөгү жерге түшсө күл болот деп
Колуна тозуп алды шери куда.
Дарыйка шондо айтат жаа арстан,
Түшүмдө сени мага кудай кошкон.
Мен болдум энди сиздик жыга бербе,
Айтпасын жыгылды деп турган душман.
Келме саадат эр Аалы жарлык кылды,
Исламдын чын актыгын эми билди.
Кудай бир, куран чын, байгамбар ак,
Деди да Дарыйка кыз динге кирди.
Үйрөттү ыйман, ыслам азирет Аалы,
Жыйылды Самаркандын күлдү шаары.
Дарыйка жар чакыртты ыйман айт деп,
Ошондо ыйман айтты жандын баары.
Тирүү жан ыйман айтып топуктанды.
Үйрөнүп калем малды, сабак алды.
Дарыйка вазирин падыша кылып,
Көндүрдү өкүмүнө таман элди.
Тамам капыр мусулман болуп калды,
Эр Аалы Дарыйканы нике алды.
Рахмат кылып арстанды жандын баары,
Үйүнө падышанын алып барды.
Жөөттүн бутканасын сындырады,
Медиресе, мечит бааны кылдырады.
Шарыят жолун айтып, таалим берип,
Көнүлүн баатыр Аалы тындырады.
Эр Аалы алты ай турду Самарканда.
Үйрөттү ыйман ыслам барча жанга.
Алты айда Дарыйка кыз жүктүү болуп,
Бир күнү маалим болду арсланга.
Жүктүүсүн Дарыйканын Аалы билди,
Кудайым бергенине шүгүр деди.
Бир күнү Аалы уктап жатты эле,
Түшүндө Расул алла кабар берди.
Жаа балам Мединаны унуттуңбу?
Көңүлүңдү Фатимадан сууттуңбу?
Дарыйка келбей турсун деди шондо,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жаа Аалы көп кечикпей келгин мында.
Кудаанын буйругу шул муну тыңда,
Дарыйка келбей турсун деди шондо.
Алты айлык курсагында уул бала,
Тууганда атын койсун Шайызында.
Эр Аалы муну билип туруп келди,
Көргөнүн Дарыйкага айтып берди.
Түшүндө байгамбарын көргөндөн соң,
Сагынып балаларын кайгы жеди.
Айтыптыр Дарыйкага Аалы айдар,
Кайткын деп бабам мага берди кабар.
Кетемин сен каласың дегенден соң,
Дарыйка күйүп жанып ыйлады зар.
Көргөнүн Аалы айтты баштан аяк,
Бир ооз сөзүн бүгүп таштамай ак.
Буйруксуз амалы жок алп кетерге,
Туруптур Дарыйканы катуу аяп.
Көрөйүн Мединаны мунавара,
Сөөгүм сен кеткен соң болор бара.
Мубарек байгамбардын жүзүн көрүп,
Келейин армансыз болуп мен бечара.
Асан менен Усейин нурлуу жүзүн,
Алал жарың Ырасул кызын
Шапагат машар* күндө бизге кыл деп,
Келейин тобо кылып баскан изин.
Аалы айтты кой Дарыйка болбо сарсаң,
Сабыр кылып шүкүрлүк эт, тилимди алсаң.
Амирин байгамбардын тарих кылып,
Күнөөгө барк болорсуң шондо барсаң.
Алладан байгамбарга кабар келген,
Ан үчүн бабам бизге кабар берген.
Кашында азиздердин тургандайсың,
Сыйынсаң ыклас менен алыс жерден.
Кашында азиздердин тургандайсың,
Анда барсаң каршылык кылгандайсың.
Шарыйат буйругун тут, диниңди күт.
Байгамбар шапагатынан кур калбайсың.
Болгонсуң алалдыктан мага катын,
Байгамбар сенден үзбөс шапагатын.
Алты айлык курсагыңда аманат бар,
Тууганда Шайызында койгун атын.
Дарыйка улуксат бер, разы бол,
Алал жүрсөң дүнүйөдө болбоссуң кор.
Шарыят буйругун тут, диниңди күт,
Насыйкат бизден сизге айтканым шол.
Дарыйка сабыр кылып турду шондо,
Руксат эр Аалыга берди шондо.
Болгондон машар* күнү кошулалык,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Деп айтып сабыр кылып турду шондо.
Руксаат Дарыйка Аалыга берди.
Насыйат жыйып айтты тамам элди.
Шарыйат жолун бекем тапшырды да,
Эр Аалы Мединага жөнөдү эми.
Коштошуп Мединага Аалы кетип,
Көп калык амандашты колун берип.
Шарыят жолун бекем тапшырды да,
Эр Аалы Мединага калды кетип.
Мубарек амандашты байгамбары,
Фатима каршы чыкты алал жары.
Сагаба отуз үч миң, төрт чарыяр менен,
Кошулду койдой чубап өз балдары.
Көп калк сыйынышып үйгө толду,
Аалы айтты никайа* кылып сапар жолду.
Угушуп Дарыйканын күч кубатын,
Олтурган калайыктар айран болду.
Жараткан кудай артык Аалы шерди,
Эл журтун саксаламат аман көрдү.
Самаркан казынасынан алтын алып,
Мединада карыптарга бөлүп берди.
Дарыйка Самарканда жалгыз жатты,
Аалыны ойлоп көз жашы көлдөп акты.
Кээде ыйлап, кылганы келме шүкүр,
Күнү толуп Дарыйка уул тапты.
Дарыйка кабар берди бардык жанга,
Бир жан калбай жыйылды Самарканга.
Көп калык жыйылышып кубанышып,
Баланын атын койду Шайызында.
Тири жан жаш баланы урматтады,
Аалыдан бизге калган белек деди.
Жети жашка келгенде Шайызында,
Молдого окуйсуң деп кармап берди.
Молдодо Шайызында окуй берди.
Көңүлүнө акыл каухар токуй берди.
Жети жашта баланын бой денеси,
Он беш жашар жигиттен артык эле.
Байызында жети жашка чыгып алды,
Ашык ойноп жаш балдарга ойбой салды.
Ачыланып бир койсо Шайызында,
Көп бала көчөдөгү өлүп калды.
Шайызында жалгыз жүрдү сабак окуп,
Кашына жолободу бала коркуп.
Көчөдө Шайызында келе жатса,
Бир кемпир кез келгени өрмөк токуп.
Кемпирдин дагы болду тамашасы,
Кашында олтурду эле бир баласы.
Келгенин Шайызында көргөндөн соң,
Баланын коркуп акты көздөн жашы.

Ал жерде Шайызында жетип барды,
Сен эмне ыйлайсың деп ачыланды.
Ачыланып бир муштап жибергенде,
Баласы өлүп, ал кемпир ойбой салды.
Кемпир ыйлап чыгарды кайгы дартын,
Элге карар болбоду деди бетим.
Жаш балдарды шаардан түк койбодун,
Тапсаңчы атаңды издеп тирүү жетим.
Куу кемпир ошону айтып ырдай берди,
Шайызында кулак салып тындай берди.
Тирүү жетим дегениң не дегениң,
Менин атам кайда деп сурай берди.
Кыра берип жаш балдарды сенин нең бар?
Сен болдуң жаш башыңда пейилиң тар.
Турган жери Медина мунабара,
Сурасаң сенин атаң Аалы айдар.
Шайызында муну угуп айран калды.
Жүгүрүп тез үйүнө жетип барды.
Жаа эне, атам кайда, ким эле деп,
Барды да Дарыйкага азап салды.
Дарыйка кайгыланды шондо туруп,
Кандай адам айтты экен кудай уруп.
Балама ата жөнүн билгизбе деп,
Башында айткан эле жар чакырып.
Айтпа деп балам издеп кетеби деп,
Дагы кайгы көңүлүнө бүтөбү деп.
Атаң жок деп жашырды баласына,
Издеп кетип түбүнө жетеби деп.
Ыйлоодо эки көзү баласынын,
Билиптир бузулганын санаасынын.
Айтпасаң да каңгырап кетемин деп,
Зарланып тынчын алды энесинин.
Энеси амалсыздан жооп берди,
Арслан сенин атаң Аалы деди.
Эсен жүрсөң бир барып көрүшөсүң,
Карагым не болом деп кайгы жеди.
Жалгызым не боломун сен кеткен соң,
Тура туруп издегин эр жеткен соң.
Жалгызым кабагыма ким карады,
Аябай өзүң мени иңгиреткен* соң.
Не болот сен кеткен соң карып башым.
Сенсиз мага кан болор ичкен ашым.
Расат* майданында жолугарсың
Тирилике жүзүңдү көралбасмын.
Жаа эне мен келгенче болгун аман.
Вадпха* кыла көрбө динсиз балаң.
Эне жан ак сүтүңө ыразы болгун,
Жүзүңдү көрө албасам келип аман.
Өлөрмүн ажал жетсе мында келбей,

Менда арман көп калар келип көрбөй.
Жаа эне мен келгенче сабыр кылгын,
Саргарып зак бараңдай* кайгы жебей.
Кош эми аман-эсен бол кулунум,
Айрылып жалгызымдан көп буулугам.
Аман болсоң кечикпей келгин балам,
Турайын тилегиңде болуп, мен муңдуу.
Сен элең уул кыздан көргөн биздин,
Кантейин ар не болсо теңирим жазган.
Баланын токтобосун билгенден соң,
Энеси улуксат берди амалсыздан.
Амандашып жаш бала түштү жолго,
Энеси атасы жок калды зорго.
Каңгырап жапан түзгө чыгып кетти,
Ыйлады жаа бабам деп өзү жолдо.
Жаш бала катуу чарчап кысылады,
Тобокел мойнун акка* бу сынады.
Жол менен жапан түздө келе жатса,
Бир адам ак сакалдуу учурады.
Ал адам ак сакалдуу кызыр эди.
Келди да Шайызында салам берди.
Барамын Мединага мен мусапыр,
Жаа баба жол көрсөтчү маган деди.
Көрсөттү жол төтөсүн кызыр бабам.
Бир алла медет берсин баргын балам.
Тартыптыр кара жердин танабынан,
Жеткирди Мединага эсен аман.
Жүредү Шайызында ойноп күлбөй,
Сүйлөшкөн көп адамдын тилип билбей.
Каңгыды Мединанын көчөсүндө,
Сүйлөшкөн бир адамдын тилин билбей.
Көчөдө байгамбарым тушар келди,
Байгамбарым баланы көрөдү эми.
Байгамбарым мойнун буруп карады да,
Мына ким биздин затка окшор деди.
Ошентип байгамбарым кетти кирип,
Карады мойнун буруп аз кидирип*.
Артынан байгамбардын Шайызында,
Көчө менен жүрө берди зыр жүгүрүп.
Көчөдө Шайызында ыйлады зар,
Атаңа жолуктур деп мени жапар.
Оп жети балаларым күрөштүргөн,
Жыйылган төрт чарыяр менен Аалы айдар.
Күрөштүрүп жатканын бала көрдү.
Жүгүрүп Шайызында жетип келди.
Бирөө менен балдардын күрөшсөм деп,
Көңүлү ооп шол жерде тура берди.
Күрөшүп булар менен мен да көрсөм,
Балалар качар беле элда көрсө.

Бирөө менен баландын күрөшөйүн,
Жаа ата маган дагы уруксат берсең.
Күрөшөгой энди шаа балам деди,
Күрөш деп айтпайын деп саган деди.
Өзүң келдиң тилегиң кой дебейин,
Сен да иренжип кетерсиң мага деди.
Күрөшсөң кел бери деп Асан келди,
Мыкташып бел боосуна колун салды.
Колуна тийүү менен эр Асанды,
Көтөрүп Шайызында жерге салды.
Үсөйүн дагы ушташты* жетип барып,
Менин агам жыгылды сенден нагып*.
Колуна тийүү менен дагы жыкты,
Эр Аалы ыза болду айран калып.
Ыза болуп эр Анапия карап турду,
Эки агам жыгылды деп намыз кылды.
Күрөшүп ары бери жүрдү дагы,
Көтөрүп Анапияны айландырды.
Ол жерге азирет Аалы жетип барды,
Бек катуу ачуу келип капаланды.
Баарында балаларды сен жыктың деп,
Жактырбай Анапияны жулуп алды.
Жыктым деп балаларды сен элирбе,
Булардын ким экенин билесизби?
Күрөшүп баарын жыктың балалардын,
Мени менен көңүлүң барбы күрөшкөнгө?
Жыгылды балаңыздын баары бизден,
Кан кетер ачууланса кызыл жүздөп.
Күрөштөн сен качпасаң мен качпайм,
Жыгылсам уяты жок ата сиздеп.
Эр Аалы ыза болуп кетеди энди,
Кантседа саган күчүм жетер деди.
Эр Аалы каарланып шилтеди эле,
Баланы кара жерден көтөрбөдү.
Эр Аалы көргөн эмес мындай ишти.
Ойлоду неткен жан деп мынча күчтүү.
Кезек менен Шайызында шилтер эди,
Арстан кырк кадамдай жерге түштү.
Бул ишке азирет Аалы айран калган,
Мындайлык көргөн эмес тууган жандан.
Ачуусу арстандын катуу келип,
Деп айтып учтарында ой санаанын.
Атасы ачууланып кармаганда,
Балага заары өтө түштү.
Жаш бала айтты медет бер мага деди,
Мухамед Рассула бабам деди.
Асан менен Усейин агаларым,
Сыйындым атам Аалы саган деди.
Колдой көр Нурмухамед таксыр бабам,

Жардам бер атам Аалы шаймерден.
Сүйкүмдүү байгамбардын берсенти элең,
Фатима жардам бергин мушбак энем.
Сарыбар эки дүйнөнүн бабаң эдиң,
Жар болгон кызылганда паанам эдиң.
Алышкан он жети күн Аалы менен,
Колдой көр пир Дарыйка энем эдиң.
Эр Аалы муну эшитип айран калды,
Баланын келбетине көзүн салды.
Шайызында ким экенин тааныган соң,
Бетинен атаң мен деп сүйүп алды.
Эсен соо келдиңби карып балам,
Сак саламат олтурбу Дарыйка энең.
Алдага миң шүкүрлүк кылдым деди,
Тирүү көрдүм, жүзүң көрүп аман.
Өз атасы экенин бала билди,
Кармаган колун жазып коё берди.
Тааныбай адепсиздик иш кылдым деп,
Издеген өз атама колум тийди.
Зарланып Шайызында катуу күйдү,
Бетинен кой балам деп Аалы сүйдү.
Не бетимен уялбай турамын деп,
Агам менен өз атама колум тийди.
Зарланып Шайызында төктү жашты,
Зарлыгы шол арада жандан ашты.
Не бетимен уялбай турамын деп,
Жулкунуп карматпастан туруп качты.
Турбады чакырса да Шайызында,
Эр Аалы арт жагынан кууду шондо.
Кууса дагы Аалыга жеткизбестен,
Бир үлкөн тоону көздөй түштү жолго.
Жете албай азирет Аалы кайтып келди,
Кууганы дулдулуна келип минди.
Дулдул менен кууса да жеткизбестен,
Бир үлкөн Шайызында тоого кирди.
Ал тоону аралады Азирет Аалы,
Дарегин баласынын табалбады.
Бир көрүп берзентимден айрылдым деп,
Аалы келип байгамбарга зар ыйлады.
Байгамбар жыйып алды элдин баарын,
Аалынын баласы үчүн көңүлү жарым.
Тирүү жан издегени жатыр эди,
Ырасул кабар берди кабар керим.
Эр Аалы баласы үчүн зар ыйлады,
Ар ишти өзү кылган бир кудайды.
Жебирейил байгамбарга кабар берди,
Баласын издебееин табылбайды.
Бир гарды* мекен кылып турар деди,
Акыр заман болгондо чыгар деди.

Ага чейин ок жонор* кар алдында,
Казаты бир душманга кылар деди.
Ол гарды издеп барса Аалы көрөр,
Көргөн соң көзү менен өзү билер.
Ыкылас көңүлү менен барган жанга,
Ол октун жонгон добушу эшитилер.
Жебирейил байгамбарга кабар берди,
Токтотту байгамбарын Аалы шерди.
Шайызында кайып болуп кирген жерин,
Аалы менен көп калайык барып көрдү.
Бул жактан кытай барар Самарканга,
Көк кашка карыз кылар тирүү пенде.
Көктөн Ыйса түшөдү жердин маади,
Ошол мезгилде чыгады Шайызында.

## К. ОРОЗОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

*Түшүндүрмө сөздөр текстеги маанисине карай берилди*

| | |
|---|---|
| Кажатсыздан | - айласыздан. |
| Кыса | - адабий жанр, аңгеме, жомок, ыр, баян. |
| Заңги | - жырткыч кебетеленген, каардуу, күчтүү адам. |
| Билге | - пилге. |
| Аягы | - буту. |
| Пар | - тең келер деген мааниде. |
| Диңгек | - мамы. |
| Кабараты | - кабары, дайыны. |
| Байгамбарга | - азирети Аалынын кайнатасы Мухамед пайгамбар. |
| Жаабаба (жаа, баба) | - оо, ата. |
| Сарсаң | - мусапыр болот, башына түйшүк түшөт, санаага батат. |
| Арслан | - арыстан (Аалы туурасында). |
| Таат | - такат, сабыр, чыдам. |
| Маухпузда | - кудайдын ыйык китебинде, буйругунда. |
| Бото | - мойнуна салган жоолук, кур (повязка на шею). |
| Саапалар (сахабалар) | - 1). Жолдош, жөкөр, дос-жар; 2). Мухаммед пайгамбардын жан жөкөрлөрү. |
| Муварек | - 1). Кутту, касиеттүү, ыйык; 2). Мында куттук айтып, бирок арты кандай болот деп тынчсызданууну туюнтат. |
| Бери | - пери. |
| Кайнасылың | - ата тегиң, жериң, элиң ким? |
| Мунавара | - ыйык жер. |
| Керигин | - носорог. |
| Арзу | - суроо талабымды канааттандыр, ырайым кыл. |

| | |
|---|---|
| Зилзаала | - жер титирөө. |
| Жөөттүн | - уруунун аты, (еврей). |
| Зардабынан | - экөөнүн күрөшүнөн кийинки абал (ущерб). |
| Мужас | - туура болбойт, зарылдыгы жок. |
| Ада | - бүтүү, түгөнүү, аяктоо. |
| Бакыр | - жөнөкөй, кембагал адам. |
| Мурадымды | - максатымды, тилегимди бер. |
| Кадыткер | - алланын жолун урматтоочу, жолдоочу. |
| Зул жалалым | - алланы даңктоочу ысым (славный). |
| Чамалурум | - алым, чамам. |
| Чамбиям мурсабна-бий | - ыйыктарга кайрылуу. |
| Ыраспа | - уят. |
| Аксарбари | - мусулмандардын башкаруучусу, жол баштоочусу. |
| Мунажат | - кудайга кайрылуу, сыр айтуу. |
| Парчалары (барчалары) | - баары, бардыгы. |
| Намсин | - эс алды, уктады. |
| Жуда | - көрүнбөй калды, кайып болду. |
| Шапагат машар (макшар, расат) | - о дүйнөдө күнөөсү үчүн жооп берчү күн. |
| Никайа | - абдан, көп, өтө сыяктуу күчөтмө сөздөрдү түшүндүрөт. |
| Ашык | - чүкө. |
| Иңгирет | - боздоп ыйлоо, ачуу кайгы. |
| Зак бараңдай | - кайгыга батып, өңү саргайып. |
| Акка | - чындык үчүн, тууралыгын билүү үчүн. |
| Кидирип | - токтой туруп, абайлай туруп. |
| Ушташты | - кармашты. |
| | |
| Нагып | - эмне үчүн. |
| Гарды | - үңкүр, тоонун жаракасы. |

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# „КЫЗ ДАРЫЙКА” (К. АЛИМАНОВДУН АЙТУУСУНДА)

## КЫЗ ДАРЫЙКА

Бул сөздү мен жазууга бир себеп бар,
Окуучу болгон ишке көңүлүң сал.
Кыз балбан Дарыйканы айтып бер деп,
Чакиден сурап калды отургандар.
Чаки айтты Дарыйка кыз кабылан шер,
Аз болгон заманында ошондой эр.
Ал кыздын айбатынан жоо жолобой,
Душмандан аман болгон аз кыпчак эл.
Энди биз токтобойлу Дарыйкага,
Келерибиз өз кезегинде кийин ага.
Жаздың деп кайдан алып бул кызаны,
Бирөөлөр суроо берер балким мага.
Суроого кимдин болсо акысы бар,
Чын ушул окугандар оюна алар.
Ал киши айткан кезде Дарыйканы,
Мени да кызыктырды уккан кабар.
Ойлонуп кылар иштин таппай эбин,
Акыры ушул болду оюм менин.
Жашырбай сырды өзүнө айтайын деп,
Түшүнттүм аксакалга иштин жөнүн.
Ошондой кыялданып жүргөндө мен,
Жалгыздап сөз сурадым ал кишиден.
Аба дейм сиз сөз кылган Дарыйка кыз,
Чыгыптыр айтыңызчы кайсы элден.
О балам, кандай ой бар чынын айтчы,
Бул сөздү сурамакта себеп кайсы.
Ичиңде катып жүргөн сырын барбы?
Түшүнтүп мага толук кабарлачы.
Ата, дейм менин оюм өтө терең,
Бекирим акылдашуу өзүм менен.
Сиз айткан шер балбан кыз Дарыйканы,
Ыр менен максатым бар жазсам деген.
Салмактап өзүмдү-өзүм көрсөм ченеп,
Бул ишке сизден толук жардам керек.
Мени дагы ойлондуруп түрткү берген,
Сөзүңүз сиздин айткан болду себеп.
Аба, дейм картайдыңыз кана энди,
Артыңда атың чыгып калсын белги.
Калтырбай айтыңызчы бул дастанды,
Ширинден ширелетип окуучу элди.
Жазамын сиз айтты деп кыздын жайын,
Атыңыз унутулбай жүрсүн дайым.
Көөнөргөн эскилерди жууп-чайып,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Өң берип дал өзүндөй сыр сырдайын.
Рахмат жакшы балам сураганың,
Кубантат элдик сөздү улаганың.
Айтайын жазам дедиң кайрат кылып,
Өлбөсөм артын күтөм убаданын.
Мага да айткан эле бир даанышман,
Обушуп элден-элге келе жаткан.
Өткөндөн кийинкиге мурас болуп,
Жоголбос эл жомогу улуу дастан.
Сен жазсаң күчүң жетип муну балам,
Жаш муун окуучулар кабар алар.
Чакинин кара сөзүн ыр кылды деп,
Айтылып кийинкиге атың калар.
Ук, балам сен сураган Дарыйка шер,
Ааламга аты чыккан кыз балбан эр.
Кыпчактын кызы эле деп ал баатырды,
Далилдеп айтып кеткен өткөндөгү эл.
Казакта кыпчак урук тажик да бар,
Өзбекте дагы көптөй уккан кабар.
Айтылган бардык жердин кыпчактары,
Тууганбы биле албадым бардыгы алар.
Кыпчакты тууган дешет биздин кыргыз,
Ичинен эрлер чыккан унутулгус.
Элине убагында кызмат кылган,
Атактуу баатыр болгон Дарыйка кыз.
Кыздардан аз болгон жок балбан деген,
Кечеги Жаныл мырза Сайкал эжең.
Өзүнүн заманынын арстандары,
Кыргыз эли мактана алат алар менен.
Чубашып кетпедиби далай кылым,
Нечен эр канча батыр өткөн мурун.
Эскерип эл унутпай айта-жүрөт,
Сүйгөн кыз баатырларды сүйгөн уулун.
Уккамын мен да муну аталардан,
Унутпай картайганча ойдо калган.
Баш ийген Самарканга көп улуттун,
Багына жаралган деп ал кыз балбан.
Ал кезде алсыздарды алдуу жагы,
Талкалап чаап алып турган чагы.
Жолотпой мекенине эч бир душман,
Кыз арстан болгон экен эл ардагы.
Кубанат кыпчак эли кызы үчүн,
Дарыйка эл тынчына жумшайт күчүн.
Былк этпей көтөрөмүн деп ойлонот,
Мекендин артылса да жүгү бүтүн.
Чырагым дал ушундай кыздын сыры,
Жазылсын жазам десең сөздүн чыны.
Жолугуп кээ бир жерден кезигерсиң,
Анын да алыш-чабыш болгон чыры.

Биз уккан илгерки элдин балбандары,
Алардын аз болбоптур жаңжалдары.
Бир кезде меймилчектен майга батса,
Кайталап карызынан болгон каны.
Май чайнан, кан шимирип кезинде алар,
Жол басып дал ошондой өттү аталар.
Буларды өзгөртпөстөн орду менен,
Күч барбы сен да балам бүт жазалар.
Кээ бирөө казал кылды Дарыйканы,
Мыкты деп чыгыш элдин кыз балбаны.
Көбүнчө дин жагына бурмалашып,
Бузушкан кайран сөздү алар дагы.
Калтырбай толук жазса Дарыйканы,
Чоң дастан китеп болор мунун баары.
Оо балам, жазам десең толук жаз деп,
Мен жакка сөздү бурду Чаки кары.
Сурадың барын толук айтып бердим,
Кызы деп Дарыйка шер кыпчак элдин.
Эл айткан эски сөздү бурмалаба,
Адамдык ар уяттуу болсо белгиң.
Кызанын эң жакшысы элге жакса,
Талашып колдон колго өтүп атса.
Жаратыш андай сөздү жазуучудан,
Чындыктын бал ширесин тамчылатса.
Казалың эл сүйгөндөй болсун сонун,
Кызыгар окуучунун тапсаң оюн.
Жазганың ширесиндей болсо балдын,
Анда сен асты жактан алдың орун.
Күн-түнү айтып берди мага барын,
Жаткандай оозун ачып казынанын.
Токтобой жаза бердим уккандарды,
Калтырбай карыянын айткандарын.
Чаки айтты жолуң болсун берген батам,
Болгону чала жазып кыскартпасаң.
Эл айтып келе жаткан бул дастанды,
Калса деп кийинки элге тилейт атаң.
Өзүңдө сын көп балам, ойлоп турам,
Чоң ишке тобокел деп калам урсаң.
Адамдык сапатындан айрылганын.
Чындык сөз мен айтканды бурмаласаң.
Окуучу устатына карыз деди,
Үйрөттүм шакирт кылдым балам сени.
Бүтүн жаз бүлүндүрбөй элдик сөздү,
Сыйласаң устатым деп эгер мени.
Сөзүңүз аксакал дейм айтылгандай,
Жазылат баары бүтүн бири калбай.
Беремин окуучуга өзгөртпөстөн,
Ичинен бир сөзүн да кошуп албай.
Бул сөздөр болгон эле Суусамырда,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Дем алып отпускада жүргөм анда.
Сөз берип ал кишиге үйгө кайттым,
Билгизбей пикиримди эч бир жанга.
Чындык сөз айта турган ушул жерде,
Бир гана жазсам деген пикир менде.
Көөнөргөн эски сөздү козгогонум,
Жагабы жакпайбы деп ойлойм элге.
Ушундай кыялданып үйгө келдим,
Оюмду бир курбума айтып бердим.
Ыр кылып кара сөздү күчүм жетсе,
Жазсам дейм акыл кошуп жардам бергин.
Бали деп айткан кишим мени демек,
Күчүңдү окуучулар көрсүн ченеп.
Жазууга кызыктырып түрткү берген,
Кайраты Молдосандын болду себеп.
Ал киши мындай айтат жана дагы,
Арабдын чоң балбаны Азиретаалыны.
Дарыйка кыз экөөбү кармашканын,
Кийинки кабарланса жаштын баары.
Калтырган ата-бабам мурас кылып,
Осуят катарында бизге аны.
Карыдан жаш муунга сөз калтырыш,
Карыз сындуу мойнубузда биздин дагы.
Дегенде мен ойлодум жазсам чыдап,
Көңүлдү өргө чаап көрсөм сынап.
Кайшактап канча мени ойлондурду,
Жаш өтүп кашаңтартып крлган убак.
Ошентип алпурушуп кыял менен,
Олтурсам токтоно албай ойдо терең.
Туура жаз укканыңды качпагын деп.
Калдайып келген өңдүү Дарыйка эжем.
Майданда ат ойнотуп кармашышкан,
Көзүмө элестеди эки берен.
Эр болсоң талабыңан качпагын деп,
Бир кайрат пайда болду жазгын деген.
Бел байлап тобокел деп көңүлүм менен,
Жазайын сынап көрсүн окуучу элим.
Күчүмдүн бардыгында аянбайын,
Айтышар жашырбастан кемчилдерин.
Мен өзүм чала сабат билим начар,
Талпындым улуу ишке ушул сапар.
Канчалык күчүм кетип каралсам да,
Оюм жок максатымдан кайра тартар.
Билбестик каталыгым кеткен чыгар,
Билгендер баа берип өзү сынар.
Түзөтүп менден өткөн кемчиликти,
Алардан үмүткөрмүн жардам кылар.
Сынчынын эң жакшысы болот адыл,
Айтканы, сындаганы чындык анын.

Өтөт деп иштегенден жанылыштык,
Түзөөгө жаңылгандын ойлойт камын.
Сынчынын жолуксам да кайсысына,
Сиздерге тартуу кылган сөзүм мына.
Жараша сапатына ар бир эмгек,
Баасын жакшы жаман алат тура.
Кээ бир сөз балдын тамгап тамчысындай,
Андайды кулак укса курчу капбай.
Эл айткан эскилердин дастаны эле,
Ширээсин кетирдимби мен жаза албай.
Жазгандын жакшысы бар начары бар,
Кемчилик менден дагы көп табылар.
Катамды кечиргиле айып этпей,
Кийинки бул кызаны окугандар.
Мейли оку, мейли окуба калды менден,
Кызматым ушул болду колдон келген,
Чыгарын ойдон өзүм жазганым жок.
Уккамын мен муну өткөн элден.
Жардамчым жанымдагы сыя калам,
Жазууга кайрат кылып талаптанам
Ар кими өз баасын берип чыгар,
Деп айтар бири жакшы бир жаман.
Узартпай башка сөздү таштап энди,
Баштайын Дарыйка кыз арстан шерди.
Тилегим окуучуга жагып калып,
Артымда менден калган болсо белги.
Дүнүйөдө эмнелер жок баары болгон,
Кара жер бир бөксөрүп, бирде толгон.
Башынан бири келсе, бири кетип,
Алмашып келе жатат өтүп колдон.
Бирөөлөр падыша болгон такка минип,
Кылычтан кан агызган жеке билип.
Эл үчүн кызмат кылган баатырлар көп,
Душманга төшүн тоскон каршы жүрүп.
Байгедей баатыр падыша увазир канын,
Кара жер өз бооруна тартты баарын.
Билгенге өмүр деген асмандагы,
Жарк этип учкан жылдыз мисал анын.
Чарп эткен өмүр кыска чагылгандай,
Закымдай учуп жүргөн сабыр кылбай,
Алдыңдан үмүт кылып жүргөнүңдө,
Бир күнү укурук түшөт камындырбай.
Ар ишке эмне болсо шашыш керек,
Өмүрдүн баарын бизге берген ченеп.
Түгөнүп ичер сууң, күнүң бүтсө,
Эч кандай токтотушка болбойт себеп.
Жазганда мен да шаштым Дыйканы,
Көз көргөн мурунку элдин кана баары.
Окуган атымды айта жүрүү үчүн,

Артымда калса экен деп бул кызаны.

## ДАРЫЙКАНЫН АТАСЫ КАТЫРАҢ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК

Отурам калам алып ойлоп баарын,
Карызынан кутулсам деп Чаки абамын.
Азыркы мен жазайын деп отурган,
Түшүнтүп мага айтылган сөздөрү анын.
Жазам деп убадамды бергем чындап
Айып го айткан сөзду эки кылмак.
Которуп кара сөзүн казал кылдым,
Окуучу баа берип көрсүн сындап.
Деди эле кыргыз-кыпчак бир эле айыл,
Бөлүнбөй ирегесин жүргөн дайым.
Айтышпай сен кыпчаксың мен кыргыз деп,
Бөлө ичкен үй-бүлөдөй чөөгүн чайын.
Аралаш жакын жүрчү ал эки урук.
Жашашчу башы күн тең бирге туруп.
Ынтымак эл ортосу жардамдашып,
Келаткан бир-бирине колун сунуп.
Үрп-адат формасы бир салты дагы,
Бир тилде сүйлөшүшөт эки жагы.
Буларда бөлүп айтар эч белги жок,
Эң окшош жашоо шарты, турмуштары.
Иш болсо бир-бирине акыл салып,
Кошулуп жоого аттанса бирге барып,
Азыркы бизге маалым түштүк жактан,
Отурган тоо кыркалап орун алып.
Жүргөн эл берекеси агып жаткан,
Жай чарба дан өстүрүп малын баккан.
Кенен жер берекелүү ал айылга,
Душман көп кызыгышып көзүн арткан.
Ошондо керек болчу элдин күчү,
Табылчу эл багына андай киши.
Душмандан ата журтун коргоп туруш,
Баатырдын мойнундагы милдетинин.
Айтышчу баатыр эл деп кыпчак элин,
Самашып отурушчу балбан эрин.
Алардын бир жигити Катраң деген,
Силерге түшүнтөрүм ошол менин.
Өткөндүн аты маалым балбандарым,
Айтууга кучүм жетпейт анын баарын.
Балдарым көңүл коюп жакшы уккула,
Кыпчактын эл камкору Катранын.
Жүрчү экен кыргыз-кыпчак аны сыйлай,
Айтканын аткарышып эки кылбай.
Душманга карыш чаап төшүн тоскон,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Болбоптур убагында жигит мындай.
Караган Самарканга элдин баары,
Ардактуу баатырыбыз дешип аны.
Өзү да балбан экен аты чыккан,
Алардын заманында кадырманы.
Ошолор туу тапшырат ал балага,
Көпчүлүк ишенди деп баатыр сага.
Туу кармап жоого барыш алды менен,
Андыктан милдет болуп калган ага.
Көп болгон ал убакта уруш-жанжал,
Алсызды алдуу жагы басып алган.
Кармашып кан жыттанып турган чакта,
Тууду алып жүрүшчү экен элдик балбан.
Ошондой кагылышкан шум заманда,
Туу деген бир ишенич болчу аларга.
Ажалга каршы чапкан жеке чыгып,
Баатырлар көп болгон дейт аталарда.
Кантсе да тууду барып жыгып келиш,
Ошондо алардыкы болмок жеңиш.
Тура албай туу жыгылса душман жагы,
Майдандан качышчу экен баары тегиз.
Туу кармап беттешкенде эки жак тең,
Мекенин коргоп турган бир тарап эл.
Баскынчы экинчиси уруш баштап,
Тынч элден арам тамак издеп жеп.
Астынан тосо чыгып келген элдин,
Намысын сакташ үчүн мекен жердин.
Талкалаш тууну жыгып баскынчыны,
Ардактуу милдети эле баатыр эрдин.
Туу үчүн далай эрдин башы кеткен,
Анчалык ардакташат эмнеликтен.
Туу менен элдин туун көтөрүшүп,
Аталар өз тууларын тигип өткөн.
Кармашкан кагылышкан майдандарда,
Катыран туу жыккан дейт бир сайганда.
Кайтпастан канча жолу каршы чапкан,
Душманда туу кармаган балбандарга.
Чыгыптыр эрөөлгө эчен ирет,
Эмгегин анын кылган эл да билет.
Андыктан кол баштатып ал жигитти,
Ардактап ата-журту сыйлап жүрөт.
Айтылганы аталардын ошол туу,
Укканбыз көз көргөн жок балдар муну.
Туруктуу туу кармагам баатыр болсо,
Ошол жак жеңет экен акыр түбү.
Көп болгон ал заманда ууру — кары,
Олжо издеп жортуп жүрчү анын баары.
Жолотпой мекенине зыянкечти,
Катыраң элин коргоп турган чагы.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Түрк кытай, чыгыш жактан монгол калмак,
Алар да оңун тапса басып алмак.
Кол баштап жоого аттанып кан кечишип,
Андайда эр башына түшөт салмак.
Ким эле ал кездеги кайрат кылган,
Качырып душманына каршы турган.
Катыраң каруусунан канга батып,
Ал болсо келген жоого найза сунган.
Ошентип жүрөт экен Катыран шер,
Акылкөй жана баатыр ал кеменгер.
Акыры аны дагы кайгыланткан,
Дагдырдын каалап берген бактысын көр.
Бир күнү Катыраң шер чач алдырып,
Алдында чоң күзгүнүн турса барып.
Көрүптүр күбөсүндөй карылыктын,
Калганын сакал чачы бүт агарып.
Ойлонот өмүр кандай алдап кеткен,
Мынчалык шашып өтөт эмнеликтен,
Келгенче ушул жашка бала көрбөй,
Боломбу белгиси жок арманда өткөн.
Атамдын убагында Катыраң балбан,
Душмандан канча жолу иамыс алган.
Ошондой эл балбаны атым өчүп,
Изимди жоготмокпу дүнүйө жалган.
Күн санап күчөй берди кайгы-зары,
Көзүнөн жаш ордуна агып каны.
Балалуу болсо экен деп кайран балбан
Тилешет көпчүлүктүн түгөл баары.
Катыран күйүп-жанат бала десе,
Эсиркеп аны сүйүп бала берсе.
Баланын үнүн угуп арманым жок,
Мейли анан раазымын ажал келсе.
Ойлонуп жүргөнүндө баатыр күйүп,
Аялы жүктүү болот тагдыр сүйүп.
Көз жарып аман-эсен төрөсө деп,
Өткөзөт тогуз айды санап жүрүп.
Ошентип күткөн бала убакты жетип,
Аларга бир кыз берди насип этип.
Ата-эне кубангандан бою балкып,
Көргөнгө бул баланы шүгүр дешип.
Мен энди ыраазымын деди балбан,
Кугулун көңүлүндөгү кайгы зардан.
Жалгызым аман болсо бул жалганда,
Артымда белек болсун менден калган.
Сүйүнүп тоюн берип, малын соёт,
Келген эл Катыранга конок болот.
Кеңешип акырында карыялар,
Баланын Дарыйка деп атын коёт.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кандай сөз аты жакшы бала деген,
Чымырап ойго түшсө бүтүн денең.
Уктабай узун түндө, тынчы кетип,
Баккандыр баарыбызды ата-энең.
Карызым деп тарбиялаш жаш баланы,
Жакшылап күтөт экен атасы аны.
Жай сүйлөп ата-энеси акыл айтып,
Ар дайым ойлогону бала камы.
Баланын кубанычы билсе кандай,
Адамга шириндиги шекер балдай
Кызыгы арта берди күндөн-күнгө,
Көрсө да кумарланып мооку канбай.
Күн санап өсө берди кызы дагы,
Кызыгып байкап жүрөт элдин баары.
Айтышат арстандай түрүн көрүп,
Балбандын белгиси деп бардык жагы.
Шашылып өмүр жолун ылдам алып,
Илгерлеп Дарыйканын жашы барып.
Кут болсун балбаныбыз жетилди деп,
Көпчүлүк кубанышат көзүн салып.
Баласын байкап жүрөт шер тымызын,
Жактырат баа берип жалгыз кызын.
Артымда арстандай бала калса,
Болбойбу бак-таалайым чоң ырысым.
Сынашат Дарыйканы эрлер келип,
Кыз балбан келгендерди кетет жеңип.
Адамда теңдеши жок бала экен деп,
Баатырлар кайтат экен баа берип.
Бир күнү көпчүлүккө Катыраң барып,
Урматтап улуулардын колун алып.
Арзым бар агайындар тыңшап туруп,
Текшерип көргүлө дейт көңүл салып.
Ичимде ойлоп жүргөн бир сырым бар,
Сиздерге жагар бекен ошол кабар.
Эл үчүн эрөөлүүгө мен чыкчу элем,
Жаш өтүп убактым жетти тынчтык алар.
Мына энди мен картайып бала эр жетти,
Балбандан мурункудай кубат кетти.
Силердин мага ишенген тууду берип,
Артсак дейм ал балага бул милдетти.
Бул сөзгө эмне дейсиң айткыла элим,
Силерге сынатайын муну дедим.
Туура сөз туу берилсин шер кызга деп,
Көпчүлүк коштоп кетти анын кебин.
Бактыма балбан болду балам менин,
Кызымдын көрө албадым кемчил жерин.
Көзүмдүн тирүүндө таанытайын,
Колуна курал берип душман элин.

Бул өзү мурунку элден калган дастан,
Картайып Катыран шер түшүп аттан.
Куралын колундагы тапшырыптыр,
Кызына Дарыйка аттуу бала арстан.
Тапшырып өз куралын балам деген,
Эрлердин аты чыгат эли менен.
Жоголбос наам алат түбөлүктүү,
Мекенге кызмат кылып камын жеген.
Куралды мен картайып сага бердим,
Мен дагы башы күндөн эл деп келдим.
Артылган эл кызматын мойнуна алса,
Аткарар милдети ошол балбан эрдин.
О балам, ойлоп жүргүн душмандар көп,
Ар дайым сактык менен корголсун чек.
Эл үчүн эр намыска жарайт деген,
Айтылып аталардан келаткан кеп.
Жай элди талап көнгөн талоончулар,
Тынчытпай тийип качып турар ага.
Ушундай кагылышта эрдин эри,
Жалтанбай душманына найза сунар.
Сыналчу эрдин күчү ушул заман,
Жолугат ууру кары бассаң кадам.
Сак болуп тикирейип бек турбасаң,
Жырткычтай аңдып турат адамды-адам.
Куулар бар култуңдаган тынч жүрбөгөн,
Адамдык ар уятты түк билбеген.
Арага ушак айтып бузуп-жарып,
Бир элди чабыштырган бир эл менен.
Аткарар милдет ушул билсең бала,
Тааный бил зыянкечти элге сага.
Момунду алдап кеткен мителер бар,
Андайлар абийирсиз жүзү кара.
Жолобой душман качып жүрчү менден,
Алардын кубалагам баарын элден.
Сак болгун мен айткандар дагы эле бар,
Күтөрүм ушул деди балам сенден.
Билгизбей ич-койнуңа душман кирет,
Сырыңдын жашыруун баарын билет.
Ал куулар душманыңа сөздү таштап,
Койнуна котур ташын катып жүрөт.
Ошондой мекениңдин душмандарын,
Астыртан издеп жүрүп тапкын барын.
Аяба ал сасыган жумурткалар,
Алышсын эл алдында жазаларын.
Байкагын бардык иште кыраакы бол,
Башка элге ач көздөнүп сунбагын кол.
Ар дайым калыс болуп адал жүргүн,
Адамга пайда берет акыйкат жол.
Айтарым эң акыркы муну түшүн,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Бөлүнбөй эл ортосу болсун бүтүн.
Көп деген бир толкуган чоң океан,
Чыңалат эл колдосо балам, күчүң.
Бар энди бактылуу бол болсун жолуң,
Узарсын мындан ары кызым колуң.
Калдайып калк алдында найза сунса,
Эрлерге андан артык болбос сонун.
Кыз айтат орундалат ата баары,
Балаңдын аман турса чымын жаны.
Өзүңө бере турган антым ушул,
Чачырайт бизге тийген душман каны.
Атыңды булгабаймын ата сенин,
Аткарбайт кандай бала ата кебин.
Душманга тепсетпеймин касиеттүү,
Атамдын киндик каны тамган жерин.
Сиз болуп эл чогулуп мага келип,
Туу сайып сыйладыңар курал берип.
Ишенген эл милдетин аткарамын,
Жолуккан кыйындыктын баарын жеңип.
Сактоого жоо жолотпой жердин чегин,
Милдетим эл алдында болсун менин.
Улантам сиздин ишти оюма алып,
Ок жонот ата көргөн деген кебин.
Күн өтүп, айлар өтүп жылдар өттү,
Толукшуп Дарыска да бойго жетти.
Чыңалып күндөн күнгө күчү толуп,
Көргөндөр теңдеши жок балбан дешти.

## ТҮРК ЭЛИНИН КЫРГЫЗ-КЫПЧАККА БАСЫП КИРИП КЕЛИШИ

Бир күнү капысынан душман келди,
Тунда ай сүрөт бар түрктүк белги.
Жоо келди Дарыйка арстан айылга деп,
Чектеги турган элдер кабар берди.
Чалдырып добулбасын душман жагы,
Жаркылдап зоот калкан колундагы,
Келатат туу көтөрүп сес көрсөтүп,
Баатырсып бакылдашып түрктүн баары.
Өзүнүн аскерине Султан барып,
Айтыптыр төмөнкүдөй кабар салып.
Аз күндө Самаркандан аябаган,
Кайтабыз алтын-күмүш олжону алып.
Кимде-ким бул урушта көрсөтсө өзүн,
Душманга жан аябай тоссо төшүн.
Аларга ар-тык берем олжолорун,
Силерге айта турган чындык сөзум.
Биздин түрк башы күндөн согушчул эл,

Баатырлар баарыңарга ишендим мен.
Азыркы биз бара жаткан куранды улут,
Турганда ийри кылыч келе албайт тең.
Атаңар далай жоого каршы туруп,
Чыгарып кынарынан кылыч сунуп.
Кыйратып келген жерин басып алып,
Олжого тутунушуп кетчи тунуп.
Биз дагы аткаралы ата жолун,
Кана энди баатырларым болсун жолуң.
Качышып кетер бекен Самарканды,
Келаткан билип калса түрктүн колун.
Катыраң картайды аңын баласы кыз,
Ал кызга туу тапшырган кыпчак кыргыз.
Алдырсак ургаачыга түрк элини,
Шылдыңдуу ушак болор унутулгус.
Түрк деген дүбүрүң бар бүтүн жерге,
Аскердин кубаттуусу биздин элде.
Олжолоп Самарканды кайтабыз деп,
Силерге ишенгенден үмүт менде.
Турганда Султан сүйлөп аскерине,
Кыз дагы акылдашып өз элине,
Келсин деп бири калбай бардык киши,
Булар да кабар берет жер-жерине.
Жоо келсе кантип турат баатыр балбан,
Окуучу кабар алгын Дарыйкадан.
Түрктөр деп келе жаткан кошун алып,
Кыз балбан акыйкатын билип калган.
Өзүмдү таанытайын каршы чыгып,
Өткөзбөй чек арадан тумшукка уруп,
Элимди душман каптап келе жатса,
Каламын качкан өңдүү кантип туруп.
Деп ойлоп Дарыйка шер колун алып,
Душманга каршы чыгып тосту барып.
Качат деп келатышкан Самаркандык,
Чоочутат түрк султанын уруш салып.
Аларда сабын түзөп каршы турду,
Эки жак бир-бирине найза сунду.
Кыйкырык ызы-чуудан кулак тунду.
Калдайган Дарыйканы көргөн душман,
Коркушту жеке чыкпай балбан кыздан.
Карабай башка жакка кыздын ою,
Эрлери эрөөлгө жеке чыгып,
Кулатып түрк элинин тун нсыксам.
Түрктөрдүн аты чыккан балбандары,
Турушат тууду коргоп анын баары.
Душманга кайта-кайта чабуул коёт,
Тынымсыз ошол күнү кыздын жагы.
Беттешип турган кезде эки тарап,
Дарыйка туу кармаган эрге чабат.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кылычтап чабышканда түрк баатыры,
Бут тайып үзөнгүдөн ала салат.
Түшүрбөй тууну буайрөө ала калды,
Дарыйка кармашууга ага барды.
Экөөбү салгылашып бир аз убак,
Анын да кыпчак кызы башын алды.
Түшүрбөй тууду алышып колдон-колго:
Түрк эли чыдап турат араң зорго.
Келген жоо мизи кайтып ошол күнү,
Түшүрөт кыргыз-кыпчак түрлүү олжо.
Кайталап согуш болуп аябаган,
Азайып түрктөр жаккы аскердик сан.
Айтарлык бир капаат уруш болуп,
Ал күнү ат боорунан агыптыр кан.
Кеч кирсе эки жакка кетет тарап,
Турушат күзөт коюп жолду карап.
Эр сайып эрөөлгө жалгыз чыгып,
Дарыйка турган экен ишке жарап.
Ыкташып Дарыйкадан душман качып,
Эрлерге шер балбан кыз акылдашып.
Душмандын аскер күчү турган жерге,
Кол салам тургула дейт жардамдашып
Алардын туу турат оң тарапта,
Султаны мүмкүн чыгар ошол жакта.
Мен барын туу кармаган эрин саям,
Силер да камынгыла минип атка.
Ошентип жарак алып соот кийип,
Жанына жолдош алат тандап жүрүп.
Качырып душман элдин туун көздөй,
Кыз арстан тартынбастан кетти кирип.
Дарыйка эң биринчи тууга чабат,
Эр киши душман жагын турабы аяп.
Баатырын тоголото сайган кезде,
Түрк туусу жерге барып түшүп калат.
Туу түштү жеңилгендик дешти белги,
Кыз тарап каптап кирди душман элди.
Кырылып түрк элинин аскерлери,
Ошентип кыргыз кыпчак жоону жеңди.
Тынч элге бүлүк салган башкы кесип,
Олжо деп орундалбай ойдогу эсеп.
Кырдырып аскерлерин ызасынан,
Уу ичип түрк султаны өлдү дешет.
Бүт дүйнө кабар угуп Дарыйкадан,
Түрктөрдү кыйратты деп бир кыз балбан.
Эрдиги маалим болуп бардык жерге,
Дарыйка баатыр деген атак алган.
Ишентип Дарыйкага журттун баары,
Баатыр деп элге керек сүйөт аны.
Катыран бабасы үчүн кубангандан,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Энди дейт арманым жок өлсөм дагы.
Бир күнү кыз атасы Катыран чал,
Көз нурум, жүрөк каным Дарыйка жан.
Өткөрбөй өз кезинде турмуш курат,
Жаралып дүнүйөгө келген адам.
Көзүмдүн тирүүсүндө менин оюм,
Кызыгып көрүп кетсем болсо тоюң.
Көздөгөн максатыма жетип өлсөм,
Тартканча кайта келбес сапар жолун.
Өзүндөй балбанданбы башка адамбы,
Ар кимдин жакшы болот өз тапканы.
Каалаган бирөөсүнө эл ичинен,
Кыпчактын көзүңдү сал кыз арстан.
Сен сүйгөн бала болор адам ага,
Андайды көрүп өлсөм арман кана.
Өткөзбөй жаш өмүрдү теңиңди тап,
Осуят ушул сөзүм балам сага.
Туура дейт Дарыска кыз бул айткан кеп,
турсуз балаңыздын сиз камын жеп.
Азырча токтотулган себеби ушул,
Балаңды мактап жүрөт эл балбан деп.
Ошондой аты чыккан балбан балаң,
Башкага ылайыксыз кантип барам.
Өзүмө күч көрсөткөн баатыр болсо,
Ошого кошуламын сынап анан.
Азым бар айта турган сизге ата,
Баатырмын кызың эмес бала-чака.
Табылар өзүм теңдүү эл ичинен,
Кан дагы каалабаймын болбо капа.
Атасы туура көрүп сөзүн кыздын,
Кызыгы теңин табуу бул турмуштун.
Ар бир жаш сынап көрүп анан кийин,
Кармасын өзү сүйүп бакты кушун.

## КАТЫРАҢДЫН ӨЛҮМҮ

Адамды аңдып жүргөн туулгандан,
Түгөнсө ичер суун колуң сунган.
Бардык жан баатыр болсун мейли башка
Эч адам кутула албайт чын ажалдан.
Катыраң көңүлү тынып баласынан,
Дарыйка дүнүйөлүк шер атанган.
Эрдигин көзү көрүп тирүүндө,
Келбеске бул жалганга сапар алган.
Кыз балбан атасына ичи күйүп,
Отурду аза күтүп кара кийип.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Солугам суу жетпеген гүлгө окшоп,
Саргайып сак барандай тартты күйүт.
Жан ата кеткениңби мени таштап,
Солкулдап кыз кабылан көзүн жаштап.
Атанын күйүтүнө чыдабады,
Жүрсө да арстан деп эли мактап.
Уккан эл кыз балбандын бул кабарын,
Атага карызы ошол дейт өз баланын.
Кимде-ким ата-эне үчүн жашын төксө,
Карызынан кутулганы дешет анын.
Барышып Дарыйкага жашы-кары,
Чогулуп көңүл айтат элдин баары.
Кайрат кыл кайгырганда орду келбейт,
Болор иш болду балам жазуудагы.
Өлбөсө өткөн кана аталарың,
Убактында алар да алды өз сапарын.
Энеден туурган адам өлөт деген,
Түшүнгүн айтып кеткен эл кабарын.
Ойлончу бизден мурун канча эл өттү,
Өлбөсө ата-баба кайда кетти.
Опасыз бул жалганда ким калмакчы,
Амал жок атаңызга ажал жетти.
Кайгыны кажыбаган кайрат жыгат,
Кантмекчи казага адам мою сунат.
Жай болсун жаткан жери ал кишинин,
Өлүмгө сабыр керек уккун чырак.
Дегенде Дарыйка шер тыйып жашын,
Көтөрүп жаткан жерден турду башын.
Келгенди мейман кылып узатыптыр,
Тарттырып атасы үчүн тамак-ашын.
Өлгөндү унутат го акыр жагы,
Ким болсун кандай киши мейли баары.
Кыбырайт тирүү киши тирүүлүктө,
Бул өзү чындык сапат адамдагы.
Биз энди сөз козгойлу Дарыйкадан,
Арабдан издеп келген Аалы балбан.
Күрөшү экөөнүн унутулбай,
Айтылып элден-элге бизге калган.
Эмгеги эр кишинин билсе багы,
Айтылып эл оозунда калат баары.
Эмгексиз элди эзип өтүп кеткен,
Падышанын кимге керек алтын тагы.
Эмгекти эрдик менен кылсаң адал,
Каалаган ушундайды чындык заман.
Качырып эч нерседен кайра тартпай,
Эл үчүн жан аябайт баатыр адам.
Ушундай эрдин бири Дарыйканы,
Айтты эле Чаки аксакал мындай аны.
Атагы дүнүйөгө дүбүрөгөн,

Ал кезде Самаркандын кыз балбаны.

## ДАРЫЙКАНЫН БАШЫНАН ӨТКӨРГӨН АҢГЕМЕЛЕРИ

Жолборстой жоо жолотпос Самарканга,
Балбандын балбаны экен ал заманда.
Дарыйка адамзаттын арстаны деп,
Атагы тарап кетет бүт ааламга.
Качпаган эч нерседен баатыр болду,
Жоготту ууру кары арам колду.
Калкына адал кызмат кылган үчүн,
Калыс кыз, кабылан шер атка конду.
Атанды Самаркандын кыз кабланы,
Урматтап сыйлайт экен аны баары.
Тынымсыз кызмат кылып мекен үчүн,
Ар дайым иштегени элдин камы.
Ал заман кандай заман ойлон карап,
Алдуу алсыз жагын кетчү талап.
Эл үчүн эрдин күчү керек кезде,
Колунан түшпөйт экен кыздын жарак.
Тең көрбөй аялдарды эркек менен,
Жүргөндө баатыр чыгып Дарыйка эжең.
Кыз балбан беттешкенди тоголотуп,
Калп болду кайраты жок аял деген.
Айтыптыр Дарыйка шер менин күчүм,
Жумшалат жакшылыкка баары бутүн.
Кармашам өзү тийген душман болсо,
Ата-журт эли-жердин намысы үчүн.
Ошентип ойлоп жүрөт арстан шер,
Атактуу Самаркандык кыз балбан эр.
Сыртынан атагына кумар болот,
Ал кыздын атын угуп көрбөгөндөр.
Өзү да бойго жетип толгон жашы,
Кымча бел кыз бүткөндүн кынгач кашы.
Чолпондой жодураган кара көзү,
Калтардай карга оонаган колоң чачы.
Кымыздан балдан ширин кыз атагы,
Жигитти кызыктырбай тынч жатабы.
Атайы кумар болуп көрмөк үчүн,
Эрлердин келген экен бир катары.
Жүрөбү аял эрсиз жалгыз өзү,
Болбойбу андай кызда элдин көзү.
Ким болсун теңин тапкан жаңылбайт деп,
Оюнда аталардын айткан сөзү.
Турмушту сынап көрүп Дарыйка арыстан,
Түшүнөт бардыгына кыз даанышман.
Тайгалып турмуш жолу адаштырбай,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Деп ойлойт теңим тапсам жанылбастан.
Сүйүүдү кээ бирөөлөр женил көрөт,
Ойлонбой жолукканга кете берет.
Кызыгат сыртын көрүп жалтыраган,
Антарып ичин ачып көрбөйт чендеп.
Кимде ким тениң тапса сүйүп тандап,
Турмуштун жакшы жашоо жолуна арнап.
Өзүмө ылайыктуу бирди тапсам,
Анда мен бакты кушун алдым кармап.
Өзүнө өзү берип түрлүү кеңеш,
Ойлонот турмуш куруу тамаша эмес
Кыздардын жаңылганы ошол болот,
Болбосо сүйгөн жары өзү теңдеш.
Ушундай батып жүрөт ойго терең,
Тепкени текке кетпес кайран берен.
Жазганбай оозу батып мага тий деп,
Ким келип сүйлөшө алат мени менен.
Аялга жуучу келүү кызга жаштан,
Бул өзү адет болчу абал баштан.
Ар жерден ат арытып киши келет,
Айттырып Дарыйкага кандан, шахтан.
Алардын максаттары бирөө гана,
Ар кими ойлонушат тийсе мага.
Кыз балбан макул көрсөң баш кошолу,
Ашыкпыс күйүп жанып арстан сага.
Бир эмес мындай каптан канча келди,
Жадатып жиберди окшойт арстан шерди
Жакшы айтып келгендердин бардыгына,
Дарыйка төмөнкүдөй жооп берди.
Адамдын турмуш куруу бул жумушу,
Айыпсыз аталардын кылган иши.
Сынабай жүрөк сүйбөй турмуш курса,
Жаңылат аял эркек бардык киши.
Чын сүйгөн ашык үчүн күйүп жанат,
Бирөөлөр атагыңа кумарланат.
Каалашып эки жүрөк бирдей соксо,
Ошондо өз курбусун жаштар табат.
Ойлонуп мени алам деп жүргөн адам,
Сиздерге айта турган ушул салам.
Күрөшүп мени жыгып күч көрсөтсөң,
Сүйгөнүм ошол менин анан барам.
Ар кимдин ылайыктуу болот теңи,
Бул сөзү аталардын айткан кеби
Максатым өзүм сындуу балбан табыш,
Кан падыша кызыктырбайт алар мени.
Жоопту кыздан угуп кайтты баары,
Жуучуга келип жаткан адамдары.
Амалсыз күдөр үзүп калат экен,
Балбанды алсак деген каңшаары.

Чакыртты акылчасын шср балбан кыз,
Отурду кылбат жайда алар жалгыз.
Кат келип мага тий деп кандап, шактан,
Жададым салмак басты көтөрө алгыс.
Уятсыз ойлонуңузчу бул кандай деп,
Айттымбы мен аларды сүйөмүн деп
Өзүмдүн башы күнтөн бир шартым бар,
Балбанга мени жыккан тиемин дсн.
Жашырбай карыяга айтты мындай,
Жүрөмүн ушул кезде санаам тынбай,
Эр болсун, баатыр болсун кантип жүрөт,
Өзүнүн убагында турмуш курбай.
Жаш деген гүл эмеспи жайнап турган,
Жанылбас убагында турмуш курган.
Өткөзсөң убагыңды билбей калып,
Солуган гүл болосуң газан* урган.
Бул сөзгө өзүң ата акыл табар,
Кезиксе алма кантип мөмө салар.
Өткөзбөн гүлдөп турган жаш өмүрдү,
Менин да турмуш куруу оюмда бар.
Балбандын бир катарын көрдүм сынап,
Бет алып келе албадым ага чыдап.
Суу жүрөк баатырсынган андайларга,
Канткенде сүйүп адам турмуш курат.
Көп жашап, көптү көргөн сиз даанышман,
Билет деп себеп ошол сырымды айткан.
Бар чыгар сиз билгенден менден мыкты,
Айтыңыз балбан болсо жашырбастан.
Дегенде карыя айтат уккун балам,
Жашырам кантип сенден чындыкты анан.
Канчалык мыкты болсо теңи бар деп,
Мурунку айтып кеткен ата-бабан.
Ишенип сырыңды айттың каалап мени,
Жакшыга баш кошсо деп ойлойм сени.
Жашоодун жалгандагы бактысы ошол,
Ар кимдин ылайыктуу болсо теңи.
Айтайын билгиң келсе чын кабарды,
Атагы титиреткен бүт ааламды.
Арабдын арстаны деп аты чыккан,
Ким билбейт бул заманда ал адамды.
Эл журту атак берген Азиретаалы,
Баатырдын баатыры деп айтат аны.
Өзүңө ылайык деп ойлоп жүргөн,
Балбандан ошол киши менин дагы.
Айтылуу Аалы балбан мекедеги,
Дүнүйөдө эч киши жок анын тени.
Максатын чын балбанды табуу болсо,
Баш кошсоң Аалы менен келер жөнү.

Ал сага ылайыктуу болот шерик,
Жолуксан сынар элең өзүң көрүп.
Чакырткын кат жиберип күрөшсүн деп,
Эр эле токтоно албай калар келип.
Адамдын балбанысың күчүң ашкан.
Экөөбүз сыр мүнөзбүз абал баштан.
Азыркы адамзаттын балбаны ошол,
Болбосо өтүп кеткен Үрүстөм дастан.
Дарыйка мындай деди ушул кебин,
Башынан оюмдагы жүргөн менин.
Көрсөм дейм бир кайкашып аны менен,
Кандайча жолугуунун таппайм эбин.
Айтканга ишенбеймин сындан өтпөй,
Балким ал мага калар күчү жетпей,
Көргөнчө токтото тур бул сөзүндү,
Аалыны мыкты эле деп дүбүрөтпөй.
Кыз ойлойт анык мыкты балбан болсо,
Айланып ак шумкардай колго консо.
Кат берип чакыртайын күрөшсүн деп,
Качкансып баатыр эмес келбей койсо.
Көз салып жалгыз аны чакырганым,
Болбойбу тиемин деп асылганым.
Ким болсо күрөшүүгө келсин десем,
Ойлонор көп катары жазылганын.
Деп ойлоп Дарыска шер жазат катын,
Кыз балбан кыпчак кызы Дарыска атым.
Күрөшүп мени жыккан киши болсо,
Ошого ала жупту болом акыр.
Байгедей баатыр болсун мейли башка,
Темин карабаймын кары жашка.
Акыйкат айта турган сөзүм ушул,
Талапкер эл ичинде азаматка.
Эгерде ал жыгылса башын алам,
Тирүүлөй былчыратып жерге чабам.
Өзүнө өзү ишенсе келе берсин,
Дөө болсун башка болсун мейли адам.
Мен кызмын балбан качса коркуп менден,
Жазалайм өзүм барып турган жерден.
Баатырдык милдетинен кутулганы,
Эр жигит күрөшөм деп издеп келген.
Жазылган бул катымды Аалы алса,
Келгин деп чакырылган кабар барса,
Айтылуу баатыр эмес мактангандай,
Катты алып кабар угуп келбей калса.
Ойлонуп ушуларды катты жазып,
Кол коюп акырына мөөрүн басып.
Ал арстан келер бекен деп ойлонот,
Суу кечип, чөп аралап ашуу ашып.
Кат бүттү чабармандар кетти алып,

Ар кими өзүнчөлүк жолго салып.
Бирөөбү чыгыш кетсе бири батыш,
Түндүк эл түштүк дагы кабарланып.
Кат алып кабар угуп журттун баары,
Ар элдин келген экен балбандары.
Келгендер Дарыйкадан жыгылышып,
Артынан дагы келет калгандары.
Көрсөк деп Дарыйканы ким келбеген,
Бил минип балбан келет инилерден.
Баарынын Дарыйкага алы жетпейт,
Алыстан ат арытып келген элден.
Эр келет, баатыр келет, балбан келет,
Келгенди күрөшүүгө баарын жеңет.
Бет албай эч бир адам Дарыйкага,
Ал кыздын турган кези баркы өйдөлөп.
Бул кабар тарап кетет элден элге,
Укпаган киши калбайт бүтүн жерде.
Барыптыр падышаларга кыздан кабар,
Жибер деп балбан болсо элиңерде.
Мухамед Меккесинин болгон башы,
Эң улук заманында мартабасы.
Ага да элчи аркалуу жетет экен,
Аалыны жибер деген кыздын каты.
Арабка ушул кабар таралганда,
Аалыны келсин деген кат барганда.
Дарыйка мыктыбы деп сөз кылышат,
Арстандай айбаты бар Аалыдан да.
Бир күнү Мухамедке Аалы келген,
Деп айтат кат келди деп уктум элден.
Дарыйка кайсы элдин балбаны эле,
Кандай кыз кат жиберген коркпой менден
Укканда бул кабарды келдим сизге,
Ыктыяр баруу когоу эркинизде.
Келбесең барып өзүм жазалайм деп,
Коркуткан каты келсе жазган бизге.
Муну угуп тура аламын кантип чыдап,
Кандай күч бул сапарга жолтоо кылат.
Келеби келбейби деп Аалы балбан,
Ойлонуп Дарыйка кыз турса сынап.
Качты деп душман айтар барбай калсам,
Ар кандай бул намысты оюума алмас.
Арапта Аалы баатыр атагыма,
Туура го балбан кызды издеп барсам.
Коркконсуп кала албаймын энди мында,
Жолума барбагын деп тоскоол кылба.
Аптымда мүдүрүлсөм сүйөй турган,
Жазганам эмнеден эл турганда.
Барайын байкап көрсүн ал кыз мени,
Атактуу азиянын арстан шери.

Көрөйүн бир байкашып аны менен,
Сыналсын күчүбүздүн артык кеми.
Мухамед барбагын дейт тилимди алсаң,
Менменсип өзү келбей издеп барсаң.
Жарашпайт эр жигитке текебердик
Деп айткан элдин сөзүн оюңа алсан.
Дүбүрөп Дарыйканын чыкты данкы,
Ал кыздын көтөрүлдү кадыр-баркы.
Барганда өзүң издеп жыксан жакшы,
Кандайча сен жыгылсан болмок арты.
Дарыйка дүнүйөлүк жахан балбан,
Абайлап байкаш керек андайлардан.
Билерсиң бардык балбан жыгылганын,
Ал кызга күрөшөм деп издеп барган.
Урабас мекен үчүн ал бир сепил,
Жетпестир балким ага күчүң сенин,
Душмандар беттей алгыс кайраттуу деп,
Уккамын Дарыйканын туугаи элин.
Чыгыштан кытай калмак турат карап,
Көз салып ошол жакка туш-туш тарап.
Эли эр Дарыйка кыз шер болбосо,
Кыргыз кыпчак элдерин кетмек талап.
Барбагын тилимди алсаң койгун балам,
Тынчтыкты жакшы болот сүйсө адам.
Эр өлөт эрегиштен деген гана,
Кур намыс ойлогонго түбү жаман.
Барам дейт Аалы баатыр токтоно албай,
Атынан дүбүрөгөн корксок кандай.
Баатырлык атагымды булгаймын го,
Турбасам мен келдим деп теке мандай.
Арабдын Аалысы деп кабар берсе,
Эр болсоң күрөшкүн деп каты келсе,
Кала албайм качкан өңдүү кыздан коркуп,
Мени энди токтото албайт эч бир нерсе.
Барайын батаңды бер тууган элим,
Кыз кабылан мен көрөйүн кыпчак шерин.
Көрүүгө кумар болуп ошол кызды,
Жүрөгүм согуп турат түйлап менин.
Отурду Мухамед да ойго калып,
Аалы дейт жыкса жакшы издеп барып.
Кыз жыкса жаш балдары жетим болуп,
Чырылдап калат го деп кайгыланып.
Барбаска намыс кылат Аалы кыздан,
Качты деп ушак кылар уккан душман,
Баатырдын токтобосун билди дагы,
Баргын деп бата берди амалсыздан.
Барба деп кантип айтам балам сени,
Эл-журтун ойлой жүргүн дубаң мени.
Максатың оюңдагы орундалып,

Аман кел жолун болуп Аалы шери.
Айтылуу атагы бар ал кыз балбан,
Сезгентет кимди болсо сүрү жаман.
Аптыкпай кармашканда акыл ойлон,
Алдырат өз намысын шашкан адам.
Дарыйка шердин-шери кара кулак,
Кетпесин атагыман жаны чыгып.
Барбагын күрөшөм деп тилимди алсаң,
Көп адам алын билбей болгон сарзаң.
Торуна түшкөнүңчө Дарыйканын,
Жакшы го эл-журтуңа аман барсаң.
Кыз үчүң саятчы элем торду жайган,
Эрлердин сапаты эмес сөздөн тайган.
Балбан деп мактай бердпң Дарыйканы,
Сиз менин ким экеним билдиң кайдан.
Жолборстой Дарыйканын сүрү кыйын,
Жолобой качып жүрөт билген сырын.
Андайга эрегишип кереги эмне,
Ал кыздын түшүндүрүп айттым чынын.
Жыкканга тиемин деп жазган өзү,
Келсе деп балбан киши төрт түр көзү.
Мен келдим атайы издеп жыгайын деп,
Сүйүнчү анык болсо айткан сөзүң.
Кой балам, тилимди алып барба ага,
Жөн жеайын түшүндүрүп айттым сага.
Үйүңдө бала-чакаң калган чыгар,
Аларга убал болор ойлоп кара.
Сиз эне артык дейсиз кызды менден,
Ал өзү атактуудан кимди жеңген.
Алыстан ат арытып мендей болуп,
Айтып бер канча баатыр издеп келген.
Бир балбан келген эле пилге минип,
Салбырап эки буту сүйрөтүлүп.
Дарыйка каарланып ыргытканда,
Сөөгү талкаланды жерге тийип.
Артынан экинчи бир дөө келди,
Чоңдуктан пил көтөрбөй жөө келди.
Аны да жерге чапкан дал ушул кыз,
Чындыкты жашырбастан айттык энди.
Менменсип далай балбан келе берет,
Келгенди Дарыйка кыз жеңе берет.
Кеп бар го илгеркиден калган балам,
Тонуңду жамын деген бойго ченеп.
Колуңду сермебегин асманда айга,
Өткөөлсүз толкуп жаткан ал бир дайра.
Алыңды байкабастан барып калып,
Акыры таппай жүрбө балам айла.
Мактадың Дарыйканы дүбүрөтүп,

Мен жыксам кантер элең күчүм жетип.
Ал өзү бышып турган алма эмеспи,
Жүрбөйүн шактан үзүп кагып кетип.
Ачуум энди эне келди менин,
Сөздү кой эл күрөшөр көрсөт жерин.
Канчалык жаан* балбан болсо дагы,
Басамын суу сепкендей кыздын демин.
Айтканда ачууланып каары келип,
Бечара кемпир коркот сүрүн көрүп.
Ойлонот өз убалы өзүнө деп,
Мен мындан кутулайын айтып берип.
Көрсөттү майдан жерин кыздын курган,
Мунара ортосунда жалгыз турган.
Сага окшоп күрөшөм деп келгендерден,
Дарыйка далайынын башын жулган,
Баргын да мунарага чыгып көргүн,
Ал болот күрөшүүгө келген белгиң.
Абайла Аалы баатыр алды-артыңды,
Бир элең атагы бар балбан эрдин.
Дүнүйөгө сен жаралып болдуң адам,
Арстан деп атак алдың өскөндө анан.
Эл берген атагыңды актабасаң,
Баарынан эрлер үчүн ошол жаман.
Кыз балбан сен сыяктуу баатырларды,
Чакыртып бардыгына кабар салды.
Өзүнө эрегишкен бир катарын,
Карабай убалына башын алды.
Ал кызга керек эмес адам каны,
Балбандын балбаны анын тандаганы.
Өтүштү Дарыйканын өз сынынан,
Баатырдын сен сыяктуу келген баары.
Дарыйка бир жаралган алптын алпы,
Айтайын сага коёр кыздын шартын.
Кайткын дейт аманыңда макул дегин,
Күрөшсөң жакшы болбос анын арты.
Сен балам кармашпагын шер кыз менен
Тепкени текке кетпес ал бир берен.
Эл айткан эрегишип бекеринен,
Өтпөскө кылычыңды чаппа деген.
Өзүң бил кыздын айттым бардык сырын
Жашырбай түшүндүрдүм болгон чынын.
Кайтсаңчы аманыңда балам элге,
Көргөнчө Дарыйканын кандуу чырын.
Ракмат эскеремин эне сени,
Тапкандыр сиздей азис эне мени.
Кыз менен кармашпасам текке кетер
Тилеген эр болсо деп эне кеби.
Апалык бул сөзүңүз айткай акыл,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Чын баатыр мындай сөзгө болбойт мааКуЛ.
Качты деп кармашпасам ушак кылар,
Көз көргөн, кулак уккан алыс, жакын.
Энеке күтө турсаң сабыр кылып,
Мүмкүн ал сиз айткандай кетер жыгып.
Болбосо Дарыйка кыз жыгылды деп,
Каларсыз аз убакта кабар угуп.
Деди да кайраттанып ал арстан,
Кайтпаган эч нерседен бала жаштан.
Дулдулду бир жыгачка байлай коюп,
Чыгыптыр мунарага тартынбастан.
Арабдын Алишери алыс жерден,
Атайы балбан кызды издеп келген.
Көрүнүп мунарадан шарты менен,
Келдим деп күрөшүүгө белги берген.
Жалтанбай мунарага чыгып барган,
Ким экен кайдан келген кайсы балбан.
Эч адам күрөшөм деп Дарыйкага,
Көп болгон Самарканга келбей калган.
Кыз айтат билиш керек аты-жөнүн,
Атайы ат арытып келген жерин.
Агерде Аалы болсо көрөйүн деп,
Ойлонот карысынын айткан кебин.
Айтчы экен Дарыйка кыз кары-жашка,
Өзүнө жакын жүргөн акылдашка.
Бир гана күрөшпөгөн Аалы калды.
Балбандын барын жыктым андан башка.
Ошентип турган кезде мунарадан,
Көрүндү чыгып турган жалгыз караан.
Жиберди бир кишисин билип кел деп,
Коркпостон мага келген кандай адам.
Ал киши Аалы шерге келди дагы,
Көргөндө калтырады коркуп аны.
Заарын бетине алып турган экен,
Ачуулу көз кызарып тээп каны.
Кантмекчи келген киши калды шашып,
Калтырайт Аалы шердин сүрү басып.
Жолугуп сүйлөшө албай баатыр менен,
Алдына Дарыйканын барды качып.
Кыз айтат коркуп качтын мынча неге,
Көзүңө көрүндүбү алда неме.
Дүйнөгө келгениңде сүйүнгөндүр,
Эркек деп сени тапкан кайран эне.
Сабыр кыл акыл жыйна аландаба,
Болдубу жан алгычтай ошол сага.
Адамбы ал отурган башка бекен.
Түшүнтүп айтып берчи чынын мага.
Түбүндө бир адам Оар дингегиңдин*
Ойлоном күчү жетпейт кимде кимдин.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Көргөндө сүрүн көрүп коркуп кеттим,
Аны мен ким экенин кайдан билдим.
Дарыйка ачууланып минтип айткан,
Корккондой ал эместир Үрстөм дастан.
Бег алган өз милдетин орундатпай,
Жигитке кандай уят кайра качкан.
Эмесе ал кишиге мен барайын,
Балбандын көргөн элем бир далайын.
Дөө болсо, башка болсо сөз сеники,
Табылар адам болсо сенин жайың.
Деп айтып токтоно албай өзү барды,
Көргөндө Аалы шерди таңыркады.
Айткандай бар экен деп араб эри,
Мурунку уккан сөзүн оюна алды.
Кыз келип салам берип кимсиз ага,
Келген жак кай уруктан ата-баба.
Угайын мүмкүн болсо жөн-жайыңды,
Сүйлөшкөн Дарыйка кыз балбан сага.
Аалыда саламына алик алып,
Кыз менен учурашты туруп барып.
Арабда Аалы деген мен боломун,
Чыгарсыз атагыма мурун канык.
Сен болсоң арабдагы Аалы балбан,
Атагың дүбүрөтүп Жерди жарган.
Жүрчү элем өзүм издеп барайын деп,
Жөнүңдү айт бул шаарга келе калган.
Дарыйка сенин жазган катыңды алдым,
Келгин деп өзүң мени кабарладың.
Агайы күрөшүүгө келдим издеп,
Эмне үчүн билбегенсип таңыркадың.
Сен өзүң Аалы болсоң жакшы келдиң,
Бири элең аты угулган балбан эрдин.
Айтылуу мактагандай мыкты болсоң,
Кана энди күчүң жетсе мени жеңгин.
Көргөмүн далай элдин балбандарын,
Билерсиң жолу болбой калгандарын.
Өзүмө теңдеш бирөө чыкпайбы деп,
Ойлонуп мен ошону армандамын.
Бактыма өзүң издеп келдиң мени,
Көрсөм деп жүргөн кезде баатыр сени.
Күчү бар кармашканда кумар канар,
Болгондой жер козголуп заман акыр.
Зилзаала* жер кыймылдап токтоно албай,
Жарылып жүрөк өлгөн толуп атыр.
Дарыйка эч нерсеге көңүл бөлбөй,
Азыркы ааламатты кылча көрбөй.
Жазганып моюн буруп качар эмес,
Жарылып жер жутса да баары бирдей.
Шаардын тамы кулап, кыйрап эли,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Анда да бошогон жок кыздын бели.
Дулдулду Аалы минип кыз керекке*,
Тартышты ат үстүнөн эки шери.
Арабдын кайраттанып Аалы эри,
Алардын ат үстүнөн сени деди.
Кыз дагы атырылат жолборс өңдүү,
Билинбейт кимисинин артык кеми.
Качырып кыз да кармайт Аалы Айдарды,
Татырлык мактаганга кыз балбанды.
Кармашкан кара кулак шерге окшогон,
Ким көргөн адамзатта мындайларды.
Акыры айбаттанып Азирет Аалы,
Жыгам дейт күчкө салып Дарыйканы,
Сакта деп элибиздин коргоочусун,
Жакасын карманышат кыздын жагы.
Кармашып ат үстүнөн канча күнү,
Кыйраган кылычтардын чыгып үнү.
Качырып сайышканда найза сынып,
Балбандар алыша албас болду түрү.
Майданга алар келип аттан түштү,
Көрбөгөн адам мурун мындай ишти.
Кармашып жөө жүрүп күрөш кылып,
Күрөшмөк артык-кемин сынап күчтү.
Ыргытат күчүн чыңдап Аалы балбан,
Кем эмес ыргытышы кыз да андан.
Канчалык кармашса да бирин-бири,
Жыргалбай бой тирешип тура калган.
Кайтпаган экөө тең эр эмеспи,
Баатырлар бири-бирине тең эмеспи.
Аалы арстан атырылган жолборс өңдүү,
Дарыйка кара кулак шер эмеспи.
Кара жер араң чыдайт жердигинен,
Баатырлар кайрат кылат эрдигинен.
Тынбастан он беш күнү кармашканда,
Балбандар чаалыкканын энди билген,
Аалынын он беш күндүк намастары,
Окулбай каза болуп калган баары.
Намастын каса болгон себебинен,
Жыга албайм энди сени деди Аалы.
Намастын мен окуюун казаларын,
Мындай иш өмүрүмдө жасабадым.
Себепсиз каза кылыш беш намасты,
Мен күткөн дин кечиргис каталарым.
Азырынча токтотолу макул десең,
Тыныгып уйкуң кандыр эс алып сен.
Баатырлар бир-бирине сөз айтышып,
Турган кез акылдашып экөөбү тең.
Эр болсоң күрөшөлү келгин кайтың,
Шылтоолоп качып жүрбө жооп айтып.

Дарыйка сени жыкпай бул күрөштөн,
Калганым жер алдында жүз эсе артык.
Ошондо Дарыйка айтат Аалы сенин,
Туура эмес айтып турган ушул кебиң.
Сен түгүл пил көтөргүс заңгилерден,
Бар бекен качкан жерим айтчы менин.
Шылтооду сиз айтыңыз намазым деп,
Адамга жакшы эмеспи чын айткан кеп.
Калп эле кайраттанбай күчүң жетсе,
Айта кой Аалы баатыр жыгылдым деп.
Мен дагы Аалы сага кумар элем,
Дагы эле тамак ичпей чыдар элем.
Арманда болбосун деп жиберемин,
Болбосо коё бербей жыгар элем.
Келейин мен да барып тамактанып,
Он беш күн уктабадым мээрим канып.
Окуда намасыңды батырак кел,
Жүрбөгүн качып кетип сөздөн танып.
Токтошуп эки жакка кетти тарап,
Аалы шер таанышы жок кимге барат.
Дулдулун турган жерден минип алып,
Бастырып жүрүп кетти тоону карап.
Жайкалган көк шиберге түштү барып,
Жуунуп таза сууга даарат алып.
Казасын намазынын окуду да,
Отурду күңгүрөнүп ойго калып.
Болсочу акыл айтар жолдош бирге,
Алымды түшүндүрөм айтып кимге.
Сактанып Дарыйкадан байкаш керек,
Балбандын балбаны экен башка түрдө.
Бир гана менин ишим кайрат кылыш,
Кантсем да күчкө салып кызды жыгыш.
Кимиси жеңер экен булардын деп,
Бүтүн эл карап турат батыш-чыгыш.
Оюна отурганда мындай келет,
Адамга акыйкаттык жардам берет.
Калыстык ким тараптан кеткен болсо,
Чынында ал жыгылат берки жеңет.
Дарыйка өз үйүнүн даамын татып,
Эркинче демин алар жыргап жатып.
Оокатым каткан токоч кайнаган суу,
Жапанда* күн өткөздүм жапа тартып.
Мекеним тоо арасы төшөнчүм чөп,
Далаанын жапай өскөн мөмөсүн жеп.
Турмушка дал ушундай моюн бербей,
Отурам Дарыйканы жыгамын деп.
Ойлонсо кыз балбандын мен коногу,
Мейманды таштап кетиш жөн болобу.
Үйүнө чакырбады кетеринде,

Кыз шердин унутканы жол-жобону.
Кармашып кайта айланып кызга барып,
Айтармын бул сөзүмдү жеңип алып.
Калыстык сөзүндү айтып кийинкиге,
Каттап кой өз бетиңе кары тарых.
Тил албай барба десе болбой келдим,
Жалтаныш жумуш эмес балбан эрдин.
Мен белем кармашуудан кайра тартчу,
Күрөшүп бак-таалайды сынап көрдүм.
Баатырга бааатыр чыгат өзү теңдеш,
Дарыйка балбан экен эч ким жеңбес.
Арабдын арстаны элем убагында,
Чениме Аалы десе душман келбес.
Муртаса бак-таалайын көргүн сынап,
Каршыңда кыз Дарыйка жолборс турат.
Милдети баатырлардын кысталышта,
Ажыдар оп тартса да кайрат кылат.
Байкап бас алды-артыңды Азирет Аалы,
Жолукту чыгыш элдин кабыланы.
Беттешкен кимди болсо тоголотуп,
Бул кыздын күчү ташып турган чагы.
Каптаган жолуктум мен катуу селге,
Токтотор кубат барбы деди менде.
Арстан деп элиң эмне атак берди,
Кайратты көрсөтпөсөн мындай жерде.
Ой басып араб элинин Аалы шерин,
Душманым аз беле дейт мурун менин.
Беттештим оозун ачкан арстан менен,
Балбандык чын сыналар ушул жерим.
Аалы дейт өзүңө-өзүң күчүң чыңда,
Элиңди сага ишенген уят кылба.
Кимибиз жыксак дагы аты калар,
Айтылып элден-элге, жылдан-жылга.
Ойлосоң асты жакта эки жол бар,
Өзүңдүн каалаганыңды сен тандап ал.
Бирөөбү Дарыйканы жыгып алып,
Бурчуна төгөрөктүн бүт кабар сал.
Болбосо Дарыйка шер сени жыгат,
Бардык эл кабарланып бүтүн угат.
Башыңдын багы качып, атың өчүп,
Элиңе душмандарың колун сунат.
Уяттын дүнүйөдөгү түгөл барын,
Артасың өз мойнуңа Азирет Аалым.
Андыктан аты чыккан Самаркандын,
Милдетиң жыгып алуу кыз балбанын.
Ошондо кыялданып Аалы деген,
Кармашкын кайта барып ал кыз менен.
Эр жигит эрөөлүүдөн каччу эмес деп,
Отуруп батып кетет ойго терең.

Кулүк ой Арабия, Самарканды,
Жол кылып бир заматта аралады.
Кандай бир кубанычтуу жүрөк согот,
Баатырдын болучудай каалаганы.
Кубанып өз оюнан Аалы балбан,
Алгансып эл-журтунан анык жардам.
Көрүнүп көз алдына элестеди,
Мекени Арабия алыс калган.
Арабдын арстаны кайраттанып,
Майданга мурунураак түштү барып,
Атактуу Дарыйканы жыгып алсам,
Болбойбу бүтүн элге жүзүм жарык.
Ошентип отурганда кыз да келди,
Ээрчитип арт жагынан калың элди.
Келдиңби качып кетмей күрөшүүгө,
Деди да Аалы шерге колун берди.
Дем алып күч жыйнадым абдан тоюп,
Оокатты кимден ичтиң кайда конуп.
Аттиң ай ачкалыктан жыгылдым деп,
Жүрбөгүн чынынды айткын арман болуп.
Мал сойдум камыңды ойлоп баатыр сенин,
Шашпастан каалооңчо ичип-жегин.
Кетерде чакырбадым үйгө жүр деп,
Катамды кечиресиз ошол менин.
Сизди уккам балбан бар деп Аалы!' деген,
Максатым күч сынашмак өзүң менен.
Ойлогун ачка менен бирдей эмес,
Тыныгып демин алып оокат жеген.
Тамакты сөз кыласың Дарыйка сен,
Ичкеним, ичпегеним экөө тең.
Адамда нысап деген касиет бар,
Аны сен билесиңби акылы кем.
Дегенде акылы кем ачууланып,
Кызарып эки көзү оттой жанып.
Эмесе өз убалың өзүңө деп,
Кармады Аалы Айдарды мурун барын.
Аалы да кайра тартпас андайлардан,
Кармашты бирин-бири эки балбан.
Казылып чуңкурайган жерге айланды,
Кадимки кыз курдурган түпсүз майдан.
Жыйналган көпчүлүк эл карап турат,
Кармаштан кабылан жолборс түргө айланат.
Булардын зардабынан чыдай албай,
Солкулдап зилзаладай жер чайпалат.
Аалы шер каарланып ошо күнү,
Көргөнгө коркунучтуу анын сүрү.
Күркүрөп бадалдагы жырткыч өндүү,
Бул кызды жыгамын дейт акыр түбү.
Кыз дагы турган кези күчүн чыңдап,

Ажыдар оп тартса да чыдап турмак.
Адамзат эч көрбөгөн мындан мурун,
Айтарлык кармаш болду анык чындап.
Акыры Аалы баатыр Дарыйканы,
Асманга көтөрүптүр үч жолу аны.
Күчүнө ыраазымын Аалы деди,
Дарыйка Самаркандын кыз балбаны.
Алардын максаттары бирин-бири,
Экөөнүн күчтүүрөк билмек кими.
Акыры байкашканда күч сынашып,
Бирине бири ылайык болду түрү.
Ошондо Дарыйка айтат Аалы деди,
Ар кимдин ылайыктуу болот теңи.
Көргөндө көзүм тоюп караанынды,
Жактыргам ошол күнү баатыр сени.
Укканда кабарыңды сенин балбан.
Тынчытпай күлүк кыял ээлеп алган.
Жүрөктүн толкунуна туткун болуп,
Жүргөндө өзүң келдин, кылдың жардам.
Алыстан атагыңа кумарланып,
Токтобой жүрөк согуп тынчымды алып.
Жүрчү элем Аалы сага жолуксам деп,
Ичимде сүйүү оту күйүп-жанып.
Сыртыңдан кайыбана* болуп ашык,
Чакырттым кат жиберип кабар жазып.
Айтылуу сынга толгон баатыр болсоң,
Ойлогом баш кошсок деп акылдашып.
Ойдогу максатыма жеттим энди,
Күчүмө сенин күчүң туура келди.
Өзүңдөй бирде-бирин таппагамын,
Балбандан жолуктуруп нечендерди.
Дарыйка балбан элең даңкың чыккан,
Элине келе алчу эмес коркуп душман.
Душмандын жүрөктөрү солкулдачу,
Менин да Аалы айдар деп атымды уккан.
Ошондой балбанданбыз сен менен мен.
Атактуу эрлерденбиз экөөбүз тең.
Максатым келгендеги ушул эле,
Сиз сүйүп баш кошолу макул десең.
Айтканың баш кошсок деп Азирет Аалы,
Айыпсыз аталардан калган баары.
Энең кыз атаң жигит убагында,
Акыры жуптуу болгон алар дагы.
Керек го жигитке кыз өзү сүйгөн,
Кызга да жигит керек баркын билген.
Өзүңдөй балбан эле башы күнтен,
Бактыма табылса деп ойлоп жүргөм.
Макулмун айтарым бар менин дагы,
Мойнумда болгон эле элдин камы.

Экөөбүз баш кошкондо мекенимди,
Кимибиз коргомокпуз мындан ары.
Кан эмес, падыша эмес, балбан элем,
Эл үчүн бар күчүмдү арнады элем.
Мекендин тынчтык үчүн керек болсо,
Ажалга алп урушуп барган элем.
Ортодо биз турабыз коңшулар көп,
Бардыгы көзүн артат Самарканд деп,
От кечип кезегинде кан шимирип,
Жүрчү элем кыз болсом да эл камын жеп.
Чыгыштан калмак карайт кайта кубам,
Бир жактан түрктөр келет найза сунам.
Душманды аралатпай мекениме,
Ыйык жер ата-журт деп кызмат кылам.
Аз элбиз кыпчак деген атчан тоодо,
Катылган каршы аттандым канча жоого.
Кан кумар издеп келген жооду кырып,
Кылычты шилтегемин оңду-солго.
Ушундай балбан элем баары сүйгөн,
Бала элем жаш кезимден эл деп жүргөн.
Дарыйка арстан деп атак берип,
Мен кылган эмгегимди элим билген.
Чакырттым балбандарды аты чыккан,
Алат деп аялдыкка мени жыккан.
Келдиң да сынга толдуң күч көрсөтүп,
Айтканың орундалат ошондуктан.
Кан энди мен сендикмин Аалы макул,
Кандайча баш кошобуз тапкын акыл.
Катташып аралашып бир жүрүүгө,
Коңшу эмес араб эли бизге жакын.
Бул элге жардам берсе сиздин араб,
Турбаспыз жардам кылбай биз да карап.
Биригип бир жакадан баш чыгарып,
Жашайлык ынтымактуу эки тарап.
Эки өлкө бир-бирине болсо өбөк,
Начарлап кыйшайганды турса жөлөп.
Алышса жетпегенин тынчтык менен,
Эл үчүн жыргал кайсы мындан бөлөк.
Акыры ушул сөзүм айтар сага,
Ынтымак эл ырысы деген кана.
Милдетин араб элдин мойнуңа алсан,
Талабың орундалат айткан мага.
Атынан арабдардын айтар кебим,
Дос туттук Азиянын кыпчак элин.
Катташып кербен жүрсүн ортобузда,
Айтарым ушул деди Аалы менин.
Аз улут Самаркандык кыпчак-кыргыз,
Силерде берекелүү жакшы турмуш.
Көргөндө кыянатсыз бейлеңерди,

Ой калды менде такыр унутулгус.
Ишенгин биздин жакка Дарыйка сен,
Араб эли бирге болот силер менен.
Айткан сөз аткарылар оозубуздан,
Балбанбыз аты чыккан экөөбүз тең.
Деди да Дарыйканын колун алды,
Экөөбү никелешке бирге барды.
Келсин деп нике тойго бири калбай,
Чакыртып элдин баарын кабарлады.
Уккандын бири калбай баары келди,
Балбандар тосуп алды келген элди.
Кыз балбан көпчүлүккө айткан экен,
Башында мен коргодум журт силерди.
Билгиле эми милдет Аалы шерде,
Бул элдин аты маалым бүтүн жерге.
Айтарлык анык балбан болгон үчүн,
Баш коштум өзүм сүйүп ушул эрге.
Көпчүлүк ыраазымын деди шери,
Урматтап сыйладыңар элим мени.
Атадан бизге калган жолуң экен,
Жат элге бүлөө болуу аял тени.
Өткөндүр билбестиктен айып менден,
Болгондур жаман сөздөр ачуу келген.
Ага-ини кечиргиле күнөөм болсо,
Сурарым акыркы ушул журт силерден.
Эл айтат акыз болобу мейли Аалы,
Ким болсо бир эмеспи бизге баары.
Азыркы кагылышкан бул заманда,
Болгону эске алынса элдин камы.
Болмокчу кандай айып бала сенде,
Эл үчүн төштү тостуң келгендерге.
Дарыйка Самаркандын коргону деп,
Атагың тарап кетти бүтүн жерге.
Ошентип чурулдашып көпчүлүк эл,
Биз сага ыраазыбыз кыз кеменгер.
Максатың орундашып оюңдагы,
Бактылуу турмуш кургун Дарыйка шер.
Кут болсун сүйгөн жарың Аалы берен,
Болгону жакшы жолдош өзүн менен.
Адамдын жашоодогу жыргалы ошол,
Табылса ылайыктуу сүйүү деген.
Сүйүүдү кадырлаган арстандар,
Тушмушту сынап көргүн даанышмандар.
Каалашып бирин-бири чын жүрөктөн,
Той берип Самарканда баш кошту алар.
Алардын баш кошушу кандай сонун,
Адамдык аткарышты анык жолун.
Шерлердин урматы үчүн күнү-түнү,
Ойнолду той үстүндө түрлүү оюн.

Отурду Самарканда эки балбан,
Аалы шер атактуу кыз Дарыйка жан.
Шаарда өтө тынчтык болгон экен,
Душмандар беттей албай баатырлардан.
Ар ишке киришишет Адыл болуп,
Ардактуу Адыл деген атка конуп.
Алардын бирге турган убагында,
Болбоптур ууру-кары жаман жорук.
Шаарга канча сонун жай салдырган,
Өнөрлүү ар бир жерден уста алдырган.
Алыстан караганга жаркыратып,
Аземдүү туш-тушунан шам жандырган.
Жаралган чебер колдон оймо-чийме,
Көргөндү таңыркаткан нечен түрдө.
Керектүү бардык буюм алдырылган,
Алыстан төө качыр артып пилге.
Ал жерге отургузган мөмө багы,
Керектүү шаар көркко жыгач дагы.
Кулпунуп жыты чыгып буркураган,
Гүлдөрү түрдүү түстө кызыл-сары.
Көпчүлүк кубанышат көрүп аны,
Ракмат шер кызга дейт журттун баары.
Экинин бири болуп атак алган,
А кезде чыгыш элдин Самарканы.
Тирилик тынчтык — турмуш бардык жанга,
Балбандар турган кезде Самарканда,
Акыйкат Дарыйка шер жүктүү болуп,
Бул кабар маалым болду ал арстанга.
Ойлонот Дарыйкадан туулса бала,
Дидарын насип кылса анын мага.
Атактуу кыпчак кызы Дарыйкадан,
Төрөлөр ал перзентти көрсөк кана.
Ошентип жүргөн кезде Аалы балбан,
Жолугат кайыбана чоочун адам.
Кат берет алыңыз деп аманатты,
Арабда Мухамметтен келген салам.
Ал катта мындай деген Аалы сени,
Сагынды туугандарың араб эли.
Ойлончу башка жактан артык чыгат,
Адамдын киндик кесип трууган жери.
Ата-журт бар нерседен сүйүктүү деп,
Канакей мурунку элдин айткан кеби.
Мекениң трууган жерди унуткансып,
Жүрүшүң ушул балам кандай деги.
Саргайып Батма күтөт алган жарың,
Сагынды Асан-Үсөн өз балдарың.
Чын эле бизди унутуп койдубу дейт,
Дубакөй арабдагы абаларың.
Дулдулда сагынгандыр араб жерин,

Ак күрүч, арпа буудай жеген жемин.
Акыйтпай жаныбарды үйрүнө кош,
Өзүң да бат келүүнүн камын жегин.
Акыры айтар сөзүм муну тыңда,
Токтолуп сен ал жерге аяр кылба.
Салам айт Дарыйкага бала берсин,
Келүүгө уруксат жок ага мында.
Ал кайта өз элине кызмат кылат,
Ойлонсун туш-тушунда душман турат.
Окустан Дарыйка шер кетип калса,
Бардыгы Самарканга колун сунат.
Кыз балбан ал шаардын чеп коргону,
Жакшы го мекен аман тынч болгону.
Туулган эл багына Дарыйкага,
Айтарлык сөзүм ушул деди ойдогу.
Аалы ойлойт эмнеликтен кылдым мындай,
Туурабы жатып алып кабар кылбай.
Айланып бул шаарга токтобостон,
Кечикпей кетейин деп энди турбай.
Дарыйка кат келиптир көргүн окуп,
Мени да күтөт экен элим тосуп.
Кайтайын ушундайда деп ойлоном,
Кана энди жардам бергин акыл кошуп.
Отурат Дарыйкага баарын айтып,
Көрүшөт насип болсо адам кайтып.
Калдым деп капаланба сен бөлүнүп,
Экөөбүз коштошолу жаркырашып.
Туулган эл багына балбан элең,
Баш коштуң насип болуп мени менен.
Жазууда көргөнүңө сабыр кылгын,
Чыдайт да бардык ишке баатыр деген.
Аманат менден калган боюңдагы,
Алтындай таберигим колуңдагы.
Жүрчү элем ал перзентти бир көрсөм деп,
Адамдын болбойт туура оюндагы.
Ат койгун эркек болсо Шахисында,
Сен болуп тарбиячы калдың мында.
Жыттай элек бала жытын балапансың,
Сүймөнчүк арта берер жылдан-жылга.
Кылычты таштап кетем балама арнап,
Кылычтай курч болсун деп бердим тандап.
Алтындан кобуу бар ал кылычты,
Тапшырды Дарыйкага кындан кармап.
Атаңдын кылычы деп айтып бергин,
Балама ошол болсун менин белгим.
Атасы баласына белги таштап,
Калтырган жолу экен го өткөн элдин.
Чын айтып убадаңды берчи гана,
Чоңойсо аман-эсен ошол бала.

Арбака атаң Аалы эр эле деп,
Жашырбай айтасыңбы чынын ага.
Баары бир айтпасаң да элден угат,
Эр жигит элин таппай кантип тынат.
Түшүнүп ата жөнүн билип калса,
Өзү да тура албастыр мында чыдап.
Жер чапчып үйрүн ойлойт тулпар дагы,
Колдогу асманды эңсейт шумкар дагы.
Арстан да өз уругун издейт экен,
Болсо да жүргөн жери Иран багы.
Сырттаны ургаачынын сен бир жолборс,
Аз күндүк сен экөөбүз болдук жолдош.
Жашынбайт ай-жылдызга деген гана,
Арстандан туулганда арстан болмок.
Ишенген шеригимсиң сен мындагы,
Ак тилек мен айткандар үмүт баары.
Көз жарып аман-эсен төрөп алсаң,
Жибергин эр жеткенде Шахисынданы.
Ал көрсүн Асан-Үсөн агаларын,
Аалынын андан улуу балаларын.
Түшүнткүн арабда деп ата-журтуң,
Мен айткан ушул сөздүн түгөл баарын.
Медина унутпасын барар жерин,
Издесе андан табат тууган элин.
Бардыгын Дарыйкага түшүндүрүп,
Аалы шер токтотту энди айтар кебин.
Ошондо Дарыйка шер кылып арман,
Кантейин кыйын болду жалгыз калган.
Амал жок элди таштап кете албаймын,
Ушундай кылмак белең Аалы балбан.
Ишенген эл-журтуңдун сага баары,
Жалгыз сен бардыгынын каалаганы.
Колуңа курал алып кайраттанып,
Мекенди коргоого кир кайра дагы.
Ойлонгун алды-артыңды Дарыйка арстан,
Силерге душмандар көп көзүн арткан.
Аларда кезин издеп күтүп жүрөт,
Кол салмак оңун тапса туш-туш жактан.
Сен баатыр милдеттүүсүң калк алдында,
Бөлүнүп элди таштап кадам жылба.
Көргөндүн жүрөктөрү солкулдашат,
Арстандай атырылып сен турганда.
Ошондо Дарыйка кыз жашын төгүп,
Жүрөктү ортосунан кетти бөлүп.
Кантейин калк ичинде сөзгө калдым,
Аалы шер таштап кеткен аруу делип.
Көнбөскө амал канча чара барбы,
Аркамдан канжар тийип жаралады.
Өпкөнүн солуганын баса турган,

Айтыңыз сизден кийин даба барбы.
Саятчы ууга чыгып торун жайып,
Кубанган куш төрөсү шумкар алып.
Адашып ал кушунан кокусунан,
Бечара калган экен күйүп-жанып.
Мен дагы саятчыдай болгонумбу,
Гүл элем буркураган солгонумбу,
Солуган ошол гүлгө суу сепкендей,
Келем деп айтасызбы болжолуңду.
Сарланып калганымбы күйүп мында,
Белчемден батып ыйлап кайгы-муңга.
Тотудай гүл бакчада сайрачу элем,
Колумда шумкар сындуу сиз турганда.
Чыдаймын жалгыз кантип сизден калып
Айтмакмын арыз-алымды кимге барып.
Кайгырып калганымды амалсыздан,
Кабарлар элден-элге кары тарых.
Адамдын арстаны элең колго тийдиң,
Кубанып кут болсо деп тилеп жүрдүм,
Акыры эки бөлүп тагдыр бизди,
Бактысыз экенимди анык билдим.
Чын болду кетмегиңиз элдин шери,
Аман жет кубанышсын араб эли.
Ойлой жүр кезегинде оюңа алып,
Армандуу алыстагы калган мени.
Аалы шер бардык жерге кабар берген,
Укканда шаар калкы бүтүн келген.
Баладай болуп калган Аалы баатыр,
Чын эле кетеби дейт биздин элден.
Аалы айтат алыс жолго сапар алам,
Силерден кетмек болдум араңардан.
Кайтайын келгин деген кабар келди,
Калгыла силер мында тегиз аман.
Туугандар сагыныптыр балдар зарлай,
Укканда кантип чыдайм элге барбай.
Кат алып, келгин деген агайындан,
Кетмегим анык болду мында калбай.
Күл шаар Самарканда турдум канча ай
Көпчүлүк кантип кетем кош айтышпай.
Колунан далайлардын даам сызып,
Силерге болуп калгам өз баладай.
Аралаш бирге жүрдүк ойноп-кулүп,
Жашадык аз да болсо дооран сүрүп.
Силерге ыраазымын өлгөнүмчө,
Сыйланган мейман болдум бир аз күндүк.
Мээрман ак көңүлдүү кыпчак элим,
Кетмегим анык болду энди менин.
Балбанга баатыр келип баш кошту деп,
Уктуңар чычалаган душман кебин.

Мен кетсем душман айтар түрлүү ушак,
Билгизбей андыгандар курар тузак.
Жалпыңар ынтымактуу бир турсаңар,
Ушагы душман элдин кетпейт узак.
Атактуу Дарыйка шер араңарда,
Жазганып душман качат бул кыз барда.
Эл үчүн эмгек кылган чын баатырлар,
Баш ийип тизе бүкпөйт падыша канга.
Ошондо чурулдашып журттун баары,
Чын эле кеткениңби Азирет Аалы.
Аалыдан Дарыйка шер айрылды деп,
Бул кыздын кубанышар душмандары.
Баш кошуп сен көөн турган чакта,
Эч душман беттей албай биздин жакка.
Алдырбас баатырлар бар Самарканда,
Атаңган ал шаар деп улуу капка.
Бөлүнөр убакты жетип журт менен шер,
Ый-чуудан кыймылдады солкулдап жер.
Муңканып музыка аспап күүп чалып,
Тыңшады кайгырышып көпчүлүк эл.
Карылар узаткандай чын баласын,
Жаштары жөнөткөндөй өз агасын.
Жазыксыз бөлүнүштү эки ашык,
Жазууга буга кандай сөз табасың.
Дарыйка кош эми деп колун алды,
Кыз дагы Аалы шерге карай калды.
Айырган Мухамбеттин каты болду,
Сүйүшүп баш кошушкан баатырларды.
Аалынын Дарыйка да кармап колун,
Аман жет арстан шер болсун жолуң.
Кантейин амалсыздан калдым мында,
Жок эле айрылууга эч бир оюм.
Батма апам, Асан-Үсөн эки балаң,
Аларга мен тараптан айткын салам.
Азырак арнап койгон белегим бар,
Алпарып тапшырарсыз өзүң анан.
Бубабыз кызым десин мени дагы,
Атам деп эскеремин өлгөнчө аны.
Арабка барып кызмат кыла албадым,
Кечирип ыраазы болсун мага баары.
Кош дешти айрылышуу болду кыйын,
Тил жетип ким салат муңдуу сырын.
Эки шер бир-биринен бөлүнүшүп,
Ат башын бура алышпайт айтсак чынын.
Аалы айтат чыгыш эли калгыла аман,
Айткыла келбегенге менден салам.
Кечкиле күнөө кылсам көпчүлүк эл,
Өткөндүр билбестиктен жакшы-жаман.
Кайгырат Дарыйка шер зарын айтып,

Кош деди Аалы баатыр бура тартып.
Айрылган ботосунан ингенге окшоп,
Буркурап келатат кыз үйгө кайтып.
Ошентип жолго түштү Аалы балбан,
Айбатын көргөн адам айран калган,
Кайран эр кеткен экен күйүп-жанып,
Амалсыз ажырашып Дарыйкадан.
Чуу деди дулдулуна камчы басат,
Мас болгон арстандай келе жатат.
Сар какшап Дарыйканын калгандыгы,
Аалыга андан бетер катты бата.
Түнөрүп кабак бүркөө кар жаагандай,
Аалыны көргөн киши таң калгандай,
Айрылып ашыгынан кеткен ашык,
Армаңда Дарыйканы ала барбай.
Дарыйка келип түштү сарайына,
Таарынып өз бактысы, таалайына.
Жолугуп эч ким менен сөз сүйлөшпөй,
Басынып чөгүп кетти паанайы да.
Сүрүнөн каттай албай элдин баары,
Кер сары сүлдөрү калып кетти алы.
Жөн жайыан Дыйканын билейин деп,
Акылгөй атам дечү келди кары.
Ал киши атасынан калган эле,
Акылдуу парасаттуу жандан эле.
Өзүнүн убагында жоо жолобос,
Айтылуу аты чыккан балбан эле.
Атам деп сыйлоочу эле Дарыска аны,
Анын да кызга тийчү жардамдары.
Атаңыз келип турат жолугууга,
Кирүүгө үстүңүзгө руксат барбы?
Дегенде карыяны келсин деди,
Кыпчактын кыз кабылан арстан шери.
Ичимди күйүп турган кайдан билсин,
Баягы Дарыйка деп ойлор мени.
Башынан ойлоп турсам багым тайкы,
Энеден туулганда болдум жалкы.
Айрылып ашыгыман муңга батып,
Акыры ушул болду иштин арты.
Ок тийген канатыма мен бир карып,
Отурам бул турмуштан көңүлүм калып.
Асманда кайкып учкан шумкар элем,
Амалсыз торго түшүп канат талып.
Ата дейт убагында жакшы келдиң,
Кызыңа алсырагам жардам бергин.
Акылы керек болду сизге окшогон,
Эл сүйгөн көптү көргөн кеменгердин.
Деди да аксакалга алын айтат,

Атасы кыздын жайын турат байкап.
Арстандай атырылган кайран шерди,
Чарчаткан таш боор турмуш абдан чайкап.
Ошондо карыя айтат балам түшүн,
Тулпарда болгон эмес туяк бүтүн.
Турмушта жолукпайбы түрлүү нерсе,
Чыдамкай эр адамдар сактайт күчүн.
Көргөнгө сабыр кылып кайрат керек,
Адамга эч жардам жок мындан бөлөк.
Жумур баш аман турса бул жалганда,
Кубаныч, кайгы, убайым барын көрөт.
Сен кимсиң арстандай эл ардагы,
Кайгырып үйдө жатса журт балбаны.
Кайраты мокоду деп сендейлерди,
Сөз кылып ушакташар душман жагы.
Душман көп алды-артыңды ойлоп кара,
Нечендер күрөшөм деп келген сага.
Талкалап баарын жыгып ыза кылдың,
Аныңды билесиңби жазган бала.
Алардын эли-журту намыстанып,
Калсак деп Дарыйкадан өчүн алып,
Алдыртан акылдашып онун издеп,
Биз жакты карап турат көзүп салып.
Жолборстой атырылып турар чагың,
Сүрүңдөн коркуп турсун душмандарың.
Досту-дос душманыңды ажыратып,
Ар дайым ойлоп жүргүн элдин камын.
Кол баштап жоого барыш милдет сага,
Турабыз орто жерде билсең бала.
Бардыгы биздин жерге кызыгышат,
Туш-тушка көңүл бөлүп байкап кара.
Коңшу көп батыш-чыгыш түрлүү жакта,
Суктанып башка эл үчүн көзүң артпа.
Тынч жаткан мекениңди коргоп кызым,
Өзүңө катылгандан кайра тартпа.
Капталда жакын турат Азган, Пери,
Олжо издеп жортуп жүргөн түрк эл ичи.
Ойлонсом ошолорду тынчым кетет,
Алардын ким билиптир кандай ичи.
Чыгышта монгол, манжа ур жана калмак,
Тынымсыз келип-кетип жүрөт жандап.
Лыпылдап ич-койнуна кирип алды,
Кетпесин куу эл эле кытай алдап.
Кытайда кызыкпагып кызыл чайга,
Адамга андай олжо бербейт пайда.
Адамдык ар-намысты сактагын да,
Ар кимге дал өзүндөй кылгын айла.
Ук балам акыл ойлоп болгун серек,
Адамдык чын сапатка ошол керек.

Досуң ким душман кайсы тааный билип,
Ар дайым алды-артыңды жүргүн ченеп.
Билгизбей душман сага тузак курат,
Кыйшайсаң ок атууга колун сунат.
Кош кылат кошоматты көзүң көрсө,
Абийир андайларда болбойт уят.
Чын досуң бир сөзүндө турган киши,
Калп айтуу куйтулукта болбойт иши.
Кыйынды жолдош үчүн көрсө дагы,
Алардын майтарылбайт эч бир мизи.
Сасыган былыңгыт* бар сазык эттей,
Кек сактайт андай киши алы жетпей.
Тур, балам, айра билгини ушуларды,
Кайратсыз кишилердей чөгүп кетпей.
Элинде ушулардын бардыгы бар,
Мындайга сергек болуп көзүңдү сал.
Атаңдын айткан сөзүн акыл десең,
Ойлонуп мен айтканды түшүнүп кал.
Колуна Аалы балбан келди кечээ,
Ким билбейт ал баатырды Аалы десе.
Кадырың өстү балам мурункудан,
Ал эрдин себебинен канча эсе.
Ойлончу кыпчак кызы Дарыйка жан,
Жолдошуң өзүн сүйгөн Аалы балбан.
Унутуп өз өлкөсү араб элин,
Ага да туура эмес го мында калган.
Белегин таштап кетти арстан сага,
Бар дешет боюңузда калган бала.
Тулпардын белгисиндей ошол туяк,
Кут болсун баары бизге нишаалла.
Дегенде Дарыйка шер турду ордунан,
Кучактап карыянын кыз мойнунан.
Кечиргин ылайыксыз иш кылыпмын,
Деди да тон кийгизди өз колунан.
Кыз балбан мурункудай курал алып,
Ат минип чекти тосуп кайраттанып.
Элигим душман кайсы баарын байкап,
Отурат туш тарапка көзүн салып.
Сурашат бири-биринен элдин баары,
Арстандын барбы дешип кабарлары.
Алыска ара жолдон аман өтүп,
Жеттиби мекенине араб Аалы.
А киши аман-эсен келе жатат,
Суу кечип, чөп аралап, ашуу ашат.
Аалынын айбатынан душмандары,
Жолобой тиймек түгүл кайра качат.
Жолугат жолдон жолборс, арстан дагы,
Ар түрлүү коркунучтуу жырткыч аны.
Тоотпой анын баарын жүрө берет,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Аалыдан ажал табат катылганы.
Дулдулга тууган жердин жете келип,
Токтобой келе жатат көп сор берип.
Жанга арнап минип жүргөн ошол аты,
Аалыга ишеничтүү болгон шерик.
Жол жүрдү бир нече күн тынбай шери,
Анда да бошогон жок аттын бели.
Көрүндү мунарыктап жүргүнчүгө,
Боз чаңгак кум учурган араб жери.
Курманын көрүнгөнүн жыгачтары,
Кубанат чаңды көрүп ыраактагы.
Көргөндө өз мекенин жүрөк туйлап,
Сагыныч Аалы айдарды чыдатпады.
Адамдыи тууган жери кандай сонун,
Бошотту арстандын бүткөн боюн.
Жеткенге аман-эсен шүгүрлүк деп,
Дубага оомийн деп жайды колун.
Канткенде кубандырбайт сүйгөн жери,
Ким болсун, кандай киши мейли деги.
Көргөндө балкып жаткан араб суун,
Болбоду кубанычтын эч бир чеги.
Энемдей эркелеткен чоң дарыя,
Аман-соо келип тура мен жаныңа.
Кандырган суусаганда алтын өзөн,
Арабдын жаралгансың сен багына.
Дал ушул ата конуш араб жери,
Көрсөм деп ашып-шашып келдим сени.
Жаралып дүнүйөгө келгенимде,
Тазарткан ушул суугa жууп мени
Сагынган эне эмчегин балага окшоп,
Келди да улуу суугa калды токтоп.
Жайдактап коё берди минген атын,
Алсын деп көнгөн чөбүн бир аз оттоп.
Кезимде балапанча өстүм мындан,
Ушул жер, ушул өзөн адам кылган.
Душмандын далайынын башын жулдум,
Алсак деп араб жерин колун сунган.
Узаткан Самарканга сенсиң элим,
Силерсиз кайдан болмок күчүм менин.
Бардым да абийирдүү кайтып келдим,
Актадым мага ишенген элдин кебин
Көпчүлүк мен кетерде берген батан,
Ойлонтту баесам, турсам мени ар качан.
Учурган ушул элдин шумкарымын,
Калтарды качырганда кантип жазам.
Дарыйка кара калтар карга ойногон,
Кабылай шер качырган соо койбогон.
Азыркы адамзаттын арстаны экен,
Ойлоном мындай баатыр эч болбогон.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Билгенге Дарыйка шер кыйын балбан,
Кармашып далай жерден намыс алган.
Көргөндө кыз балбандын күч чамасын,
Эл-журту оюма алдым мында калган.
Ошондо керек болуп жардам мага,
Арбагы колдо дедим ата-баба.
Деп баатыр ойго чөмүп отурганда,
Келди да салам айтты бир жаш бала.
Баланын саламына алик алып,
Отурду учурашып сөзгө салып.
Талаада жалгыз жүрсүң не себептен,
Кечинде түнөмөксүң кайда барып.
Кыйын го жалгыз жүрүү жаш балага,
Ушундай коркунучтуу ай-талаада.
Жээгин бул өзөндүн мекен эткен,
Эл барбы же болбосо бул арада.
Бала айтат жакын жерде биздин айыл,
Жактырып мекен эткен суунун сайын.
Далалат оокат үчүн кезип-этип,
Уу таштап балык алат мындай дайын.
Кесиби айлыбыздын балык алуу,
Азыраак бак өстүрүү, курма багуу.
Иштешип күнү-түнү тынымы жок,
Иш кылып кантсе дагы оокат табуу.
Малдан бар бир азыраак төө малы,
Күч ошол иштетебиз аны дагы.
Мени да жылаңайлак суу кыдырткан,
Үйрөткөн жаш кезимден турмуш камы.
Айлыбыз алпурушат оокат үчүн,
Таандык көпчүлүккө бардык түшүм.
Бирөөбү курма жыйнайт, бири балык,
Тапканды тең бөлөбүз элге бүтүн.
Аалы айтат жакшы болот алал кесип,
Айлынар алпурушса оокат дешип.
Адамга кандай жакшы адал иштеш,
Жатышса эмгегинен нанын жешип.
Түшүндүм туура балам айткан кебиң,
Аманбы айтып берчү араб элиң.
Чырагым билесиңби ушул жерде,
Бар эле Аалы баатыр достум менин.
Агатай достум менин Аалы дедиң,
Арабдын кара кулак арстан шерин.
Сагынган ал кишинин атын угуп,
Эриди коргошундай боюм менин.
Канткенде араб эли билбейт аны,
Кайгырат көрсө карып бечараны.
Ачканга ашын берет, тозгонго тон,
Ар дайым иштегени элдин камы.

Эл үчүн эрөөлгө чыкчу жалгыз,
Душманга жибербеген эч бир намыс.
Мекендин урабаган чеби болгон,
Көргөндөр кайратына беттей алгыс.
Ал киши алыс кеткен сапар алып,
Беттешмек элдик балбан кызга барып,
Дарыйка баатырлардын тынчын алган,
Келсин деп кат жиберип кабар салып.
Көз тутат сагынышып элдин баары,
Көп болду кеткенине келбейт Аалы.
Акыйкат ал достундун кабары ушул,
Алыста араб элинин арстаны.
Ошондой биздин элдин ал-абалы,
Бардык сыр билген ушул бала дагы.
Келет деп Аалы баатыр кайсы күнү,
Азыркы аңгеме ошол каладагы.
Деди да бала ошондо кимсиз ата?
Тарткандай жол мээнетин көрүп жапа.
Келгендей ачып-арып алыс жолдон,
Бармаксыз мындан ары кай тарапка.
Аалы айтат өзүм чарчап атым арып,
Алыска сапар тартып келдим барып.
Бүтүрүп оюмдагы мудааны,
Келаткан жолоочумун намыс алып.
Барарым алыс эмес дал ушул жер,
Атайы издеп келген силерсиңер.
Чырагым таанабадың мени байкап,
Адашкан үйүр элем мен Аалы шер.
Дегенде бала келип учурашып,
Агызып көздүн жашын суудай чачып.
Көргөндө аман-эсен шүгүрчүлүк деп,
Көңүлү көтөрүлдү көлдөй ташып.
Баладан сурап билди эл кабарын,
Балдары Асан-Үсөн, алган жарын.
Арабдын жалпы жону тынч аман деп,
Түшүнтүп айтып берди бала баарын.
Шүгүрлүк укканыма деди шери,
Кубантып жаш баланын айткан кеби
Сапааркап эл-журт үчүн келатты элсм,
Ал ойдон кутказдың го уулум мени.
Толкуган артта калып чоңдарыя,
Жанына жолдош болуп алиги бала.
Экөөбу илгерилеп жүрүп кетти,
Чаңызгып кала берди кумдуу талаа.
Айылга бала барып кабар берди,
Уккула кубандырам журт силерди
Алыска сапар кеткен Арабстан,
Сүйүнчү Аалы Айдар шери келди.
Келгени ал баладан билишти анык,

Бир-бирин сүйүнчүлөп бардык калык.
Үйүндө киши калбай келе жатат,
Аалыга жолукмакка тосуп барып.
Сагынган элин көрүп Аалы арстан,
Толкундап токтоно албай келе жаткан.
Урматтап улууларды көргөн кезде,
Шер балбан салам берди түшүп аттан.
Баш ийип карыларга колун берип,
Балдарын Асан-Үсөн аман көрүп,
Көңүлдүү бул сапардан кайттыңбы деп,
Жанына учурашты Батма келип.
Аалы Айдар ага-ини көрүп баарын,
Кубанып ыйлап жүргөн кемпир-чалын,
Жадырап баары менен учурашты.
Билгизбей арып-ачып чарчаганын.
Арабдын көтөрүлүп айчык туу
Тартылып музыканын жеңиш күү.
Шаңданган жарашыктуу дүбүрт болду,
Айтылуу белгиленген ошол күнү.
Акындар келген экен кабар алып,
Аларда түркүн-түркүн үнгө салып.
Келишин Аалы шердин мактаганда,
Кубанып тыңшап турат уккан калык.
Ошондо аксакалдар алыс жерден,
Айтышты Аалы баатыр чарчап келген
Үйүнө бүгүн барып демин алсын,
Угарбыз аңгемесин эртең менен.
Балдарын эркелетип беттен сүйүп,
Силерди сагындым деп алыс жүрүп.
Кызыгып Дарыйкага бизди ойлобой,
Келбей деп жүрчү элек дейт Батма күлүп.
Аалы да кошо күлүп Батма деди,
Кыз балбан бул заманда шердин шери.
Эгерде өзүн көрсөн сынар элең,
Жок экен өз башында кемчил жери.
Ойлончу мындан мурун ургаачыдан,
Ким болгон дүнүйөлүк атак алган.
Көргөндүн жүрөктөрү солкулдагап,
Ал өзү теңдеши жок жеке балбан.
Тарады үй-үйүнө элдин баары,
Баланын, чоңдун бөзү Азирет Аалы,
Көргөнгө аман-эсен шүгүрлүк деп,
Жакасын карманышат кемпир-чалы.
Эртеси эл чогулду Аалы келди,
Түшүнтүп болгон ишти айтып берди
Дүбүрөп дүнүйөгө аты чыккан,
Айтылуу Дарыйка кыз балбан шерди
Кыз балбан канча күнү моюн бербей,
Аалы айтат кыйналганын алы келбей.

Адамда тендеши жок балбан экен,
Алдырбас кара кулак арстан шердей.
Алыштык ат үстүнөн канча күнү,
Качырган кабыландай кыздын сүрү.
Жалындым сактай көр деп жарат: куучу,
Оп тарткан ажыдардай анын түрү.
Азыркы бул замандын балбандары,
Артык деп баа берер көрсө аны.
Канчалык коркунучка дуушар кылды,
Кыз балбан күрөшкөндө мени дагы.
Качырдым мен да качпай кайрат менен,
Өзүмдү андан артык деген элем.
Кыз менен кармашканда көзүм жетип,
Чын экен Дарыйканы балбан деген
Ал кетип андан дагы, мепден дагы,
Кармашуу кыйындады андан ары.
Балбандар эрдигинен чыдашты деп,
Көз салып байкап турат элдин баары.
Күрөштү токтоттук биз бир аз күнгө,
Экөөбүз акылдашып туруп бирге.
Бастырып тооду карап жүрүп кеттим,
Башка элде бармакчымын анан кимге.
Жалгызмын тоо арасын кылдым мекен,
Киши жок акылдашар кыйын экен.
Көргөндө Дарыйканын балбандыгын,
Ой түштү коркунучтуу нечен-нечен.
Ойлондум тагдыр кайда келген айдап,
Бермекпи капилеттен кыска кармап.
Адамга эрк бсрбеген баатыр элем,
Торуна түшүрмөкө турмуш алдап.
Сен турмуш түрткүлөбө мени жарга,
Качпасмын кармашармын жаным барда.
Аалы деп өзүмө-өзүм кайрат бердим,
Мындан да чыдагансың кыйындарга.
Жол салып нечен кыйын туюктардап,
Душмандын далай чебин бузуп алган.
Айтылуу дүнүйөгө аты чыккан,
Арабда эмес белем Аалы балбан.
Кыз турса маңдайыңда сени сынап,
Канткенде кайрат кылбай турсуң чыдап.
Кармашкын кайта барып качпагын деп,
Жүрөгүм согуп турду тыбырчылап.
Байкасам кыздын күчү улуу дайра,
Адамда Дарыйкадай балбан кайда.
Тобокел беттешейин дагы дедим,
Калган жок андан башка кылар айла.
Ошентип мурун келдим кызды күтүп,
Күрөшөр болжол кылган убакты күтүп.
Качпастан Аалы баатыр келинби деп,

Дарыйка учурашты аттан түшүп.
Майданга кыз да келди күлүп-ойноп,
Чечүүчү эң акыркы кармаш болмок.
Асманга үч көтөрүп кайта койдум,
Күрөштө күчүм ташып арбак колдоп.
Бали деп Дарыйка шер башын ийип,
Калыптыр ошол күнү мени сүйүп.
Көрсөттүм Дарыйкага кимдигимди,
Балаңар Самарканда жалгыз жүрүп.
Кыз арстан тааныштырды бүтүн элин,
Ат менен аралатып бардык жерин.
Мен өзүм никеленип Самарканда,
Арабга кыпчак кызы болду келин.
Алты айлык Дарыйкада бала калды,
Айтайын түшүндүрүп бул кабарды.
Амалсыз ажырашып ал кыз менен,
Алыска таштап келдим мен аларды.
Дарыйка никелешсе сени менен,
Жаңылбай иш кылыпсың экөөң тен.
Балбандар баш кошуптур дүнүйөлүк,
Деп айтты угуп турган көпчүлүк эл. ’
Жакшы дейт ар кимиси кылган ишиң,
Өзүңө ылайыктуу тапкан кишиң.
Ааламга аты чыккан Дарыйканын,
Аалы шер сынап байкап көрдүң күчүн.
Түшүндүк айтканындын түгөл баарын,
Кош кабат болуп калса алган жарың.
Адамга перзент деген кандай кымбат,
Дайындап айттың бекен бала камын.
Кетерде мындай дедим Дарыйкага,
Аманат боюнда калган бала.
Көз жарып аман-эсен төрөп алсаң,
Баланын тарбиясын жакшы кара.
Балама ушул болсун дедим белгим,
Ал шерге кылычымды таштап келдим.
Чоңойсо аман-эсен элди таанып,
Атандын белгиси деп айтып бергин.
Атын кой эркек болсо Шахисында,
Эр жетсе жибергин деп айттым мында.
Сен мени сыйлар болсоң жолдошум деп,
Айтылган сөздөрүмдү эки кылба.
Макул деп убадасын берди мага,
Арабда атаң бар деп айтам ага.
Баланды жиберемин деген кезде,
Ракмат Дарыйка арстан дедим сага.
Аалы шер көрүп келдиң чыгыш жернн,
Угулган алыстагы асыя элин.
Калтырбай айтып берчи кандай экен,
Самарканд аты угулган шаар жөнүн.

Элинин үрп-адаты жана салты,
Тирилик оокат кылуу чарба шарты.
Мал багуу, дыйканчылык, дагы башка,
Кай кесип кылат экен чыгыш калкы.
Самарканд сиздер айткан аты угулган,
Кан шахтын өткөндүгү бары турган.
Акыры Дарыйка шер мекен этип,
Душманга ошол жерде кылыч сунган.
Эң сулуу шаар экен жаркыраган,
Кызыгат ким да болсо көргөн адам,
Кыдырып чон шаарды көрүп жүрсөм,
Чыгыштын уста элине болосуц таң.
Буркурап туш-тушунан гүлдүү багы,
Толтура шаар нчи мөмө шагы.
Көргөндү суктандырган ал шаарды,
Айтышат жердин көркү элдин багы.
Салынган шаар өзү тоого жакын,
Ысык жок биздин жердей, аба салкын.
Атайы кайнап чыккан булактар көп,
Адамдын дарылачу ар бир дартын.
Чыгыштын ортосуда бул шаарды,
Ортосун Самарканы дешет аны.
Байтакты* борбор кылып өткөн экен,
Алардын өтүп кеткен аталары.
Бир жагы ак карлуу тоо аска жалтаң,
Ажайып сонундар бар анда барсаң.
Аңдар көп бөксөсүндө кандай кызык,
Калтарга ала барчын бүркүт салсаң.
Туйлаган тунук булак тоолорунда,
Шаркырап таза суулар коолорунда.
Жарашат жаш жигиттер суу кыдырып,
Ат менен аң уулашса куш колунда.
Жайкалган жапай өскөн тоонун гүлү,
Жери гүл чөптөрүнүн түшпөйт бүрү.
Таза аба салкын жерден орун алган,
Эң сонун элинин да көрсөң түрү.
Аялы анар беттүү кыпчак эли,
Кесел аз бардыгынын таза дени.
Ак бейиш адал өскөн шайыр мүнөз,
Адамга кыянатсыз артык жери.
Кайнаган булактары дары суусу,
Жан жыргал тер чыгарган жатса куму.
Элинин бактысына атайы арнап,
Жаралса керек дедим көрүп муну.
Шатырап элет эли тегиз атчан,
Адам аз ат минбеген үйдө жаткан.
Ичинен душман десе кайра тартпай,
Баатырлар көп чыгыптыр жоого чапкан.
Кызыгат сонун жерге душман карап,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Олжолоп алсак дешип туш-туш тарап.
Баатыр эл аз болсо да кайрат кылып,
Катылган душмандарын кайра чабат.
Батынып кыз балбанга келе албай жоо,
Келгендер кырылышып кетпеген соо.
Атаңган эл баатыры Дарыйка шер,
Урабас мекен үчүн бир аскар тоо.
Атабыз Айып өткөн ошол жердеп,
Анығын бул кабардын уктум элден.
Бар экен Айып булак кайнаган суу,
Бардым да сууну ичтим көрөр менен.
Кабары Ыдырыстын тоо ичинде,
Эстелик тургузулган ал кишиге.
Тоо-ташты кийик жүргөн мекен эткен,
Таң калдым а кишинин бул ишине.
Дыйканы талаасында пактайы айдап,
Чарбасы тоолорунда малды кармап.
Жүрүшөт мал откозуп көчүп-конуп,
Жайкысын кымыз ичип бээ байлап.
Кымызы кандай сонун бал татыган,
Айтышат сүт чыгат деп нак казыдан.
Күпүлдөп кымыз ичсе сөз көбөйтүп,
Ал өзү сүйгөп тамак эл башыиаи.
Жайлоодо чай ордуна кымыз берет,
Кайталап ичиңиз деп демеп-демеп.
Жадырап кабагы ачык шайыр мүпөз,
Эли да эң бир сонун сөзмөр келет.
Союшат кой ордуна тай-тайларын,
Чакырат мейман кылып бүт аймагын.
Жайнатып дасторконго мийва* төгүп
Чай менен кошо берет май, каймагын.
Челектей анар, кызыл алмалары,
Чөлүндө шагы ийилген жүзүм багы.
Береке агып жаткан мейман дос эл,
Союлат коон сындуу козу-улагы.
Кесиптин дүнүйөдөгү бардыгы бар,
Ар ншке ыкчыл келет жана алар.
Көргөндүн көнүлүн бөлүп суктандырган,
Тоту куш, булбул сайрап тоолорунда.
Ушундай аяк элдин үрп-адаты,
Ар жерден артык экен салтанаты.
Кылышпайт бир-бирнне кыянатты,
Ыачарга кандай дейснз маркабаты*.
Жүр десең Дарыйка айтты барар элем,
Жеткизнн кайта мени салар белең.
Оюмда ушуларды ойлоп турам,
Чын айтып жообувду берчи деген.
Меп айттым болбойт деднм Дарыйка шер,
Дагдырга баш нймекпиз экөөбүз тен.

Сен кетсең жетим болуп калар бекен,
Ата-журтун өзүн тууган мындагы эл.
Кантмекчи макул деди амалсыздан,
Батмага белеги бар балбан кыздан.
Апамдын өз колупа тапшыргын деп,
Асылдап атайы арнап тон кылгызгап.
Жакасыи жараштырып бермет жапкан,
Жакуттан катарлатып топчу таккан.
Апама жарашыктуу болсо экен деп,
Жүнүндөй тоту куштун жаркыраткан.
Кылыч бар чиймеленген алтын сабы,
Кошумча ошончолук саадактагы.
Бир кылыч бирден саадак балдарына,
Белек деп жибериптир Дарыйка апы.
Асандын атын жазган бул кемерин,
Сайдырган алтын менен куш бедерин.
Аныктап көрүп туруп сынагыла,
Ушупдай чыгыш элдин кол өнөрүп.
Көргөндүн баарын айттым Самаркандан,
Кубанып кайттым деди мен алардан.
Аалы шер сөзүн бүтүп токтоп калды,
Акыйкат кабар берип Дарыйкадан.
Ракмат дештн араб чыгыш элге,
Жашашкап берекелүү сонуп жерде.
Алкышты кайта-кайта айтып жатты,
Дарыйка кыпчак кызы каблан шерге.
Аз элден арстандай баатыр чыккан,
Беттешкен балбандардын баарып жыккан.
Ал кыздын себебинен ата-журтун,
Кыпчак деп жердин жүзү бүтүн уккан.
Алыста калып калган ошол келин,
Аттиң ай бир көрбөдүк кыздын шерин.
Ушундай арман кылды туугандары,
Укканда Аалы айдардын айткан кебин.
Айлына аман-эсен Аалы келип,
Жатышты араб элп тоюн берии.
Энди биз Дарыйкадан кабар алсак,
Ага да кези келди көңүл бөлүп.

## ШАХИСИНДАНЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Келели Самарканга кайта айланып,
Калды эле Дарыйка шер кайгыланып.
Кайгысы кубаиычка алмашылып,
Кыз балбаи уул тапты көзүн жарып.
Кубанды баласы үчүн ал бечара,

Аалы үчүп айыкты окшойт түшкөн жара.
Сүйүнчү Дарыйка шер уулду деп,
Дүрбөштү тынымы жок калаа-далаа.
Дуулдап көпчүлүк эл шаңдуу баары,
Ачылып жаркырашып кабактары.
Аалынын таштап кеткен белегн деп,
Айтышып сөз кылышат жашы-кары.
Сүйүнүү Дарыйкада болду кандай,
Кайгынын көңүлүндөгү бири калбай.
Жадырап кубангандан бою балкып,
Эриди жазгы күнү түшкөн кардай.
Кайгыга батып жүргөн Дарыйкапын,
Көңүлүн көтөрөлү дешип анын,
Төрөлгөн жаш баланын урматы үчүн,
Кыпчактар акылдашты тойдун камын.
Уккандар жактырышып ушул кептн,
Айтылып бүт айылга кабар жетти.
Уулуна Дарыйканын той берет деп,
Жаш-кары жандын баарын дүбүрөттү.
Кыпчактын чогулушуп карылары,
Барышат Дарыйкага анып баары.
Кыз менен акылдашып иигпш жайын,
Ошондо карылардын айткандары.
Чырагым Дарыйка жан сизге жакса,
Өткөзсөк бир маараке элден башка.
Аянбай колубуздан келишинче, *
Бата алып, сый көрсөтсөк кары-жашка.
Укканда кыз кабылан ушундай кеп,
Сиздерге каршы эмесмин бергиле ден.
Көпчүлүк күнү-түнү тынымы жок,
Жатышты бере турган той камын жеп.
Баланын урматына той башталды,
Жасантып жаркыратып бүт жаштарды.
Кадимки атам дечү карт кеменгер,
Кайран эр картайса да той башкарды,
Кыз айтат энди бийлик ата ензде,
Оюңа эмпе келсе баарын иште.
Жоомарттык ишиңизди көрүп кетсин,
Ар улут мейман болуп келер бизге.
Көпчүлүк айта кетсин көргөн сыйын,
Берилсин сый катары түрлүүбүюм.
Айтылып акыргача аты калсын,
Азыркы сиз башкарган ушул жыйын.
Тарады мындай кабар эл ичине,
Келсин бири калбай чон-кичнне.
Уккандар суктанышып сөз кылышты,
Кыпчактын кылып аткан бул ишнне.
Ар жакка чакыруучу кабар берди,
Уккандын бири калбай баары келди.

Чыгыштын адатынча тозуп алды,
Алдыдан ырчы чыгып келген элдин.
Байгедей келгендердин падыша шагы,
Бардыгы жолуктурду Дарыйканы.
Кубантты кут болсун деп кыз балбаиды,
Аалыдан белек калган жаш баланы.
Меймандар башка жактан келип атты,
Белегин балага арнап берип атты.
Ар элдин өз шартынча тосуп алып,
Көрсөттү кыпчак эли салтанатты.
Желектер түрлүү түстө желбиреди,
Ар элдин өзүнчөлүк белгилери.
Жүрбөсө ар бир улут башка-башка.
Кимди ким көпчүлүктө эл билеби.
Тартипти катуу койду карт той башчы,
Алыптыр ар улуттан бир жардамчы.
Булар да тойду кошо башкарат деп,
Түшүнтүп көпчүлүккө айтты жарчы.
Жиберди бирөө бегин, бирөө эрин,
Той башчы кабыл алды келгендерин.
Кандайча өткөзөбүз бул тойду деп,
Аларга акылдашты иштин жөнүн.
Беришти сыйды мурун эрге арналган,
Жалтырак жакшы буюм эң тандалган,
Ар кимге ылайыктуу сый берилип,
Адам жок бул олжодон кур калган.
Асылдаи аялдарга көйнөк тигип,
Айылдын аксакалы кетти ат минип.
Кемпирлер керегинче кездеме алып,
Уландын энчисине жорго күлүк.
Кыздарга кызыл макмал түрлүү шайы,
Келинге алгын чачпоо, упа майы.
Атайы арнап жасап баатырларга,
Жаркылдак кылыч берди күмүш сабы.
Балдарга башайыдан көйнөк, жоолук,
Белине кемер курчап канча сомдук.
Келген эл чурулдашып бата берди,
Балага бере көр деп эсен-соолук.
Сый берүү токтоду деп кабар берип,
Угуза көичүлүккө жарчы келип.
Жарчынын айткандары мындан ары,
Гойдогу тамашаны туруу көрүп.
Башталды биринчи оюн ат чабыштан,
Саяпкер табын таап жакшы баккан.
Мингизип жаш балдарды үкү тагып,
Күдүктөр келген экен бардык жактан.
Катталды тойго келген аттын баары,
Алынды ат үстүнөн жабуулары.

'Гүйүшүп куйруктарын шүйүп көкүл,
Бекитти бар шайманын жана дагы.
Чубады эл алдынан залкар күлүк,
Алдында шаңкылдашып ырчы жүрүп,
Жаш балдар ат үстүндө ойноктошуп,
Шаңданган жарашыктуу болду дүбүрт.
Башында туулгалуу бир топ киши,
Колунда жаркылдаган кылыч мизи.
Атты айдап жеткизмекчи айткан жерге,
Аларга тапшырылган элдии иши.
Көп элге күлүк берди, кетти айдап,
Ар атка түрлүү түстө белги байлап.
Ишенбес көзү менен көрбөгөндөр,
Баласы кээ бир атты минген жайдак.
Үмүгкөр ар кимиси өз атынан,
Үйрөнгөн ушундайга эл башынан.
Атагы көтөрүлмөк ал кишинин,
Элеттин аты чыкса той-ашынан.
Кечикти ат келбеди шашты калып,
Ат дакты карай берип көзү талып.
Эл дүрбөи турган кезде ат көрүндү,
Сүрөшүп келе жаткан ураан салып.
Угулган ызы-чуудан кулак тунат,
Алыстан дүбүрт чыгып үн угулат.
Чыдамсыз күтүп турган эл алдына,
Алдыңкы ат келип калды чаң буркурап.
Бир күлүк бөлүнүптүр жалгыз дара,
Чакырат өз ураанын чапкан бала.
Ар атка өз элинин атын айтып,
Кыйкырык чууга толду бүтүн талаа.
Канчалык башка аттардан мурун келди,
Таекчи* чыкты деген белги берди.
Ырчылар ат ээсин барктуусуң деп,
Ат баккан кошоматтап саяпкерди.
Сайылган баш байгеге канча кара,
Ак туйгун, алтын жамбы, акча жана.
Үй берди жасалгалуу саяпкерге,
Олжо алды ошончолук дагы бала.
Артынан аттар чубап келе берди,
Өзүнө тийиштүүсүн бере берди.
Мындай той эч убакта болбогон деп,
Ошондо таңыркатты көргөн элди.
Байгеде эмнелер жок калтар түлкү,
Асыл таш, ар бир түрлүү өлү мүлкү.
Андайда кошо сайып аң терисин,
Башынан адат болгон элдин үрпү.
Эр сайыш, балбан күрөш, башка дагы,
Ойнолду улут оюну түгөл баары.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жамбы атмай, тыйын эңмей, улак тартуу,
Оюндун боло берди башкалары.
Ырчы ырдап, бийчи бийлеп, дутар* чалып,
Наамакөй* сурнай, чертмек, кыяк алып,
Айтышып акындары эл алдында,
Кыз келин темир тилдүү комуз кагып.
Калган жок ойлонбогон эч бир оюн,
Көрсөттү куудулдар да канча сонун.
Көпчүлүк көрүп турган ошол жерге,
Бали деп мактап кетти кыздын тоюн.
Той токтоп, жалпы журтка оокат* берди,
Жасалып казы-карта эт да келди.
Ичишип суусунуна шире суун,
Артынан мейиз кошкон балоо келди.
Сый көргөн ошол тойдо элдин баары,
Баласы кут болсун деп Дарыйканы.
Иргелип башка конок болгон экен,
Аксакал ар бир элдин карылары.
Аларга атайы арнап малын союп,
Камынды кыз Дарыйка бермек болуп.
Максаты карыялар акылдашып,
Баланын кетсе экен деп атын коюп.
Ашыкпай аксакалдар оокатын жеп,
Артынан кымыз ичип канча демеп,
Аалынын айткан сөзүн билишеби,
Баланын атын койду Шахисинда деп.
Аларга киши башы берди бир ат,
Үстүнө жапкан экен ичик жанат.
Ошентип көпчүлүк эл кайткан экен,
Олжо алып оюн көрүп тою тарап.

## БАЛАНЫН БАГЫЛУУСУ

Баланын багуу жагын акылдашты,
Даяга* берилүүнү макул тапты
Ким багат Дарыйканын баласын деп,
Аялга бардык жерде кабарлатты.
Тандалган тарбиячы аял келип,
Дайындап жакшы бак деп ага берди.
Ар дайым ден соолугун жаш баланын,
Дарыкер турат экен дайым көрүп.
Тынбастан Дарыйка шер үзбөй келет,
Баланын тарбиясын байкап көрөт.
Балага эне сүтү дары дешип,
Кыз балбан келген сайын эмчек эмет.
Багылды жакшы шартта шердин уулу,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Тарады Дарыйканын ичте муңу.
Муну мен көргөнүмө шүгүрлүк деп,
Күнүнө нече марта* айтат муну.
Күн өтүп айга айланып, ай жыл болуп,
Баланын толук бирге жашы толуп
Белгилеп тууган күнүн баласынын,
Бата алды көпчүлүктөн малын союп.
Билинбей жыл артынан жылдар өттү,
Жетиге Шахсинданын жашы жетти.
Баланын түрүн байкап көргөн киши,
Тартар деп ата-энесин ойго кетти.
Арстандын баласындай айбаттары,
Ар кимден артык болду кайраттары.
Атадан артык туулду бул бала деп,
Айтышып сөз кылышат жан жактары.
Мектепке жети жашта берет аны,
Баласын байкап жүрөт шери дагы.
Баладан өзү теңдүү түрү башка,
Кубантат көрүнүшү Дарыйканы.
Закымдай өмүр жолун ылдам алып,
Сегизге Шахисинданын жашы барып.
Бир чертсе ойноп жүрүп жаш балдарды,
Чоочуткан өлөр алда талып калып.
Ошондо Дарыйка айтат Шахисинда,
Чырагым чеки болот мындай кылба.
Шаарга бала койбой кырасың го,
Каралдым минте берсең бир аз жылда.
Адамдын бирдей болбойт ойлон баары,
Балдардын ичиндеги сен сырттаны.
Өзүнөн кубаты кем торгойлорго,
Кол салбайт барчын, шумкар куштар дагы.
Ойлогун сага берди кубат кайрат,
Бактагы балдар чымчык турган сайрап.
Чымчыктай чырылдатып башын үзсөң,
Алардын ата-энеси калар зарлап.
Күчтүн бар балам билсең жумшар жери,
Ар кимдин ылайыктуу болот теңи.
Кайталап мындай ишти кылбай жүргүн,
Апам деп сыйлар болсоң уулум мени.
Дарыйка баласына акыл айтып,
Кылба деп чекилик иш энди кайтып.
Баланын жүрүшүнө чек койдуруп,
Темирдей орноп турган катты тартып.
Кабарын угуп калса атасынын,
Ата-журт арабдардын билсе сырын.
'Токтобой кетип калар жашында деп,
Айткызбай койгон экен сөздүн чынын.
Баланын он сегизге жашы келди,
Суктантып таңыркатты көргөндөрдү.

Канчалык сындан өтүп Шахисинда,
Балбандан жерге уруптур нечендерди.
Шахисинда жүрөт экен өзүчө окуп,
Жанына жолой албай балдар коркуп.
Бир күнү көчө аралап келе жатса,
Отурган кары кемпир эрмек токуп.
Жанына ал кемпирдин уулу келет,
Эненин эмгегине жардам берет.
Жолборстой жыла басып келе жаткан,
Жакындан Шахисинданы көзү көрөт.
Баласы калтырады чочуп андан,
Деп айтат коркунучтуу бала балбан.
Черткенде ойноп жүрүп далай бала,
Көргөмүн чыдай албай кулап калган.
Ошондо Шахисинда мындай деген,
Ойноого акым жокпу балдар менен.
Адамдын баласымын жырткыч эмес,
Апаңдай менин да бар тууган энем.
Чертемин теңтуштарды ойноп сынап,
Жыгылбай бир катары кетет чыдап.
Сени да сынайын деп бир чертти эле,
Быркырап баш сөөгү быт-чыт чыгат.
Баланын быркыраган башын көрүп,
Буркурап кемпир ыйлап жашын төгүп.
Көргөнчө жалгызымдын мындай алын,
Ылайык мага эле го кетиш өлүп.
Кемпирдин чырылдаган угуп зарын,
Кайгыртты көргөндөрдүн түгөл барын.
Айрылып жалгызымдан башым калды,
Акыры кандай болмок менин алым.
Күл эле жайнап турган калды солуп,
Ажалга Шахисинда себеп болуп.
Кокоюп куу жыгачтай калганымбы,
Көзүм жаш, көкүрөгүм дартка толуп.
Мен калып кулунумдан кылам эмне,
Жалдырап оокат үчүн барам кимге.
Жашоодун мага кандай кереги бар,
Жалгызым жүрбөгөн соң кошо бирге.
Болсочу мындан башка туяк менде,
Бар бекен мендей муңдуу ушул элде.
Жашатпай жаратуучу жанымды алсаң,
Кошулуп ыраазымын кирсем көргө.
Бечара кемпир ыйлап зарын айтып,
Мусапыр кандай болот менден артык.
Канчалык көз жашымды көл кылсам да,
Кулунум келбейсиң го мага кайтып.
Кучактайт өлөйүн деп ал баланы,
Ар кимдин өлө албады ширин жаны.
Канетсин картайганда көргөн уулун,

Жүрчү эле кубат кылып кемпир аны.
Кайгырбайт кантип адам болсо мендей,
Өзүңө акыл айтар адам келбей.
Карыпка жетим-жесир шапагаттуу*,
Болду эле арстан апаң качан сендей.
Ошентип кемпир ыйлап тытып бетин,
Жоготуп бир заматта акыл-эсин.
Өзүмө медер кылчу жалгызымдан,
Айырдың Шахисинда тирүү жетим.
Бала айтат апа менден айып өттү,
Амал жок балаңызга ажал жетти.
Түгөнүп ичер суу, көрөр күнү,
Кантейин мен өлүмгө себеп эттим.
Иш кылдым кечиримсиз өтөката,
Жазыксыз сиз тартыңыз кайгы-жапа.
Жеңдирип акылымды ачуума,
Ойлонуп өзүм дагы болдум капа.
Болмокчу сабыр кылгын мунун баары,
Эч кимдин мындай ишке жетпейт алы.
Өзгөртпөй өкүнгөндө күчү жетип,
Болор иш болуп калды жазуудагы.
Мен өзүм кайгырамын катты кейип,
Кошулам сиздин ыйга менда шерик.
Өлгөндү тирилтерлик амал болсо,
Балаңды алар элем башым берип.
Амал жок өлгөн адам келбейт кайтып,
Кемпирди кучактады үзүр айтып.
Өлбөстөн бул жалганда аман болсом,
Багайын балаңыздан сизди артык.
Чындыкта өз баландай болом кайдан,
Өткөнгө өкүнсөк да бербес пайда.
Алайын өз колума апа кылып,
Калган жок андан башка кылар айла.
Жана сиз тири жетим бала дедиң,
Мени да ойго салды ошол кебиң.
Кандайча жетим болдум айтып берчи,
Ким эле, кайда кеткен атам менин.

## КЕМПИР

О, балам, үзүр* айттың мени сыйлап,
Өзүңдү мен кыйналсам кошо кыйнап.
Кайгыга мага түшкөн бооруң ачып,
Асылдын апа бол деп анык чындап.
Кылмышын мойнуна алса ар бир киши,
Адамдын ошол болот кылар иши.
Күнөөңдү кечирейин күбө болсун,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Сөзүмдү угуп турган улуу-кичүү.
Сурадың ата жайын билмек үчүн,
Айтайын акыйкатын балам түшүн.
Бул сырды уулум сенден жашырылган,
Элибиз кыпчак, кыргыз билет бүтүн.
Арабдын арстаны Аалы менен,
Кармашкан кыз кабылан сенин энең.
Акыры ушул жерде никелешкен,
Сүйүшүп бирин-бири эки берен.
Сен калып алты айында атаң кетти,
Канчалык андан бери убакты өттү.
Жашында угуп калса кетпесин деп,
Жашырган сенден балам ушул кепти.
Атаңдын Арабия турган жери,
Айтылуу аты маалым эрдин эри.
Ким билбейт Аалы десе ал кишини,
Атактуу бир өлкөнүн арстан шери.
Атаңды билгиң келсе чындык ушул,
Бул жердин төрөлүп таттың тузун.
Элине атаң кайтып кеткен кезде,
Кайгырган качыргандай апаң кушун.
Мына энди сен чоңоюп болдун жигит,
Ата-журт мекениңди алгын билип.
Эртерек ата-баба элиңди тап,
Ушакка кала бербей мында жүрүп.
Оо, балам каның башка түбүң араб,
Өзүңө тууган эмес биздин тарап.
Баламдын келер кези болду го деп,
Атаң да жүргөн чыгар жолуң карап.
Дегенде күңгүрөнүп бала арстан,
Кайрылып капаланып келе жаткан.
Келди да Дарыйкага салам берди,
Апа, деп колун алып түшүп атташ
Арстан дейт айтып берчи атам кайда,
Чындыкты түшүндүрчү ушундайда.
Баары бир айтпасаң да кетип калам,
Жетмекчи мындан сизге кандан пайда.
Апамсыз мен жүрөмүн сизди апа деп,
Эч кимде айта албадым чын ата деп.
Атасын баласынан жашырганың,
Туурабы ушунуңуз бул кандай кеп.
Балага ата деген бел эмеспи,
Аскар тоо бийик менен тең эмеспи.
Айтсаң да айтпасан да көп кечикпей,
Атамды издегеним жөн эмеспи.
Ошондо Дарыйка айтат дүнүйө жалган,
Башымдан арылбады менин арман.
Тынчтыкта жаны эс алып жүргөнүмдө,
Шахисинда баштадынбы мага жанжал.

Кечээ эле атан Аалы сапар алып,
Айрылгам амалсыздан мында калып.
Кан жутуп кайгысынан күнү-түнү,
Өзгөргөм өзүмдү адам тааный алгыс.
Кайгынын жаңы унутуп түгөл баарын,
Ачылып сен төрөлүп менин багым.
Көрсөт деп жалгызымдын рахатын,
Бир гана тилөөчү элем ошол жагын.
Сөзүмө менин айткан каршы чыккан,
Көкүтүп атаңды айткан кайсы душман.
Баладан айрыйлы деп Дарыйканы,
Бири го душмандардын сени бузган.
Бул сөздү ким айтса да сага баарын,
Туура сөз түшүнткөнү балам анын.
Арабдын барып издеп таап ал деп,
Атаңдын айткан экен чын кабарын.
Тапшырып кетеринде Аалы мага,
Деди эле төрөп алсаң эркек бала.
Атамды табамын деп оюңа алса,
Издесин эр жеткенде деген сага.
Айтканым атаң сөзү балам менин,
Арабда Шахисинда тууган элиң.
Азырча күтө тургун бир азырак,
Айтылган сыйлар болсоң атаң кебин.
Түшө элек уя жүнүң балапансың,
Учууга жетиле элек кош канатың.
Эр жетсең жөнөтмөкмүн сени балам,
Тапшырып сага атаңдын аманатын.
Сен кетип жалгыз калсам ойлоп сени,
Өз апаң куса болор муңдуу шери.
'Токтой тур, кетемин деп кыйнабастан,
Канчалык эмгек кылган энең мени.
Сен жашсың күч толо элек балам ойло,
Жөнөтөм кантип анан алыс жолго.
Алты айлык эки арасы Арабия,
Канчалык коркунуч бар ара жолдо.
Айтканды акыл көрсөң Шахисинда,
Аз күнү сабыр кылып тургун мында.
Жиберем эр жеткенде эл-журтуңа,
Эч кандай бул сөзүмө кадик кылба.
Душман көп мага дагы уулум түшүн,
Жаш өттү мурункудай кайда күчүм.
Өзүңдү медер кылып жүрүүчү элем,
Кантейин ойлономун ошон үчүн.
Боюмда мен көтөрдүм тогуз он ай,
Ичимде жатчы эмессиң тынч алып жай.
Кардымды жара тээп кетеби деп,
Коркчумун Шахнсинда сенден далай.
Эмне үчүн сага айттым мунун баарын,

Билсин деп менин кылган кызматтарым.
Ата-эне бир барбана көпөлөк да,
Баланын күнү-түнү жеген камын.
Отургам узун түндө уйку келбей,
Бактырдың бардык кечти тынчтык бербей.
Эненин эмгеги күч баласы үчүн,
Баланын баары болот уулум сендей.
Ошентип баккамын мен уулум сени,
Оюнда бардыр элдин айткан кеби.
Эне-ата ыраазылык бермейинче,
Баланы бардык кезде карыз деди.
Мен сага ыраазымын кечтим сүттү,
Акыры айта турган сөзүм бүттү.
Бой өсүп эт чыңалып күчүң толсун,
Токтолуп бир азырак уулум күтчү.
Ушундай менин оюм балам билсең,
Табарсың эл-журтуңду аман жүрсөң.
Азырча балапансың темир канат,
Учарсың канат күүлөп бир күнү сен.
Түшүнүп мен айтканга кулагың сал,
Аалынын сага деген белеги бар.
Чоңойсо аман-эсен тапшыр деген
Аманат атаң берген кылычын ал.
Деди да Дарыйка шер берди аны,
Калтырган балама деп Азирет Аалы,
Белеги бешенесин жаркыратып,
Көңүлүн көтөрдү окшонт Шахисинданын.
Бала айтат ыраазымын апа энди,
Дал ушул мага арналган калган белги.
Атамды жашырат деп оюмдагы,
Ачуунун келип турган баарын жеңди.
Бар күчүм бала эмесмин толдум эми,
Атамды издей турган келди жөнүм.
Уяттуу намыс бар жигит болсо,
Унутат кантип анан эли-жерин.
Ата-эне эл-журт деген кандай сыймык,
Асмандан өзү түшпөйт адам ыргып.
Ким болсун эмгек кылган ата-эне бар,
Айтылган ушул сөзүм анык чындык.
Адамдын аты чыгат ата менен,
Улук сөз кандай бийик ата деген.
Коркпоңуз коркунучтуу ара жолдон,
Ата үчүн кыйындыктын баарын жеңем.
Туулгам ата-эне эл-журт үчүн,
Сарп болот алар үчүн бардык күчүм.
Токтоого элди таппай эч оюм жок,
Зыянкеч тосо берсин жолду бүтүн.
Дүйнөгө мен жаралып келген күнү,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Мезгилдин мейли күнү мейли түнү.
Эркек деп айткан кезде боюң балкып,
Кубанткан дарылдаган бала үнү.
Кубанып сиз эмеспи уул тапкан,
Өзүңсүң тарбиялап мени баккан.
Уулуңуз кут болсун Дарыйка шер,
Келгендир далай киши туш-туш жактан.
Ошентип сиз кубанган бала эр жетти,
Бир катар өзүңүздөн сындан өттү.
Уруксат берип апа жөнөтүңүз,
Ойго алдым ата деген азиз кепти.
Барам деп кыйнай берди Дарыйканы,
Канчалык мыкты балбан болсо дагы
Жаш бала кетемин деп элин издеп,
Кайран шер ой-ойлонуп жабыркады.
Кантейин кайда барсам жолум туюк,
Кайгырам кан жутамын тартам күйүт.
О тагдыр, менден дагы бөлмөк болдуң,
Отурган перзентимди жыттап сүйүп.
Чыдаймын амал канча ал өкүмгө,
Чынында мындай ишке жок өкүнүү.
Болор деп жазуудагы жазылганы,
Аалыңын кайрат кылат тул жесири.
Атанды издемекчи болдуң бала,
Барба деп кантип айтам уулум сага.
Атаңды таап алып аман-эсен,
Жыттагын ата жытын мээрим кана.
Тулпардай дүбүрт уккан токтоно албай,
Издеген өз үйүрүн арстандай.
Баланын азыркы ою ата журту,
Токтобой кетмек болду мында калбай.
Ойлонуп Дарыйка шер кайгыланып,
Отурат төмөн карап башын салып.
Элжиреп эт-жүрөгү күйүп жанат,
Кол салып суугандай бирөө алып.
Дагдыр сен тебелединң мынча неге,
Калтылдап сууда турган болдум кеме.
Калгандай бул турмуштун тепкисинде,
Кылмышым кай жеримден болгон эле.
Мынчалык мени басып тебелединң,
Кайгыны мага деген ченебедиң.
Жүрбөсөм бала сүйүп же жар күтүп,
Дүнүйөгө керегим бар эмне менин.
Кантейин бардыгына көндүм чыдап,
Көз жашым ага берсин болуп булак.
Бет алган талабыңдан кайтарбайын,
Аман жет жолуң болуп баргын чырак.
Баланын түрүн көрүп Дарыйка шер,
Кана энди эмне дейсиң көпчүлүк эл.

Барсын да аман келсин деген чуудан,
Жарылып кете жаздап солкулдап жер.
Комдогонгон арстандай күңгүрөнүп,
Баланын колун алат шери келип.
Бар балам эл-журтуңа салам айт деп,
Дарыйка узатты уулун жооп берип.
Кош, апа, келбей калсам сүтүңдү кеч,
Өзүңдү унутпаймын өлгөнчө кеч.
Атамдын жүзүн көрүп элди тапсам,
Келермин кайта айланып болорбуз кез.
Аман бол өскөн элим туулган жерим,
Кечкиле күнөөм болсо өткөн менин.
Өстүргөн алпөөчтөп мени сыйлап,
Кадырлайм ар убакта кыпчак элин.
Назилим араб экен атам Аалы,
Түшүндүм бул чындыкты энди жаңы.
Унутпай эскеремин силерди мен,
Калганча жүрөгүмдүн кашык каны.
Самаркан өзүм тууган бул калааны,
Жанымдай жакшы көрүп жүргөм аны.
Таштадым амалсыздан айла канча,
Сүйгөндүк ата-журтту мунун баары.
Жаш бала кайраттанып апа деди,
Жаныма жакыныраак келчи бери.
Кайратсыз кишилердей жашыбастан,
Жаркырап ойноп-күлүп узат мени.
Эл сизге кабылган деп атак берген,
Сүрүндү көргөн душман коркту сенден.
Атайы алыс жерден издеп келип,
Арстан атам Аалы никеленген.
Жаралган экөөбүздөн болсом балаң,
Жолумду кантип тоот душман анан.
Жакшы кал кайраттанып өзүң мында,
Жазганын мен көрөрмүн жакшы, жаман.
Кайтпаган эч нерседен атам Аалы,
Энем шер чыгыш элдин кабыланы.
Кантип мен бет алгандан кайра тартам,
Алапдын тээп турса таза каны.
Издеген элди тапсам аман барып,
Кубансам азиз атам колун алып.
Сагынбай апа мени күтө тургун,
Келермин эки-үч жылда кайта айланып.

## АТАСЫН ИЗДЕП, АРАБ ЭЛИНЕ ЖӨНӨШҮ

Кош деди Шахисинда кетти жүрүп,

Алыптыр жоо жарагын, атын минип.
Бел байлап тобокел деп жалгыз чыгып,
Жаш бала келе жатат ойноп-күлүп.
Тобокел жолго чыкты жалгыз өзү,
Төрт болуп элин ойлоп эки көзү.
Туз буйруп аман-эсен бир көрсөм деп,
Баланын ата-журту айткан сөзү.
Келатат ара жолдо арып ачып,
Суу кечип, чөл аралап, ашуу ашып,
Жазганбайт эч нерседен шерди уулу,
Нечен бир коркунучтуу жолду басып.
Жолугат жырткыч, аңдын нечен түрү,
Ажыдар, жолборс, кабылан жаман сүрү.
Жолоочу тоотпостон анын баарын,
Жол тартып келе жатат күнү-түнү.
Ээн жер эл жүрбөгөн мазандаран,
Шахисинда келе жатса жүрүп аран.
Бадалдын арасынан бакырышып,
Кол салат коркунучтуу жапайы адам.
Астында жулунушуп балбандары,
Жыгач-таш колдоруна алгандары.
Атылат жаа мисал курал менен,
Кыйкырып чуу салышат калгандары.
Ошондо Шахисинда саадак алат,
Качырып душмандарын кайраттанат.
Кыйратып кылыч менен бир катарын,
Кээ бирин былчылдатып жерге чабат.
Аларда качырышат демеп-демеп,
Кырылса арт жагынан дагы келет.
Канагат кармаш болуп бир нече күн,
Күч менен каракчы элди араң жеңет.
Аларда чын эле адам ууру кары,
Далада чогулушуп анын баары.
Карактап өткөн-кеткен жолоочуну,
Аткарып жүрүшүшкөн кызматтары.
Калын чер-токой ичи карагай тал,
Канчалык коркунучтуу айбанат бар.
Качырса оозун ачып эчки-маары,
Оп тартып ышкырышат ажыдаарлар.
Ойлонот Шахисинда ата-энем,
Аларды дүнүйөлүк балбан деген.
Туулгам мен алардан бала болсом,
Канткенде кармаша албайм булар менен.
Аалынын алыс калган Шахисиндасы,
Астында куштай учуп минген аты.
Дал тийип аткан огу чапкан кылыч,
Кыйратып душмандарын кан жалатын.
Зыяндуу адам заттын душмандары,
Кайраттуу баатыр болсоң качат баары.

Качырып канын суудай чачкан кезде,
Сулады каршы-терши жыландары.
Эшектей эчки марлар* оозун ачкан,
Баланын кылычынан ажал тапкан.
Ажыдар ала салып оонап атат,
Оп тартып жутмак үчүн келе жаткан.
Оңойбу жол азабы жаш балага,
Бир канча мээнет көрдү эки арада.
Кармашып канча жырткыч каршы чыгып,
Азабы аз болгон жок бечарага.
Боло албайт мага тоскоол жырткыч аңдар,
Кооптуу коркунучтуу башка жандар.
Жалтанып эч нерседен кайра тартпас,
Шерлерден мага оошкон таза кан бар.
Көрсө да канча кыйын жол азабын,
Өзүнө бактылуу дейт бул сапарын.
Жолуккан душманынан качар эмес,
Айтылуу баласы да Муртазанын.
Атасы ойго түшсө кайраттанат,
Боордош араб элин оюна алат.
Атамдын колун алып мен уулуң деп,
Айтарлык күн болсо деп атаганат.
Үстүмө жүк артылды көтөрө алгыс,
Машакат кандай сапар ойдон калгыс.
Жүрбөгөн адам басып аттын изи,
Жол кылдым токой черди өзүм жалгыз.
Мээнетим кайтар бекен ушул кылган,
Ажалга алпурушуп каршы турган.
Адамга ар кандай иш жолукпайбы,
Өтөйүн деп ойлонот ушул сындан.
Чыдаймын бардыгына атам үчүн,
Азаптын арта берсин жүгүн бүтүн.
Душмандар келе берсин каршы чыгып,
Жаралган казат үчүн менин күчүм.
Араб эли алыс экен издегеним,
Кантсем да таап алыш оюм менин.
Ата-журт мекен сага кызмат кылбай,
Карызыңдан кутуламын кантип сенин.
Жаш бала ушуларды ойлоп туруп,
Келатса илгерилеп камчы уруп.
Аңкыган атыр жыттуу чөбү гүлдүү,
Жолугат кенен жайлоо суу тунук.
Ал жерге Шахисинда түшүп аттан,
Дем алып оокаттанды бала арстан.
Ошентип отурганда көрө калды,
Жолоочу жалгыз киши келе жаткан.
Жакындап келе жатат ошол караан,
Байкаса аксакалдуу кары адам.

Астынан тосо чыгып кол куушуруп,
Шахисинда ызат кылып берди салам.
Ал киши саламына алик алып,
Байлады карыянын атын барып.
Бул жерге отуруңуз атаке деп,
Көрсөттү көк шиберге чапан салып.
Бала айтат Мединага бармак элем,
Токой чер келе жатам тоо-таш менен.
Кез-кезде аман калам кайрат кылып,
Качырып жайнап чыгат душман деген.
Коркунуч токтото албайт жолдон мени,
Максатым издегеним араб эли.
Аксакал балаңызга жардам берип,
Түз жолун көрсөтсөңүз келсе жөнү.
Чарчадым өзүм жашмын атым артып,
Ата дейт турган кезим канат талып.
Жолумдан канча душман каршы чыгып,
Каржалдым күнү-түнү уруш салып.
Дегенде карыя айтат уккун балам,
Кылбагын бул сапардан көңүлүңдү алаң.
Медийна барып-келип жүргөн шаар,
Милдетти адаштырбас мойнума алам.
Аттанып жолоочулар кетти жүрүп,
Аттарын отко койгон кайта минип.
Азабын жолдо көргөн айтып берди,
Шахисинда карыяга түшүндүрүп.
Чырагым эр жигиттин андай иши,
Мисалы уйкудагы көргөн түшү.
Башынан жаш кездеги өткөндөрдү,
Унутат акырында бардык киши.
Сен дагы унутасың мунун баарын,
Кармашкан каракчы адам жырткыч аңын.
Азапты мурун көргөн оюңа албай,
Ойлойсуң убагында жашоо камын.
Турмушта мээнет-дөөлөт бирдей шерик,
Кезинде бири кетсе бири келип.
Адамдык чын сапатың ошол болот,
Жолуккан кыйындыкты кетсең жеңип.
Сен жашсың көзүң көрөр балам баарын,
Турмуштун ачуу-таттуу татып даамын.
Туруктуу бардыгына жигит болсоң,
Ошондо булгабайсың элдин наамын.
Элим деп алыс жерден издеп келдиң,
Арада канча мээнет азап көрдүң.
Кажыбай келатканың кайрат кылып,
Сагынткан касиети балам элдин.
Чырагым эрдин эри элин сүйөт,
Ата-журт мекенинин баркын билет.

Кээ бирөө өз башынын камын ойлоп,
Курсагы тойгон жерде жүрө берет.
Балбан эр, уста, күлүк, чоң баатырлар,
Жаралат журт багына дешет алар.
Бардыгы эл атагын чыгарат деп,
Айтылып өткөн элден калган кабар.
Сен баатыр ата-журтту тапсаң аман,
Карызыңды калк алдында аткар анан.
Тартынбай мекенине кызмат кылса,
Кадырды элдеп табат деди адам.
Атаңды, энеңди да балам уккам,
Баатырлар бүтүн жерге аты чыккан.
Көтөрүп таш түшсө да таалайыңа,
Чыдашка милдеттүүсүң ошондуктан.
Ушундай жаш балага акыл айтат,
Бала да кары сөзүн турат байкап.
Кезинде ат чалдырып ара жолго,
Тынбастан күнү-түнү садар тартат.
Чаалыгын келе жатса алар араң,
Артынан жете келет эки-үч адам.
Абышка жөнүңдү айткын токтогунда,
Ким болор жаныңдагы бу жаш балаң.
Кайсыл жер жолоочулар барар жериң,
Уругуң ата-баба тууган элиң.
Өтөт деп биздин жолдон уруксатсыз,
Сурайбыз ошондуктан аты-жөнүң.
Демитет карыяны келди дагы,
Коркутат көзүнө илбей Шахисинданы.
Булардын  бей тартибин көргөн кезде,
Эриксиз ачуу басты жаш баланы.
Ким керек тарткыла дейт аттын башын,
Арабда атам Аалы, Шахисинда атым.
Адепсиз сүйлөйсүздөр атырандап,
Сыйлабай аксакалдын улуу жашын.
Карыга орой сүйлөш кандай айып,
Кардыңды жиберсемби жара сайып.
Шахисинда ачууланып кайткыла дейт,
Өзүңөр боло электе менден майып.
Биз эмне уурубузбу малыңды алган,
Салгандай ушунчалык тоого жаңжал.
Жол тосуп токтотосуң уялбастап,
Силерге карыз белек бербей калган.
Улуу жол жүрө берет бардык киши,
Кимдин бар жолоочуда кандай иши.
Көзүмө көрүнбөстөн жоголгула,
Башыңды кырка электе кылыч мизи.
Келгендер кеп айта албай калды туруп,
Кайрылды кетмек үчүн атын буруп.
Агерде эрегишсе бул жаш бала,

Алардын алган турат башын жулуп.
Амалсыз алар калды, булар кетип,
Карыя түшүндүрдү түрлүү кепти.
О, балам, байкадыңбы алигилер,
Ичине сактап кетти деди кекти.
Чырагым сен булардын билсең жайып,
Арабга башы күндөп душман айыл.
Өткөндү каракташып талап алып,
Жол тосуп шимшилешип жүрөт дайым.
Кыйналбай бекер олжо тапсак дешет,
Алдамчы бузукулар баары кесеп.
Арабдан колго тийсе бирөө жарым,
Шиш менен сайгылашып тилин кесип.
Алар бир ырайымсыз жаткан айбан,
Заардуу жылан өңдүү уун жайгап.
Арабга душман болсоң келгиле деп,
Жүрүшөт жардам издеп алда кайдан.
Билинбей жардам берип түрткөндөр бар,
Ошого ишенишип жүрөт алар.
Ар уят адамдыкты унутушкан,
Тынчтыкка коркунучтуу бузукулар.
Булар бир тукурганга кеткен малай,
Аткарат айткандарын жан аябай.
Тынч элге бүлүк салып жерди тепсеп,
Кан аккан жазыгы жок далай-далай.
Айбандай жортуп жүргөн балам түрү,
Өлүмтүк издегендей күнү-түнү.
Адамга ойлогону кыянаттык,
Арам эт жеген өңдүү көргөн күнү.
Ар дайым сенин атаң издеп келип,
Колуна жазаларын кетчү берип.
Аалынын баласы деп атыңды угуп,
Алардын жансыздары кетти көрүп.
Катылат булар сага камынып ал,
Жардамсыз мен жолдошуң бир картаң чал.
Душманга төштү тосуп каршы чабат,
Эр жигит намыс билген кайраты бар.
Арстан арабдагы атаң Аалы,
Чыгыштын кыз балбаны энең дагы.
Кайрат кыл көргөндөрүң эчтеке эмес,
Турмуштун энди түштү чын салмагы.
Ата, дейт илгерилеп кеткин ыраак,
Бул жерде тура албассыз деди чыдап.
Кетпеймин бир көрөлү эмне болсо,
Артыкпы сенден жаным менин чырак.
Коюңуз сиз жашаган кары адам,
Бул согуш кан жыттанган аты жаман.
Жүрө бер жол арбытып мени байкап,
Артыңдан кууп жетем болсом аман.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Тапшырдым жаратканга бабам сени,
Издеген насип болсун атаң жери.
Жашымды мен жашаган сага берсин,
Аядың карыя деп балам мени.
Аңгыча ат минишип, төө минип,
Артынан бир катары жөө жүрүп,
Келатат Шахисиндага каптан душман,
Жаш баатыр тоотпостон турат күлүп.
Арабдын башы күндөн душман элин,
Талкалап кыйратайын бузуп чебин.
Алпарган атам менен эл-журтума,
Белегим ошол болсун деди менин.
Бул элге көрсөтөйүн ата күчүн,
Чурулдап келе берсин баары бүтүн.
Эмизген эр болсо деп күнү-түнү,
Апамдын актар кезим эмген сүтүн.
Душмандан апам качан качкан экен,
Энем шер Дарыйка кыз арстан экен.
Опоңой ара жолдон кармап алар,
Баланы каракчылар тапкан экен.
Баатыры өтүп кеткен мурунку элдин,
Үрүстөм Салдын уулу балбан шердин.
Эр бири жолуңузду жолдоюн деп,
Душманга жалгыз турган балан менмин.
Оюнда келаткандай Аалы баатыр,
Дарыйка кыйкыргансып уулум качыр.
Шахисиндаң карап турбай душманыңа,
Салгын деп айтышкандай заман акыр.
Үрүстөмдүн чокморундай пилди чапкан,
Өз колу болгон өңдүү нече батман.
Күч-кубат пайда болуп денесине,
Качырды душмандарын жаш арстан.
Кыйкырын эрөөлгө чык деп бирден,
Келатат бир баатыры пилди минген.
Экөө качырышып сайышканда,
Анысы тоголонуп түштү пилден.
Экинчи жана артынан бири келди,
Кармашып Шахисинда дагы жеңди.
Көргөндө баатырлары жыгылганын,
Жабылтып жаш балага каптатты элди.
Шумкардай таан көргөн барк-барк этип,
Токтобой бала арстан келди жетип.
Мисалы карга тепкен ылаачындай,
Аларды кууп кирди бириндетип.
Баланын бирөөсүндө түрлүү жарак,
Бир кезде кынабынан кылычты алат.
Аралап анделекти үзгөн өңдүү,
Баштарын оңду-солду кыя чабат.
Артынан саадак алат — кээде найза,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Тон этип тоголонот бала сайса.
Барчындай асмандагы аңды көргөн,
Качырат душмандарын кайта-кайта.
Аларда карап турбай кылат айбат,
Алсак деп жаш баланы кармап-байлап.
Кан агып суу ордуна меймилчектен,
Майдан жер карсылдашып жатты саңдап.
Найза жеп жаш баланын акты каны,
Ачынып согуш кылды кайта дагы.
Кырылып душман жагы чыдай албай,
Уруштан сүрүлүшүп качты баары.
Качкандын кай жеринде таасир калат,
Бытырап тарап кетти каршы тарап.
Кыйратып жооду жеңип кубангандан,
Артынан карыянын бала барат.
Душмандын талкаладым ата баарын,
Менин да денемде бар жараларым.
Тазартып сууга жууп жараатты,
Дарылап токтотуңуз аккан канын.
Болмокчу жолоочуда кандай дары,
Берилди Шахисиндага колдо бары.
Дарылап таза жууп жол үстүндө,
Жол тартты ал экөө андан ары.
Калды деп жалгыз жоодо ойлоп сени,
Турганда кубандырдың келип мени.
Укканда баа берер эрдигиңе,
Тууганың Медийналык араб эли.
Актадың ата карызын, эне сүтүн,
Эр жигит ушундайга жумшайт күчүн.
Абийрп алып чыктың бул уруштан,
Чырагым ата-энеңди тарткан үчүн.
Жеткизсин уулум сени талабыңа,
Аман жет ата-журтуң арабыңа.
Каракчы канкорлорду кыйратты деп,
Тарыхтын атың түшөр барагына.
Табылып издегеним жолум болуп,
Жаркырап турган кезим көңүлүм толуп.
Аксакал эмгек менен жеткиздиңиз,
Жол жүрүп мээнет тартып бир ай толук.
Кыйналып келатканда көзүм жаштап,
Бактыма кошулдуңуз жолду баштап.
Ата дейт сиз ээрчитип келбегенде,
Бул жерди кыйын экен мага тапмак.
Жакшылык кызматыңыз бүт оюмда,
Кыл аркан чирибейт дейт эр мойнунда.
Кайрырмын карызымды бир күн сизге,
Кара жер тартпай турса өз койнуна.
Максатым ушул эле ата менин,
Атайы издегеним тууган элим.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Көп тартып жол азабын ачып-арып,
Акыры аман көрдүм Араб жерин.
Боордоп ата-жургум каным бирге,
Алыстан келип турам мен силерге.
Укканда жүрөк түйлап сагындырган,
Атам бар Аалы баатыр ичиңерде.
Чырпыгы мен чынардын алыста өнгөн,
Чоңойдум тарбия алып башка жерден.
Арабдын бир баласы Шахисиндамын,
Атайы эли-журтун издеп келген.
Кубанып токтоно албай издеп келдим,
Канчалык ара жолдо мээнет көрдүм.
Акыры уруш кылып күчтү жумшап,
Арабдын душман элин жолдо жеңдим.
Ошол мен издеп келген атам кана,
Медина алар турган ушул кала.
Деп айтып Шахисинда келе жатса,
Күрөшүп жаткан экен бир топ бала.
Ичинде ал балдардын Азирет Аалы,
Башка элден канчалык бар жана дагы.
Балдарды күрөштүрүп ойнун көрүп,
Кызыгып тамашада турган баары.
Атасын кайдан билсин келген бала,
Айтпаса тааныштырып бирөө ага.
Оюнга жаш дегендер кандай ынак,
Кайрылып токтой калды тамашага.
Күрөшкөн он жети экен бала саны,
Катарлаш Шахисинданын теңтуштары
Улуубу Асан-Үсөн, Анапия,
Аалынын бардыгы тең өз балдары.
Алардын оюндарын сынашканы,
Арстандын балдарындай түгөл баары.
Көргөндө андайларды кантип токтойт,
Арабдын жаңы келген жаш арстаны.
Аалыга бир жаш бала жакын келип,
Урматтап кол куушуруп салам берип.
Ата дейт уруксат берсең күрөшөйүн,
Келди элем бул балдардын ойнун көрүп.
Кубантты күрөшөм деп айткан кебиң,
Күчтөн күч күрөш сынайт артык-кемин.
Жазганбай кармаша бер булар менен,
Бардыгы өз балдарым балам менин.
Макул деп бала түшүп келди басып,
Жалтанып калар эмес кайра качып.
Тулпардай дүбүрт уккан токтоно албай,
Унутту келатканын арып-ачып.
Баланы байкап Аалы турат сынап,
Жалтанбай бардык ишке кайрат кылат.

Арстандай айбаты бар кимдин уулу,
Ажыдар оп тартса да турар чыдап.
Аалы бир сынчы эмеспи көптү көргөн,
Чын калыс кара кылды жара бөлгөн.
Артык деп Шахисиндага баа берет,
Балбандын бардыгынан өзү көргөн.
Ар жердин жолуктурдум далай эрин,
Талкалап душмандардын буздум чебин.
Качырган кара кулак кабылан өңдүү,
Адамдын ким көрүптүр мындай эрин.
Жаш экен темир канат бардыгы орто,
Теңелбес эч бир адам күчү толсо,
Аттиң ай менден кийин ордум басар,
Мураскор артымдагы уулум болсо.
Деп ойлоп отурганда бала келип,
Баарына учурашты колун берип.
Таң калды көрүп турган элдин баары,
Арстандай жаш баатырдын сүрүн көрүп.
Жалтанбай бала келди күрөшөм деп,
Турбайбы токтоно албай күчү демеп.
Кана энди мени менен күрөшүүгө,
Коркпогон балбаныңар келгиле деп.
Биринчи Асан келди мурун чыгып,
Ойлонуп жыгамын деп кайрат кылып.
Акыры Шахисинда үч айлантып,
Асанды койгон экен жерге жыгып.
Артынан ачууланып Үсөн келген,
Канткенде жыгылды деп акем сенден.
Канчалык эл балбаны болсоң дагы,
Кана энди кутулуп көр бала менден.
Кармады Шахисинда дагы барып,
Жолборстой атырылып кайраттанып.
Кыла албайт эч бир айла жаш балага,
Жыгылды Үсөн дагы ала салып.
Көргөндө жыгылганын агаларын,
Агызып Анапия көздүн канын.
Кармашып жаш балага күчүн жумшап,
Кыйратмак кабырганын жулуп барын.
Бир четте Аалы айдар карап турат,
Балдары жыгылышып болду уят,
Кантсе да бала эмеспи көрүп туруп,
Ичинен каарданып намыс кылат.
Коё бер Анапия начар бала,
Кармашып күчү жетпейт анын сага.
Кайтпаган эч нерседен балбан болсоң,
Күрөшкө чыгарсынбы балам мага.
Ата дейт айнышпайлы айткан сөздөн,
Ийменип турат элем өзүңүздөн.
Кандайча жыгылсаңыз болор экен,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жыгылсам уяты жок деди сизден.
Кармады Аалы баатыр күчүн жыйнап,
Жерге уруп жаш баланы уят кылмак.
Былк этип койгон да жок Шахисинда,
Атасы ыргытса да анык чындап.
Көрдү элем далай балбан мурунтадан,
Чоюндай козголбогон кандай адам.
Деп турса Шахисинда ыргытты эле,
Аалы шер барып түштү беш он кадам.
Ошондо ачууланып Аалы баатыр,
Болгондой жер силкинип заман акыр.
Тура алгыс адам чыдап айбатына,
Качырып Шахисинданы келе жатыр.
Балада качар эмес Аалы шерден,
Жазганбай каршы басып а да келген.
Качырган карт кабылан, жаш арстан,
Сыяктуу көрүнүшөт эки берен.
Энем шер, атам баатыр Азирет Аалы,
Айтылуу бул замандын балбандары.
Коюңуз, мага алыңыз жете койбос,
Алардан мен жаралгам таза каны.
Дарыйка менин апам ургаачы арстан,
Кармаштан бул сыяктуу качан качкан.
Коркпосон келгин ата мен жыгармын,
Болсоң да жаан балбан Үрстөм дастан.
Баласы мен арстан Аалы шердин,
Балбаны Дарыйка адам чыгыш элдин.
Эч кимдин күрөшкөндө алы жетпес,
Туулган экөөнөн бала менмин.
Аалы айтат Дарыйка чын балбан элең,
Жолугар күн болобу сени менен.
Ракмат айтканымды аткарыпсын,
Эр жетсе жиберемин деген элен.
Укканда Шахисинданын айткан кебин,
Уулум Дарыйкадан тууган менин.
Баламдын аман-эсен келгени үчүн,
Тон бериаң чаңдатайын араб жерин.
Мен болом Аалы деген атаң сенин,
Тууганың ушул турган араб элиң.
Апаңа аманат деп таштап кеткем,
Белегим болуш керек сенде менин.
Дегенде бала берди кылычты алып,
Көргөндө өз кылычын тааныды анык.
Жыкканың Асан-Үсөн агаларың,
Аларга үзүр айткын уулум барып.
Билбестик бардык ишти чаташтырат,
Болор иш болуп калды кандай кылат.
Атама, агаларга колум тийди,

Деп ойлойт мындан артык барбы уят.
Ата-эне ыйык мазар балдар үчүн,
Бала деп алар жумшайт бардык күчүн.
Атамды көрөр менен тооп* этпей,
Караймын энди кантип деди жүзүн.
Ойлонтуп күлүк кыял алды тырмап,
Иш өттү өзүн-өзү бекер кыйнап.
Буларды энди көрбөй качайын деп,
Карайды Шахисинда анык чындап.
Кетейин деп ойлонот ушул жерден,
Уялып бетин басат турган элден.
Алыста ата көрбөй жалгыз жүрүп,
Тартипсиз өсүптүр дээр мени көргөн.
Деди да көрүнбөйүн, жоголоюн,
Бул жерде калсам ушак сөз боломун.
Алыстан ата-журт деп келген элем,
Ким билди мындай кырсык иш болорун.
Дагдыр сен дал ушундай кылмак белен,
Айрылып калышмакпы ата-энем.
Балалык милдетимди аткарбадым,
Бир жүрүп баш кошушуп алар менен.
Атайы издеп келип алыс жерден,
Ата-журт мекенимди жаңы көргөн.
Аларга кызмат кылар кезегимде,
Таш боор турмуш дагы бөлдү элден.
Амалсыз кетмек болдум зарлай-зарлай,
Энеме жол караган кайтып барбай.
Алдыңда жүрүп кызмат кыла албадым,
Карызыңдан кутуламын ата кандай.
Энди мен кала албаймын чыдап мында,
Кеткенге сизден качып айып кылба.
Акыры кандай болмок жаш өмүрдүн,
Байланган тегирмен таш болдум кылга.
Кош элим уялгандан кеттим энди,
Калган жок атымды айтар менден белги.
Сагынып издеп келем тууганым деп,
Таштадым амалсыздан араб элди.
Ошентип бура тартып качты бала,
Арабда көтөрө алгыс кайгы, санаа.
Кетирбей кармагыла баланы деп,
Кыйкырык чууга толду бүтүн далаа.
Артынан Асан-Үсөн кууду аны,
Кошулуп келе жатат Аалы дагы.
Алардын куугандагы максаттары,
Кетирбей кармасак деп Шахисинданы.
Жакындап куугунчулар жетип калды,
Астына Аалы арстан мурун барды.
Шерменде мени атама көрсөтпө деп,
Ошондо качкан бала оюна алды.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жалынам жараткуучу жерди жаргын,
Кара жер каткын мени койнуңа алгын.
Өлүмдөн уят күчтүү деген кана,
Чыдадым бардык ишти мойнума алдым.
Сар какшап келе жатса бала качып,
Көрүндү караңгы үңкүр оозу ачык.
Токтобой бала ичине түшүп кетти,
Куугунчу кала берди чала басып.
Үңкүргө Аалы келсе түбү терең,
Амалсыз карап турат балдар менен.
Билбестен атасына колу тийип,
Уялып жерге кирди кайран берен.
Аалы айтат тагдыр мени табалады,
Жүрөктү ок тийгендей жаралады.
Калтырбай күч жумшасам бул үңкүрдөн,
Уулумду аман-эсен ала аламбы.
Жок бербес караңгы жер катты бекем,
Кайрылып каралдымды көрөр бекем.
Көз жашка көлдөй аккан карабаган,
Таш боор турмуш деген ушул экен.
Атам деп азап тартып ал бечара,
Көргөндүр канча мээнет эки арада.
Ойлогон максатына жете албастан,
Армандуу кетпедиби кайран бала.
Дүнүйөгө жаңы келип көзүн жарып,
Белине кайрат курун бекем чалып.
Ата-журт араб элин табайын деп,
Алыстан келген экен сапар алып.
Ойлонсом Шахисинданы күйөт ичим,
Тагдырдын ким кааласын мындай ишин.
Уядан жаңы учкан балапанга,
Каалады жай болсун деп үңкүр ичин.
Турмуш сен боору таш зулум белең,
Уулумду түшүрдүң го орго терең.
Сырттаны Дарыйкадан жалгыз туума,
Бир жүрсө болбойт беле мени менен.
Бук болот баласы үчүн кайгы тартып,
Дүнүйөдө кыйын барбы мындан артык.
Амалсыз чыдайсың да айла канча,
Колуңдан күчүң жеткис алса тартып.
Онтодум ок тийгендей жүрөккө мен,
Айрылса ата-энең экөө тең.
Ойлонбой ошолордун көз жаштарын,
Кантейин карга түштүң Шахисинда сен
Дарыйка уулун ойлор жолун карап,
Кечиксе айы-күнүн түгөл санап.
Жете албай максатына бала арстан,
Ойлонбос жер жарыкта жалгыз калат.
Кандай жан кыз балбанга кабар кылат

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Бул сөздү түрү суук кантип угат.
Шахисинда чыкпас жерге түштү десе,
Кайран шер турар экен кантип чыдап.
Эр эле кайрат кылар күтүп турар,
Киши эмес кепин кийген үмүт кылат.
Акыры келбеген соң күңгүрөнүп,
Турмуштун тепкисине көнөр чыдап.
Жаңылыш Үрүстөмдө бир иш болгон,
Тааныбай өз баласын өзү сойгон.
Мен дагы таанын/бастан тынарымды,
Чын эле качырдымбы бүгүн колдон.
Кырк күнү көтөрүптүр уулун дастан,
Уктабай, тынымы жок эс албастан.
Каяктан тирилмекчи өлгөн киши,
Акыры ажыраган кайран арстан.
Амалсыз кете берген уулун таштап,
Кыдырып тоо-таш безип көзүн жаштап.
Кокустан болгон ишти түшүнсүн деп,
Калтырган кары тарых бизге каттап.
Кантейин менин уулум тирүү калдың,
Бактыма туш келгенин үнкүр кардын.
Калды деп Шахисинда жер жарыкта,
Унутпай тарых муну каттап алгын.
Деди да Аалы баатыр кайра тартын,
Келатат ара жолдо зарын айтып.
Качырган өз колумдан бала шумкар,
Туурга конбойсуң го энди кайтын.
Араб эли аза күттү, күйүп ага,
Бардыгы кара киймин кийди жана.
Музыка муңдуу күүн чалган кезде,
Медина күңгүрөдү улуу калаа.
Мейли энди алар калсын антип анда,
Келели Дарыйка шер кыз балбанга.
Бала үчүн кайгырары ата-эненин,
Бул өзү маалым чыгар бардык жанга.
Жыл өттү бир эки үч катарланып,
Дарыйка уулун ойлойт күйүп-жанып.
Өлбөсөм эки-үч жылда келемин деп,
Баланын энесине айтканы анык.
Болжолдон кечикти го уулум менин,
Билбеймин тапты бекен тууган элин.
Болду го жолу болуп аман көрсө,
Атасы Арабдардын Аалы шерин.
Ара жол коркунучтуу кум чөл, талаа,
Кетти эле элин издеп бир жаш бала.
Жете албай максатына калдыбы деп,
Апаңдын жүрөгүнө түштү жара.
Же менде боордош жок тууган бирге,
Алымды айтмакчымын энди кимге,

Күйүтү жалгызымдын ичимди өрттөп,
Кайгырып кан жутамын ар бир күндө.
Мен жалгыз — менден туулган бала жалгыз,
Арабыз алыс болду каттай алгыс.
Сарлантып мени таштап кеттиби деп,
Күн санап уулун ойлойт эр балбан кыз.
Бу кезде сыртым бүтүн ичим түгүн,
Калган жок муун бошоп алы, күчүм.
Зыркырап эмчек сыздап, жүрөк өйкөп,
Ким күйбөйт ичтен чыккан баласы үчүн.
Күйүткө туушар болдум мынча неге,
Мен болдум бактысы жок муңдуу эне.
Ичинсн күйүп-жанып жүрсө дагы,
Сыртына чыгарбады кайран эме.
Билгизбей күйгөндүгүн эч кишиге,
Кайгыны камап алды бүт ичине.
Басайып маанайы мурункудан,
Көп анча аралашпайт эл ичине.
Дарыйка жүдөп кетти уулун ойлой,
Кечикти баласынан дарек болбой.
Калганы Шахисинданын жер жарыкта
Акыры кабар болду чындык койбой.
Эл угат кыз балбанга айтпайт аны,
Чоочутуп албайлы деп Дарыйканы.
Кандайча угузабыз деп ойлошуп,
Акылды токтото албай жүрөт баары.
Акыры акылдашып кыпчак эли,
Угузуп айтыш керек кызга деди.
Болгонун болгонундай түшүнтөлү,
Ылайык ушу го дейт иштин жөнү.
Жөнөштү Дарыйкага карыялар,
Ичинде атам дечү аксакал бар.
Жашынып жатпайт дешип жамандык сөз,
Чындыгын айтмак болду кызга алар.
Аксакал карылары түгөл барып,
Алардын учурашты колун алып.
Отурду карыялар алаксытып,
Балбанды ар бир түрлүү сөзгө салып.
Кексе чал күтүп туруп кезегинде,
Сөзүм бар Дарыйка жан айтар менде.
Жашыңдан ата-журттун намысы үчүн,
Тартынбай кызмат кылдың ушул элге.
Өзүңдө убайым көп турам көрүп,
Сен үчүн кайгырамын жашым төгүп.
Кайгыны сага түшкөн эли-журтуң,
Амал жок кетсек дешет баары бөлүп.
Айтайын амал канча кызым сага,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Атам деп алыс жолго кеткен бала.
Барыптыр аман-эсен Медийнага,
Артында чатагы бар уккун жана.
Оо, баатыр арстан элең кайратың бар,
Айтайын уулуңуздан чындык кабар.
Арабдар айрылыптыр ал баладан,
Бизге жакын эмес издеп табар.
Билбестен атасына колу тийип,
Жыккан агаларын кийин билип.
Чыдабай уятынан качып барып,
Кетиптир бир үңкүргө тирүү кирип.
Анык сөз ушул болду ал баладан,
Көтөрбөйт башка түшсө эмнени адам.
Чын сөздү болгонундай түшүнтпөсөм,
Канткенде ата болом сага балам.
Чырагым ушундайда кайрат керек,
Сабыр кыл ал өзүңө пайда берет.
Үңкүрдөн Аалы баатыр ала албаптыр,
Биздин да колубуздан эмне келет.
Кайгыдан ойлон кызым болбойт жардам,
Ким болгон өткөн ишти кайрып алган.
Бир гана үмүт кылар жери турат,
Ал бала кепин кийбей тирүү калган.
Жаман сөз, түрү суук бул кабарды,
Айттырды картайганда амал барбы.
Силердин дөөлөтүңдө жыргар чакта,
Менин да жүрөгүмө ок кадалды.
Көтөрөт башка түшсө жакшы, жаман,
Андыктан бардык жандан азиз адам.
Артың күт караңгынын жарыгы бар,
Кайгынын кубанычы болор балам.
Дегенде кыз кабылан Дарыйка шер,
Былк этпей угуп турду кайраттуу эр.
Жазганы таалайыма ушул чыгар.
Деди да сабыр кылды ал кеменгер.
Сабыры сары алтындай Дарыйка кыз,
Таштадың балам мени кантип жалгыз.
Айрылдың Шахисиндадан деген кабар,
Сөз эле укмак түгүл оюңа алгыс.
Жан башка чыдадым да амал канча,
Жер эмес күчтү жумшар чарчаганча.
Жалынды күйүп турган көрөр эле,
Ичиме ар бир киши көзүн салса.
Кантейин медер кылган жалгыз уулум,
Кабарын жан чыдагыс уктум мунун.
Калдайып калк ичинде көрүнсөм да,
Чынында адам сындуу сүрөт турум.
Ага-ини ыраазымын силерге мен,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кайгырып кошо турат көпчүлүк эл.
Энемдин эт жүрөгүн эзейин деп,
Күйүткө туулдуңбу Шахисинда сен.
Элим бар айрылсам да жалгызымдан,
Калайык аман болсун ушул турган.
Шумкарым алтын боолуу колдон качып,
Мен муңдуу бул турмушка моюн сунган.
Азапка тууса керек энем мени,
Кайгысыз күнүм барбы жүргөн деги.
Жабыкпай жакшы жүр деп бул жалганда,
Турмуштун кубандырган аз го жери.
Баланын баркын билер тууган эне,
Бөлүнүп боор эттен чыккан эле.
Канетсин амалсыздан сабыр кылып,
Калдайып чыдап турат кайран эме.
Адамга бала деген кандай таттуу,
Бүт жандын кими сүйбөйт мындай атты.
Ок жеген арстандай алсыратып,
Кайгысы Шахисинданын катуу батты.
Кулпунуп гүлдөп турган бала убагың,
Жаңы өскөн кырчын талдай жаш курагын.
Жайкалган гүлдү казан урган өңдүү,
Болдубу жалпы өчкөндөй шам чырагым.
Бактымды тиреп турган устун кулап,
Укканда жарылгандай болду кулак.
Кантейин кан жөткүрүп күнү-түнү,
Каран түн каптап турат убап-чубап.
Ошентип ойлой берди Шахисинданы,
Алсырап күндөн-күнгө кетти алы.
Келгенге кыздын жайын билели деп,
Кыйналган кыз балбандын айткан зары.
Көпчүлүк мага ишенип курал бердиң,
Кызматты колдон келген иштеп келдим.
Ат минип колго жарак алган күндөн,
Аткарсам ишеничин элдин дедим.
Ага-ини айтканымды уккун баарын,
Акыры мындай болду менин алым.
Бир кезде окко чаап төштү тосуп,
Эл үчүн мейли дедим чыкса жаным.
Эл менен эр кишинин аты чыгат,
Элине эрдин эри кызмат кылат.
Шериңер кара кийген жалгыз үчүн,
Калайык энди кантип чыдап турат.
Сиздерге эң акыркы ушул кебим,
Болгула мага ыраазы өскөн элим.
Эскерип каралдымды күнү-түнү,
Милдетим аза күтүү болсун менин.
Керээзин айткан өңдүү Дарыйка элге,
Калайык ыраазымын мен силерге.

Сиздердин жардам кылган себебинен,
Атагым дүбүрөдү бүтүн жерге.
Кечкиле күнөөм болсо деди шери,
Коштошуп ошондогу айткан кеби.
Кайран шер ушул алга туш болду деп,
Кызды аяп кыйналышты кыпчак эли.
О тагдыр, боору таш ырайымсыз,
Кечеги жоо жолборс шер балбан кыз.
Комдонгон арстандай капастагы,
Турмуштун тепкисинде калды жалгыз.
Ар дайым жалгыз уулун ойлоп жүрөт,
Зыркырап эмчек сыздап, туйлап жүрөк.
Көргөнгө кыздын түрү аянычтуу,
Бир жүргөн кыбыраган жандуу сүрөт.
Тургузду Самарканга бир эстелик,
Уулумду жүрөйүн деп мен эскерип.
Баласы ал күмбөздө жаткан өңдүү,
Ар убак турат экен анда келип.
Күмбөздө күңгүрөнгөн кыздын үнү,
Отуруп аза күтөт ар бир түнү.
Саргайып сакбарандай* солуп кетти,
Күлгө окшоп газан урган күздүн күнү.
Бу жалган кимдерге дейт опа кылган,
Жазыксыз далайларга колун сунган.
Эч адам кутула албайт деп ойлонот,
Артыңдан кууп жүргөн ажал шумдан.
Ажалга төшүн тосот келсең келгин,
Коркпостон сени күткөн балбан менмин.
Бала үчүн күйүп-жанып жүргөнүмчө,
Энчилүү мен табайын үйүн жердин.
Былк этпей күттү барын пилдей чөгүп,
Саргайып алдан тайды жата берип.
Артынан баласынын кошо кетти,
Кезектүү ага дагы ажал келип.
Дарыйка балбан эле жандан башка,
Айрылып андан эли көзү жашта.
Баласын каман чалып таштаганда,
Барчын да урган дешет өзүн ташка.
Кайгырып ата-журту тууган эли,
Жок болуп жоо жолобос балбан эри.
Ошентип кайтпас сапар алган экен,
Кыпчактын кыз арстан кеменгери.
О, жалган эмнелерди кылбадың сен,
Атактуу дүнүйөгө Дарыйка шер.
Көзү ачык бу жалгандан өтпөдүбү,
Шахисинда сырттан уулу экөө тең.
Баланы ата-энеден ажыратып,
Чыгарбай караңгы үңкүр алды катып.

А десе, дем ордуна жалын чыгып,
Дарыйка өтпөдүбү муңга батып.
Баш кошпой ата-бала жана эне,
Кандай күч муну кылган кандай неме.
Угалгыс адам чыдап бул дастанды,
Чаки атам толук жаз деп айткан эле.
Жазганым ал кишинин айткан кеби,
Айтылып аталардан калган деди.
Баары эле толук мага айгып берип,
Жазбасаң карыз болосуң деген жери.
Өзүмө устат сөзүм милдет билип,
Жаш кезде жалкоолонуп качып жүрүп,
Аксакал афу этип кечире көр,
Бул ишке отурамын кечтеп кирип.
Аткардым убадамды сизге берген,
Баасын күтүп турам окуучу элден.
Кара сөз казал болуп атың калды,
Арбагың ыраазы болсун ата менден.
Баланын насип этсин рахатын,
Ар кимге угузбасын жаман атын.
Акыркы ушул тилек орундалсын,
Мына энди тамам болду жазган катым.

## К. АЛИМАНОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

Түшүндүрмө сөздөр текстеги маанисине карай берилди

| | |
|---|---|
| Мирисин | - ийнин. |
| Казам (касам) | - ант. |
| Тосоттоп | - курчоого алуу, чалгындоо, күтүү. |
| Кызасынын (кысса) | - адабий жанр, аңгеме, жомок, ыр, баян |
| Азап (казап, хазан) | - муздак жел, күзгү муздак жел уруп солуган гүл сыяктуу. |
| Санги (занги) | - жырткыч кебетеленген, каардуу күчтүү адам |
| Жаан | - чыгаан. |
| Диңгегиңдин | - мамы. |
| Зилзала | - жер титирөө. |
| Керикке | - носорог. |
| Жапанда | - жат жерде. |
| Кайыбана | - каймана, көрбөй туруп. |
| Кобулу | - алтындын буусу менен коолдолгон орнамент, оюу (продольная выемка желобок). |
| Былыңгыт | - сасык, (бузулган тамак-аш, же... эт). |
| Байтакты (пайтахтуу) | - ак сарайлуу, башкаруучу бийлиги бар. |
| Мийва | - мөмө жемиш. |
| Маркабаты | - райымдуулугу. |
| Таекчи (даекчи) | - чабылган атты коштоп, сүрөп жүргөн киши. |

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

| | |
|---|---|
| Дутар | - эки кылдуу музыкалык аспап. |
| Оокат | - тамак. |
| Марта | - жолу. |
| Үзүр | - кечирим сурадың, башыңды ийдиң. |
| Эчки марлар | - ач кемер (крокодил). |
| Тооп | - сыйынуу, таазим кылуу. |
| Сакбарандай | - өңдөн азып, санаа тартып. |
| Сарсаң | - сары санаа. |
| Дулдул | - Аалы пайгамбардын минген аты, чаалыкпас күлүк ат. |
| Камал | - камоол, тосмо. |
| Наамакөй | - казалчы. |
| Дая | - бала багуучу аял (нянка). |
| Шапагаттуу | - кайрымдуу, шарапаттуу. |
| Насили | - теги, заты. |
| Мазандаран | - чөлдүн аты. |
| Медина | - Мухамед пайгамбар туулган шаар, ыйык жер. |

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# МАЗМУНУ

«КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНЫН АЙТЫЛЫШ, ТАРАЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ ........................5
КЫЗ ДАРЫЙКА (К. ОРОЗОВДУН АЙТУУСУНДА) ....................................................................13
КЫЗ ДАРЫЙКА..........................................................................................................................14
К. ОРОЗОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР ..........................................................................................................................29
„КЫЗ ДАРЫЙКА” (К. АЛИМАНОВДУН АЙТУУСУНДА)....................................................................31
КЫЗ ДАРЫЙКА..........................................................................................................................31
ДАРЫЙКАНЫН АТАСЫ КАТЫРАҢ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК ..................................................36
ТҮРК ЭЛИНИН КЫРГЫЗ-КЫПЧАККА БАСЫП КИРИП КЕЛИШИ..........................................41
КАТЫРАҢДЫН ӨЛҮМҮ ...............................................................................................................44
ДАРЫЙКАНЫН БАШЫНАН ӨТКӨРГӨН АҢГЕМЕЛЕРИ ...............................................................46
ШАХИСИНДАНЫН ТӨРӨЛҮШҮ.....................................................................................................79
БАЛАНЫН БАГЫЛУУСУ ..............................................................................................................83
КЕМПИР.......................................................................................................................................86
АТАСЫН ИЗДЕП, АРАБ ЭЛИНЕ ЖӨНӨШҮ ...................................................................................91
К. АЛИМАНОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «КЫЗ ДАРЫЙКА» ПОЭМАСЫНДА КЕЗИККЕН СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР .........................................................................................................................109